Топчугүл Шайдуллаева

# АКЫЛКАСАС



Топчугүл Шайдуллаева

# АКЫЛКАСАС

*Аңгемелер жыйнагы*

«Бийиктик»
Бишкек – 2008

УДК 821. 51
ББК 84 Ки 7-4
Ш 17

Шайдуллаева Тончугүл.
Ш 17 Акылкасас: Аңгемелер жыйнагы. – Б.: Бийиктик, – 2008. 192 б.

ISBN 978-9967-13-386-0

Колуңуздардагы жыйнак жазуучу Тончугүл Шайдуллаеванын бешинчи китеби. «Акылкасас» топтому жазуучунун колому чыкка, он нуска алтымыш аңгемесин камтыйт.

Ш 4702300100-08

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978–9967–13–386–0

© Шайдуллаева Т., 2008.

рып ыйлагандан уялып, көзүнөн аккан жашты эч кимге көргөзбөй, үнсүз, колу менен алмак-салмак сүртө берди. Бул кыз он жашка келип үйгө ушунча көп суу алып келген эркекти биринчи жолу көргөн эле. Булардын үйүндө апасы экөөсүнөн башка эч ким сайга суута барбайт. «Водовоз» айдаган жигитти жакшы көрүп калды, кийин да көпкө дейре ал жигит кыздын эсинен чыкпай жүрдү.

«Водовозчу» болсо күн сайын машинесине суу толтуруп жатып, канал бойлоп чуркаган жылаңаяк кызды сөзсүз эстеп алат.

*12. 11. 2001.*



ИНН 00909201410021
№ 25320
ород БАТКЕН шаары

# КАРА ТУМАН

Тоо тараптан каптаган калың туман заматта айыл ичин караңгыга бөлөп койду. Күүгүмгө чейин али көп убакыт бар экенине карабай, чар тарап кадимки коюу түн койнуна кирип калды. Ушундан улам жоолоп кирип келген бу кара туман тоо түбүндөгү айыл жашоочуларын бир топ эле коогалантты. Дүйнө-ааламды караңгылык каптагандай дем кыстыгып, жүрөк кысылып бушүркөгөн эл кыштын күнкү кычыраган аязга карабай, үйүнөн сыртка чыгып, андан чоң көчөгө агылып жарык издеп... анан калса электр тогу да өчүп калыптыр. Бир үзүм бүлбүл жарык таппай кары-жаш, бала-чака чуру-чууга түшүштү. Келме келтирип, кудайга тообо айткандар, мал-жандыктын мөөрөгөнү, иттердин үргөнү кобөйдү. Капилет түшкөн караңгылык баарын сокурга айландырып койгондой болду.

Кыштактын капортосунда үйү бар, жалгыз бой, эки козу азиз келин гана караңгыдан чочуган жок. Колу менен адатынча сыйпалап жатып темир керебетин тапты да, анда салынып кечке жыйылбай жаткан төшөккө кирип кетти. Ага баари бир эле. Бала-чакасы эмес, эшигинде үрүп чыгаар ити да жок. Адатынча дем кысылткан караңгылыктан жакшылык тилеп уктамай болду. Бирок уктай албады. Кара туман, эрте түшкөн түн жөнүндө элдин чуру-чуу түшүп жатканын көп деле этибар алган жок. Бир гана чочуганы ар күнү эл жаткандан кийин коюу түндү абийир тутуп, түн жамынып келип кетчү кошуна аксак жигит туманды түнгө

алмаштырып келип калбагай эле. Түн киргичекти али көп бар. Азиз келин оюн ары-бери жыйгычакты ичинен жабылбаган эшик кычырай ачылып, караңгыда көрүнбөгөн бироонүн бери карай басканы угулду. Жакындаган сайын өзүнө сиңген жыт, кулагына уюган дабышка окшобогон кадамдан чочуп өйдө боло берген келин алсыз үн катты:

– Эргеш, сенсиңби? Эрте келдиң го, абайла, мен төшөктөмүн.

Бул үн бери келе жаткан жанды тык токтотту. Бул кошуна жашаган Эргештин аялы Сайра эле. Ал оюнда эч нерсе жок, бу сокур кошунасынан шириңке сурап келген. Саамга катып калган келин эсине келе, арыберини аңдай сала жаны кашайды.

– Кайсы Эргеш!? Менин эримби!? Ал сага түн ичинде келип жүрөбү?

«Оо, шорум, мунун тапканы ушул көр экен да!» Сайра эмне үчүн келгенин да унутту, караңгы түндү да, үйдө тамак күтүп отурган балдарын да унутту. Көкүрөгүн тилип өткөн ачуу сезим, боюнан ылдый эңшерилткен бoштук кулагын чуулдатып, жүрөгүн дүкүлдөтүп, оозу кургап чыкты. Аксап баскан араң жан эрин бирөөгө барат деп, болгондо да ушул көрк кебетеси жок сокурга барат деп түк оюна келбептир. Төшөктө беймаал жаткан сокур келин эсин жыя ордунан тура калды. Анын да абалы оңой болбоду:

– Сайра, Сайраш, сен белең!?... Башка кеп, сөз оозуна келбеген келин темир керебетинде катты да калды.

Сайра көр келиндин кайсы жерде жатканын да көргөн жок, ага бир ооз сөз да кайырбады. Аткан бойдон үйдөн чыгып кетти.

Беймаал көөдөй караңгылык алып келген туман Сайранын көзүн ачып койду, ачпай калсын, аны бактысыз кылып койду. Караңгыда кайсалап жанында турган үйүнүн дарбазасына жеткенче муздак тер чеке-

ошон ылдый куюлду. Дарбазага жеткен соң, аны ачып киргенге шайы жетпей, башын жыгач каалгага жөлөгөн бойдон шолоктоп ыйлап кирди. Бу учурда аздан жоо туман таркап, айлана жарый баштаган. Бир маалда чочуп кеткен келин эки жагын карана өйдө болду. Чын, күйөөсүн капа кылган учурлары көп эле болгон. Кээде тоотпой, теңсинбей, айтканына көнбөй дегендей, бирок анын жаздыгын аттап, бирөөгө кучагын ачкан эмес. Сымбаттуу, алты саны аман аялын бу чолок минтип кордойт деп ким ойлоптур. Ысык нан жапса, жакшыраак тамак бышырса балдарынан берип жиберген, байкуш, бечара деп аяган бу сокур келиндин жоругу жанына батты. Азыр барып жаткан жеринен муунтуп өлтүрүп салгысы келди. Көрсө, эри тамаркага суу коем деп, же мал-жанга чөп салам деп түн ичинде тез-тез жоголуп жүргөнүнө көп болгон, канча жыл экенин да билбейт. Эки козу, сопсоо эки буту бар туруп чак түштө алданып жүргөнүнө арданды.

Сайра үйүнө киргенде кадимкидей туман кетип, айлана жапжарык боло түшкөн, батыш жактан батып бараткан күндүн бозомук нурлары көрүнө баштаган. Бирок алааматтай болгон бул күн бир үйбүлөнү чырга толтуруп, бир керилген сулуу келиндин көкүрөгүнө кетпес туман түшүрүп, бактысын колунан жулуп кетти.

*24. 01. 2004.*



## ДОЛУ

Дайранын боюндагы кыштакта жайгашкан элдин турмушу ушу көбүрүп-ташып аккан сууга байланышкан. Ата-бабалары да илгери ушул суу жээгин пааналап отурукташып, шалы эгип тиричилик өткөрүшкөн экен. Шалы суу боюнан башка жакка өспөй турган өсүмдүк эмеспи. Жай ортологон кезде дарыя ашып- ташып, суу боюндагы шалыларды айосуз жутуп, жалмап, ээ-жаа бербей, аны эч кандай күч башкара албай калчу. Дарыяга жакын кыштактагы кээ бир адамдардын пейили, мүнөзү да ушул киргилт сууга окшоп кетээр эле.

Суу ашып-ташкан маалда алтымышка таяп калган Азимкан абышканын байбичеси да «толкуй» баштачу. Чалы, же балдары саал эле айтканына көнбөй койсо болду, «дайрага агып өлөм» деп алкынып калар эле. Андайда балдары да, абышкасы да, келиндери да кемпирдин көзүн карап, аны дайра жакка баспаса экен деп ою менен болуп калышчу.

Ушул жазда да абышкасына таарынып дайрага жөнөгөн. Кой-ай дегенге көнбөй, дал дайранын жээгине маасы, көлөчүн чечип «секирикке» даярданган учурунда абышкасы балдары менен келип калган. Кемпир жылда бул адатын бир жолу карматса, быйыл экиүч ирет удаа кайталап жиберди. Балдары чоңоюп, өзү кексе адам болуп калса да, баягы эле чалына көрсөтө жүргөн үстөмдүгүн, долулугун койбоду, же келиндеринен уялбады. Эр болсоң, бир сөзүнө каршы болуп көр, үйдү айланып өтсө эле болду, дайрага жетет.

Ошондо да үйүнөн алкынып-жулкунуп чыккан. Насвай ийлеп жаткан чалы ал тарапты карап да койбоду. Балдары дале эч нерсе болбогондой өз иштери менен алек. Ызасы кайнаган кемпир дарбазадан атырылып чыгып, арт жагына бир кылчайган, бирок чуркап чыккан эч кимди көрбөдү, «куугундун» жогун көрүп, дендароо боло түшкөн кемпир дайранын дал жээгиндеги дөңсөө жердеги уулунун үйүнө кайрылды. Келини чачын жууп отурган.

– Ой, келин, мен жашоодон тойдум, кайын атаң мени ушуга жеткирди! Кир-коогун убагында жууп берип жакшылап карагыла. Ко-ош! – деп андан ары жөнөдү. Келин аны бир карап алып чочуп кетти. Анан бирдемени эстегендей ишин улапта берди.

Дарыяга жакындаган сайын кемпир артына кылчак-кылчак карайт. Жалбарып кой дечү киши эмес, чак түштө балык уулаган анча-мынча балдар да көрүнбөйт. Ал дайрага жетип, суу боюндагы ташка чөкүк басып жүзүн жууп, муздак суудан ууртады эле, ачуусу тарап кеткенсиди. Кайра үйгө кетсе болот эле, артынан келгендер көрүнбөйт. Албуут сууга карап туруп кемпирдин жүрөгү шуулдап, кейпи учту: чын эле агып өлобү эми? Бир топ убакыт өтсө да бир жан жок. Маасысын чечип, бутун жууйт, куп гана ындыны өчө түштү, кайра маасысын кийе баштады. Аны алыстан карап, аңдып турган абышкасы чыдамы кетип, бир маалда:

– Ай, кемпир, бул ачууңдан кайт! – деп артынан келип кучактап калды. Кемпир дароо өңүн өзгөртө: – Куураган какбаш, бир мүнөт кечиккениңде экинчи маасымды да чечип, сууга боюмду таштайын деп турдум эле, – деп жиберди.

Баягыдай балдары жөлөп, келиндери дүрбөп, «апакелеп» алды-артына түшүп, үйүнө алып келбегенде-

рине шагы сына түшкөн кемпир жол катабалдарына таарынды. Карыган атасына аңдытып коюп, үйлөрүндө беймараал отурушканын элестетти. «Чоңоюшту, катын алышты, эми аларга эненин кереги эмне? Бечара абышкамдан башкага менин өлгөнүм баари бир тура... кемпир ушуларды ойлоп, ушунча жыл жашаган өмүрүндө биринчи жолу азыр абышкасына ыраазы болду. Байкуш ушул эле түтпөйт тура. «Отуз уулум болгончо...» деп ошон үчүн айтат да. Ал да балдарына окшоп артынан барбаганда эмне кылмак? Дайрага өзүн таштайт беле?» Абышкасын мындан ары капа кылбай жүрөйүн деген ой көңүлүнө кылт этти. Бирок жаз келип, дайра кайра ташып жатканда Азимкан абышка капыстан каза тапты. Чалы өлгөн соң долу кемпир кыйла ал-күчтөн тайыгансып калды. Көрсө, кемпирди оолуктуруп, алкынтып дайрага чуркаткан абышкасынын гана деми тура. Эми ал «дайрага агып өлөм» демек турсун, күүлдөгөн суу тарапты карагысы жок.

...Дайра болсо адатындай толуп-ташып албууттанат, жолуна илээшкен эмне болсо жула качып, эч нерсени тоотпой, эч нерсеге карабай.

*08. 12. 1996.*



# ТААНЫШУУ

Шаардын чоң автобекетинин эл жыкжыйма отурган үстү ачык имаратынын кире беришиндеги асылып турган телефон жанында жашы алтымыштан өткөн аял менен жаш кыз бир топ күймөнүштү. Анан кемпир кол сумкасынан көпкө чейин издеп жатып бырышып-тырышкан бир кагазды алып чыгып кызга сунду. Кыз андагы телефон номерди алды:

– Алло, «Вечеркабы»? Таанышуу кызматына кулактандыруу берсек дедим эле. Кайда? Канча сом? Паспорт менен, ооба, тогуздан алтыга чейинби, макул. Кыз трубканы ордуна койор менен ар жакта баятан сүйлөшүүнү байкап, угуп турган эки жигит ага шыр басып келди.

– Ай, чоң кыз, сиз менен биз эле таанышабыз, «Вечеркага» барбай эле койгула. – Жигиттер чындап кызды ээрчип алды. Ошондо кыздын жанында турган кемпир жигиттерге акырая карады:

– Кулактандырууну мен берем, мунун күйөөсү бар, ары тургула. – Кызды бастырбай тороп алган жигиттерди кемпир чыканагы менен түртүп ийди.

–Бу энекебиз тамашакөй го, мындай кемпир менен ким таанышмак эле. Жолтоо болбоңуз, биз баары бир таанышабыз. – Эки жигит кемпирдин түрткүлөгөнүн тоотуп да койбоду.

– Ай чоң кыз, бу кемпир ким болот?

- Энем болот. – Баятан оозунан сөз чыкпаган уяң кыз кабак бүркө «бурк» этти.

–Калп айтасың. – Жигиттер ишенген жок. Ишенчүдөй да эмес эле. Кемпир сапсары, көзү көк, оозунан

кулагына дейре боёнгон, өтө жасана кийинген. Кыз болсо кийими жупуну, өңү буудай түс, бирок бою шыңга, жылдыздуу эле.

Кемпир бура бастырбай жол торогон жигиттерден чындап чочуду. Бул квартирант келинди эптеп көндүрүп алып келген эле телефон чалдырганга. Күйөөсү билсе эмне дейт. Мүнөзү жаман орой эле.

– Хей, хайвандар, азыр кетпесеңер милийса чакырам, – алкынып-жулкунган кемпир татарча, кыргызчаны аралаштырып эки жигитти тилдеп кирди.

Эки жигит бу кемпирдин жөнөкөй эмес экенин туюшту шекилди, чочушту. Бир аз артка чегине түшүштү. Ушул маалда кемпир кызды жетелеген бойдон көчө бойлоп аттап-буттап чуркап, чоң көчөдөн бурулушка кирип кетишти.

Кемпир менен кызды тиктеп, оозу ачылган эки жигит көз көрүнөө колундагысын жулдуруп ийгендей, ичи эңшериле чоң көчөдө бир топко туруп калышты.


– Эрге тием деген неме экен, кармап калсак жакшы болот эле. Бүгүн эле Көлдү көздөй сызмакпыз... – Ушинтип сүйлөшкөн жигиттер маанайы суз баягы орундарына кайра келишти.

Келинди жетелеп чуркаган кемпир дарбазасына келип кирип кеткенче жүрөгү лакылдады. Келин болсо жөндөн жөн бул окуяга кабылганына кейип турса да, тигилерден аман кутулганына сүйүндү.

Кемпир алтымыш үчкө таяганда чалы менен былтыр ажырашып кетти. Заңгыраган тамын, короосун экиге бөлүшүп, чалы ар жагында, өзү бул жагында өмүр кечирип калышты. Чалга туугандары Башкыртстандан бат эле аял алып келип беришти. Кемпир болсо жалгыз. Дүйнө мүлктөрүн али экөө толук бөлүп бүтүшө элек. Ай сайын соттошушат. Сот болгон сайын чалы жаңы алган аялын кемпирине көзү күйдү кылып

ээрчитип барат. Урушуп кетишсе тиги экөөлөшүп кемпирге «чабуул» коюшат. Түнкүсүн уктап жатканда «шарп» эткен дабыштан коркот, ит үрсө сыртка чыга албайт. Кыскасы, кемпир жалгыздыктан жүдөп кеткен эле. Ала турган чал болсо тийип алайын деп чечти. Анан чалдын туугандарычылап кемпирдин туугандары ага чал таап берүүнү ойлогон да жок. Ага эмне жетпейт дешти. Дүйнө, мүлкү тирелип жатса. Арыбери баскан кемпир ойласы кетип таанышуу берген гезиттерди карай баштаган эле. Такыр ылайыгын таба албай, анан өзү кулактандыруу бермек болгон. Телефондон кулагы үндү жакшы укпайт. Ошондон улам квартирантын сүйлөшүп бер деп ээрчитип алган эле. Келинди кудай бир сактады деди кемпир. «Кайран жаштыгым, сулуулугум, доорум баары өткөн экен. Карачы, жаш болсом жаңагинтип көчөдөн эле бирөө илип кетмек экен. Мени азыр эр издейт деп ким ишенет?» Ушуларды ойлогон кемпирдин көңүлү чөгө түштү. Кечки тамакка табити тартпай, баткан күндүн кызылын тиктеген бойдон сүкүт салып үйүнүн кире беришинде көпкө отурду. Ушул маалда дубалдын ары жагында сөрүдө чай ичип отурган чал менен кемпирдин кобурашканы, аялдын шаңкылдап күлгөнү, ага удаа чалдын күлкүсү эки бүктөлүп, башын тизесине коюп ойго баткан кемпирге угулуп жатты.

*17. 08. 2005.*



## БЕШИМДИН КӨЛӨКӨСҮ

Жайлоодон жакага жөө шашып келаткан тестиер бала айыл четине жеткенде жайкалып өскөн буудайды аралап, жайбаракат оттоп жүргөн башкарманын атын көрүп калды. Ат адатынча жасалгалуу токулган. Бала жан жагын жакшылап караса башкарма көрүнбөйт. Ай талаада кыбыр эткен жан жок. Буудайды каалашынча бурдап жеп, куйругун ары-бери шукшуңдатып коюп жалгыз ат гана турат. Бала атты карады да калды. Айылга жеткенче алдыда чоң суу бар, андан жылаңаяк кечип өтүш керек. Баланын аттан көзү өттү. Минип алып суудан өткөндөн кийин коё берсечи, бир чети бала айылдагы эң жасалгалуу жорго атка эч ким жокто бир минип алгысы келди, бул кызыгуу, азгыруу баланы биротоло байлады. Жоргодон көзүн албай турган бала бир маалда жакын турган атка чуркап барып, үзөңгүгө бутун эптеп илип мине койду да чоң эрдик кылгансыппы, же чочулаппы дароо жан жагына бир карап алды, карап алды да саамга катып калды. Көрсө, ат оттоп жүргөн жерден алыс эмес буудай ичинде башкарма, кадимки эле алардын башкармасы айылдагы дүкөнчү келиндин үстүндө жатыптыр... Башкарма так маңдайындагы ат үстүндөгү баланы дароо көрө койду. Анткени ат бала мингенде бышкырып жиберген эле.

Ордунан олдоксон октоло өйдө болгон башкарма демиккен тейде:

– Оо, атаңды... бешимдин көлөкөсүндөй болгон жарыбагыр, түш аттан! – деп кыйкырды.

Бала аттан ыргып түшүп артын карабай айылды көздөй чуркады. Коркуп да, чочуп да кетти бала. Уурудан качкан немече чымын-куюн болуп чоң сууга жетти да, күйүгүнүн басканга саамга отура калды. Берки сууга кайтады. Ошол маалда атын чаптырып артынан башкарма баланы куун жетти. Баланын ого бетинен [illegible] Бирок башкарма баягыдай ачуулуу [illegible] Ал аттан түшүп, баланын жанына жакын [illegible] Бала ордунан тура калды. Чын эле баланын бою [illegible] теңтуштарына караганда [illegible] кыйла узун. Башкарма баланы баштан аяк бир сыйра карады да, колдон алды:

– Катуу айтсам кечир баатыр, сен бала эмессиң, чоң жигит болуп калыпсың, азыркы көргөнүңдү эч кимге ооз ачпа, макулбу, сени эркек дейт, сыр сактай аласыңбы?

Башын жерге салган бала макул дегенчелик башын ийкеп койду.


– Анда сүйлөштүк. – Башкарма чөнтөгүнө колун салып, балага бирдеме бермекчи болуп баратып кайра негедир тартып алды. Күнөө кылгансып жер караган баланын кабагы салыңкы эле.

Башкарма баланы чоң суудан атына учкаштырып өткөрүп койду да кайра артына, буудай талаа тарапка жүрүп кетти.

Бул окуядан кийин көп жылдар өттү. Узун бала чын эле сырга бек экен. Көргөн нерсесин жан адамга оозунан чыгарган жок. Башкарма менен кээде эл ичинде, жол-жолдо карп-курп кездеше калганда ал балага өзгөчө ийилe салам берип учурашып, кези келгенде эр жигит болуп бой тарткан баланы далыга таптап, мактап жүрдү, анын сырга бек экенин да айтканы бар.

Окуя бара-бара унутулгансып калды. Бирок баягы бала – азыркы эбак үйбүлө күтүп, очор-бачар болуп, кагылып-согулуп, токтолуп калган жигит бул чок болуп көзүндө калган бир ирмем көрүнүштү көп жылдар, көп ирет эстеп жүрдү. Балалык кыялдар башына келип, кыздар менен жанашкан күндөрү, кийин, кийин аялынан башка келинге көзү түшүп калганда... Башында мына ушуну жадына келтирген сайын, адегенде бала башкарманын бул жоругун, ошондогу буудай ичиндеги ооналактаган эки жылаңач денени таң калып, түшүнүп, түшүнбөй эстечү, анан кайсы бир жылдары жактырбай, ирээнжип эстеп жүрдү, жашы өткөн куракта болсо башкарманы да, келинди да дилинде аяп эстей турган болду. Ушундай, бул окуя ага көөдөн тереңинде түк эстен кеткис болуп орногон эле.

*18. 02. 2006.*



# АБЫСЫНДАР

Район борборунан айылга келин алып келгендер түн жарымда кетишти. Күйөө болгон киши жашы эбак алтымышты арталаган, кемпиринен айрылып бир топ жыл бой калган эле. Эртели кеч бирин-экин малы, тамаркасы менен алектенген бу жоош-момун чал балдарына кемпир алам деп да айтпады. Бирок уулдары менен инилери абышканын акыркы учурда чүнчүй баштаганынан улам, ага жубай табууну чечишкен. Эми минтип ага кемпир эмес, кырктын кырына эми келген, бетинин кызылы кете элек келин туш болуп отурат.

Жаш келинди адеп көргөндө абышка чочуп кетти. Мындай жаш аял алам деп ойлобосо керек ал. Келин да чочуп кетти, абышканы мынчалык картаң деп элестеткен эмес эле. Тамак-аш берилип, сый көрсөтүлүп, нике кыйылганча жубай болчу эркек менен ургаачы бири бирине уурдана карашканы болбосо үн катпады. Баятан кызмат кылып жүрүшкөн инилеринин келинчектери ички үйгө буларга төшөк салышты да, үйлөрүнө жөнөштү.

...Жолдо баратып эки абысын өз ара шыбыраша калды. Бирин бири таанып баган, биринчи жолу көрүшүп жаткан эркек менен ургаачы кантип жакындашып, кантип төшөккө жатышат болду экен? Эки келиндин оюу бир жерден чыкты. Экөө тең жарыгы али өчө элек кайнагасынын терезесин бир карап алышты.

– Терезесинен карабайлыбы, – деди жашыраагы, айылда өзүнүн чапчаң кыймылы менен дайым той-ашта мактоо сөз укканы. – Бизди көрүп коюшмак беле?

– Пардачы, терезени парда тосуп турбайбы? – Экинчиси баргысы келбей кетенчиктеди.

– Парда жупжука, ичиндегинин баары көрүнөт.

Район борборунда көп жыл дүкөнчү болуп иштеген, жакшы кийип-ичип жүргөн, ачык, шайыр келин менен айылдан алыс чыкпаган, койдой жоош кайнагасынын бүгүнкү биригүүсү кандайча болор экен деген кызыгуу бу кичүү абысынды азгырды да калды.

Ал көңүлсүнбөй, кетенчиктеген абысынын колдон алды да экөө кайнагасынын жатаар бөлмөсүнүн терезесинин түбүнө келишти. Чын эле парда парда аты эле болбосо ичиндегинин баары көрүнөт экен. Булар келип терезени акмалап жаткан учурда жубай болушкандар төшөк салынган үйгө кирип калышкан экен. Кайнагасына жубай болчу келин шаша буша чечинди да төшөк ичине кирип кетти. Андан соң абышка чечине баштады. Ал шашпай чечинди. Керээли кечке эшикте чарба менен жүргөн чал ар дайым кабаттап жылуу кийинчү. Адегенде анда-санда сыйга бир кийчү кара костюмун чечти, аны бапестеп ордуна илди, анан ичине жүн салып шырылган камзирин, анан токулган кофтасын, көйнөгүн... абышка жай кыймылдап, сансыз кийимдерин чечкен соң ич кийимчен төшөккө жакындап келатып эшикти бекитти, чала-була жабылган парданы мыктылап жапкысы келдиби, айтор терезе тарапка басты. Баятан оозунан шилекей акканча абышканы биринчи жолу көргөнсүп, эси ооп карап турган терезе артындагы эки абысын өздөрүн көздөй басып келаткан кайнагасын көргөндө чымын-куюн болуп качып жөнөштү. Абышка аларды көргөн жок, шашпай парданы оңдоп жакшылап жапты. Жарыкты

өчүрдү. Мештеги от өчүп калбасын деп ага көмүрдөн мол салды да саамга буйдала түштү: «Кап, жана малга да чөптү сала келбей, унутуп калган турбайбы, эми кийинип тышка чыгайын десе, тиги төшөктө жаткан келин эмне дейт, кыштын күнү түн узун, малга чөп бербесе болбойт» чал сыртка чыгып келгенге кайра кийине баштады.

Муздак жууркан ичинде бүрүшүп, малга чөп салганы кеткен чалды күтүп жатып келин эмнелерди ойлоду экен? Ал көзүн жумуп алып алгачкы келин болуп барган түндү эстеди. Анда баары башка эле. Келген үйдөгү мамиле да, үй да, тосуп алган адамдар да баары көзүнө жакшы көрүнгөн, ошол үйдөгү буюм-тайымдан ойдо баары ага ыйык сезилген эле. Баарынан да аны ээрчитип келген күйөө болчу жигитичи. Көзүнүн агы менен тең айланып, жанынан карыш жылбай, ошол түнү өзгөчө мээримдүү, өзгөчө жароокер эле... узатып келген досторучу. Шарактап, ырдап бийлешип...

Кийин тагдыры таш капты келиндин. Жолдошу жол кырсыгынан кокус каза болуп калды. Жаңы баскан уулун энесине калтырып коюп, район борборунда дүкөнчү болуп иштеген ал тиричиликтен кыйналган жок. Жалгыздыктан, дүкөнгө кирип-чыгып тийишкендерден тажады. Өзүнүн артынан чубап айтылган ушакайыңдан тажады. Анан минтип айылга келип, чал да болсо бир эркектин этегин кармап тынч жашагысы келди эле...

*08. 11. 2005.*

## АКЫЛКАСАС

Алтымышынчы жылдардын аяк ченинде, ала шалбырт жазда кыргыздардын тоолуу айылына Өзбекстандан бир үйбүлө көчүп келди. Булардын ким экени, теги, Ата Мекени тууралуу айылдыктар өздөрүнчө териштирген менен момун калк аларды кучагын жайып эле тосуп алды. Айыл четиндеги кароосуз жаткан тамды заматта оңдоп, кирип жашаганга көптөп жардам беришти. Булардын эми гана тай-тай баскан Жаанбай аттуу жалгыз уулу бар эле. Аялын тоолуктар бат эле Мунавар сулуу атап алышты. Анткени бу өзбек келиндин жүзү жанда жок ак, каш кирпиги төгүлгөн, чачы узун, бой келбети келишимдүү эле. Күйөөсүн болсо эл көз көрүнөө эле Махмуд сарт дешчү. Ал кап-кап кытай чыны, чайнектерин кайдан апкелет белгисиз, айылдыктарга пулдачу. Мунавар сулуу короосунун ичин гүлдөй кылып кармачу. Эмнени гана экчү эмес, жашылча жемиш, гүл жаз алды менен эле көздүн жоосун алып калчу. Өзү да гүл, үйү да гүл эле бу ургаачынын. Бирок ал короосунан сыртка кадам басып [illegible] эмес. Үлпүлдөк жоолугун башына салып, атлас көйнөгүн кулпурта кийип алып керээли кечке үйүндө жүрө берчү. Башка колхозчу келиндердей аны талаага ишке чыгарам деген бригадирлер бу аялга күчү жетпей койгон. Көрсө, бригадирдин камчысын тайдырган Махмуд сарттын кошоматка берген кытай чыны, чайнектери экен.

Жалгыз уулун бу үйбүлө жөн эле бапестеп өстүрдү. Эрте үйлөнттү. Элде жок той берди, кыргыз айылдаштарына жакшы эле той шаанисин жасап, сый көрсөттү. Билинбеген менен кабын көтөрүп жүрүп Махмуд сарт дүйнө мүлктү жакшы эле жыйган экен, заңгырата там салып, эшиги малга толду. Мунавар сулуунун сулуу келини удаа-удаа беш кыз төрөдү. Эркек небере көрсөм дегенде эки козү торт болгон Махмуд сарт келинине не деген гана ырым-жырымдарды жасабады. Жети кыздан кийин булар эркек неберелүү болушту. Айылдыктар бул үйбүлөнү дагы да урматтап калышты. Анткени биринен бири сулуу болуп бой тартып келаткан кыздарды келин кылып алсам деп көзү кызаргандар, булардын ынтымак, байгер турмушуна суктанып куда-соок, дос-жар болгусу келгендер арбыган эле.

Кемпир-чал да жалгыз уулунун минтип бир короо болуп көбөйгөнүнө кудайга миң мертебе ыраазы болуп, жаңыдан баскан небере уулуна той берээрде бул үйбүлөгө бүлүк түштү. Кокон шаарына базарга кеткен уулу кабагына кар жаап келди. Көрсө, кокус муну базардын чайканасынан аяш атасы көрүп калыптыр. «Сенин атаң Махмуд соодагер эмес, башка, Айбаш аттуу менин досум болчу, асыл адам, чоң кызматтарда иштеген. Энең ошол соодагерди ээрчип, сени да алып кетип калган. Атаң сени көп жылдар бою издеген. Дайын-дарегиңди билбей жүрөт, картайды. Сен болсо атаңа куюп койгондой окшош экенсиң, уулум, мен эртең эле барып атаңа сүйүнчүлөйүн. Барам десең сени да алып барам. Эркек бала өз ата тегин билбесе уят болот. Бир барып учурашып келүү сенин парзың». Ал Жаанбайга атасынын дарегин жакшылап түшүндүрүп айтты, оорулуу болуп калганын да билдирди. Анан аяш уулунун бала-чакасын сурап коштошту.

Жаанбай өтө эле кичине маалында келгендигинен улам бул айылды өз айылындай эле көрүп чоңойгон. Аны бөлүп-жарган да киши болбоду бу момун айылда. Атасы да өгөйлүгүн такыр билдирген эмес, муну жанындай көрөт, өзү да атасын жакшы көрөт. Анда эмесе, кайдагы башка ата? Базардан кайтып келатып Жаанбайдын жан дүйнөсү чайналды. Ушул сөздү ушул жерде эле калтырайын дейт. Же энесине барып акырын айтсабы? Үйүнө жетээр жеткенче ой басты. Эгер жанагы аяш атаңмын дегендин айтканы чын болсо энеси муну эмне үчүн өз атасынан айрылтты? Өгөй болсо Махмуд атасы муну эмне мынчалык жакшы көрөт? Бу өмүр бою кап көтөрүп, бели бүкчүйүп, картайып калган атасын Жаанбай азыр аяп кетти. Дүйнөдө андан башка ага атанын кереги не. Бирок баари бир жүрөгү түпөйүл.

Кабагы бүркөлгөн уулун энеси мындай абалда эч качан көргөн эмес, акыры бир күн чыдабай сурады.

– Бу, бирөө жарым сени капа кылган жокпу, балам, неге сабырың суз, ичиңде санааң болсо ачык айт, минтип жүрбө, ооруп каласың? – Жанда жок мээримдүү, назик Мунавар кемпир уулуна үңүлдү.

Жаанбай канча билдирбейин дегени менен энесинен эмнени жашырмак эле сураса сурайын деди.

–Өгүнү Кокон базарынан бир чалды көрүп калдым. Өзү мага басып келди. Аяш атаңмын дейт. Капкайдагы кептин баарын айтты. Сен Махмуд соодагердин баласы эмессиң, сенин атаң Айбаш дейт. Ал сени өмүр бою издеп таппай жүрөт. Энең сени алып кетип калган... - Жаанбай энесинин өңү башынын өзгөрүп кеткенин көрүп токтоп калды.

–Аты ким экен ал аяш атаңдын? – Үнү калчылдаган Мунавар сулуу купкуу болуп калган эле.

–Айткан жок, – Жаанбай суз жооп берди.

Мунавар сулуу үлпүлдөк ак жоолугунун учуна көз жашын сүртүп жатты, үнсүз ыйлап жатты. Ыйы менен баласынан кечирим сурагандай... Жаанбайга баары түшүнүктүү болду. Энесине башка суроо катпады.

«Шуу» үшкүргөн бойдон сыртка чыгып кетти. Эне баланын ортосундагы бул окуяны үйдөгүлөрдүн эч кимиси билген жок. Бир гана Жаанбай Кокон базарына кеткен бойдон үч күнгө жоголду. Махмуд чалдын чыдамы кетти, уулу минтип узакка келбей койчу эмес. Мунавар кемпир Жаанбайынын кайда кеткенин билди. Ичи эңшерилди, уулунун бул жоругун түшүнбөдү. Чалына эмне айтаарын билбеди.

Жаанбай атасы жашаган үйдү бат эле тапты. Туугандарча жылуу учурашты. Уулунун келгенине кубанган атасы бир коюн союп, элди чакырып түлөө берди, үстүнө тон кийгизди. Тууган-уругу чогулуп бу табышкан ата, баланы куттуктап жатышты. Чогулган адамдар баары Жаанбайга сүймөнчүк менен карашып, көздөрү тойбой жаткансыды. Айбаш аксакал үйүндөгү топураган 6 баласы бир тең, Жаанбайы бир тең экенин ачык эле айтып, баласын көргөнүнө жетине албай, буту бутуна тийбей чуркап жүрдү. Оорудум деп төшөктө жаткан киши баарын унуткандай, уулу буга дүйнөдө эч ким бергис күч тартуулагандай бу адам башкача боло түштү. Көкүрөгүндөгү чоң бөксө толуп, жогу табылып, бакыт чөйчөгү ашып-ташып турду.

Жаанбай түш көргөнсүп, көз алдындагы өтүп жаткан окуяларга ишенип, ишенбейт, бирок келгенине өкүнгөн жок. Уулдук парызды эч кимге билдирбей аткарып койоюн деген, анан калса аяш атасынын сөзүнүн чын-төгүнүн да билгиси келген. Чынын айтса жүрөгү алып учуп, бир белгисиз күч аны бул жакка жетеледи. Эми болсо эмне кылаарын билбей калды. Баласынын

дидарына тойбогон атасы аны бир эле түнөтүп коё бергиси жок.

Үч күндөн соң уулун узатып жатып ата карыз сөзүн айтып калды:

– Бөтөн элде жүрбөй өз элиңе кел, бала-чакаңды көчүрүп, баарың келгиле, менин үйүм сенин үйүң, колумда эмне жыйнаган дүйнө-мүлкүм болсо ошонун жакшысы сеники болот, көбүнө сен ээ болосуң, сен ал жерде бир айылдын кампачысы болсоң, бул жерде сага мен андан жакшы кызмат таап берем уулум, кудайга шүгүр, эл ичинде кадыр-баркым бар. Неберелеримди да көрсөм болот эле, – деди. Айбаш чал дагы эле баласынын дидарына тойбой, аны колунан чыгаргысы келбей турду.

Жаанбай баш ийкемиш болду, бирок ак да, көк да дебей аттанды.

Үйүнө кайтып келген Махмуд чалдын уулундагы өзгөрүүнү айылдаштары дароо эле байкады. Кимдир бирөөлөргө өз атасын тапканын айтып да койгон окшойт, айыл ичи «дүрр» эле дей түштү. Бу кабар Махмуд сарттын өзүнө да жетти. Ал уулуна сыр бербегени менен бүкүрөйгөн бели ого бетер эңкейип, бир топ карый, жүдөй түшкөндөй болду. Мунавар кемпир уулуна чындап таарынды. Бешиктегисинен баккан атасын аттап туруп, өз атасын табымыш болгон уулунун жоругун бир түшүнүп, бир түшүнбөйт, кантсе да бу кемпирди картайган чакта санаа басты.

Кандай болгон күндө да Мунавар кемпир менен Махмуд чалдын оюна нелер келип кетпесин, бирок ушунча эрезеге жеткирип, очор-бачар кылып койгон уулунун буларды таштап кетээри оюна дегеле келген эмес. Бирок Айбаш атасынын жакшы кызмат берем дегени, тууган-уруктарыңбыз деп буга бөтөнчө мамиле жасаган эл, бул айылга караганда өзбек айылындагы

бир топ байгер, кооз тиричилик Жаанбайды арбады да калды, барып иштеп келсеби? Ушундай эки анжы ойдо анта айланбай дагы Кокон тарапка жол алды, базар шылтоосу менен. Базардан ошол күнү эле кайтпай дагы кармалды. Эртеси күнү чоң жүк машиненин коштоосу менен келди да, заматта үйбүлөсүн жүктөп алып Өзбекстанга, атасына кочүп кетти.

– Бул эмне кылганың, жан балам?! – деп ыйлаган энесин жубатымыш болду:

–Барып иштеп келейин, атам кел деп жатат, жакшы кызмат бериштн, силерге болсо келип кетип турам... – демиш болду. Махмуд чал болсо өз кайгысы өзүндө болуп, бүк түшкөн абалда үйүнөн балдарын узатканы да чыга албады. Жаанбайы менен беттешип сүйлөшкөн жок, ичи ооруду, эңшерилди. Коштошкону кирген уулу да атасынын жүзүн тик карабай сүйлөдү.

Ушул күндөн баштап Махмуд сартка чындап каран түн түштү. Бир кезде Мунавар сулуууга ашык болуп, анын колунда кичинекей наристеси бар экенине карабай үйлөнүп, мунусу ата-энесине жакпай, эл журттун кеп-сөзүнөн кутулуп, эркинирээк жашоо үчүн өз айылын таштап бул жакка келгенин, сулуу жары башка төрөбөй калганы, бирок уулуна өз атадан артык мамиле кылып, бүт өмүрүн ага арнап, байлап койгону, эми минтип, бөрү баласы ит болбойт болуп анысы кетип баратканы мунун жүрөгүнө атылган ок болуп тийди. Эми бул эл аралап, айыл аралап кантип басат? Бул толук кыргыздар муну эмне дейт? Бетине түкүрөбү? Абийирин төгүп уят кылды бала, кайгыга салды бала. Махмуд чал баш көтөргөнгө чамасы жок, жер өбөктөп калды. Жаанбайы эле эмес, короо толгон неберелери, ыймана ысык келиничи, буларды жоктобой кантип жашайт? Эртерээк эле ушул күндү көрө электе өлүп калса болмок, минтип тирүүлөй өлбөй. Кезинде Махмуд бала-

ны атасынан, Мунаварды күйөөсүнөн тартып алган эмес. Айбаш Мунавардай сулуу жарын кызгана берип, күн көрсөтпөй, сабап, акыры ал атасынын үйүнө наристесин көтөрүп качып келген бойдон кайра кетпей койгон. Ошол тапта Махмуд ага үйлөнүп, аны уулу менен кыргыз айылына алып келген эле.

Уулу кеткен соң Мунавар кемпирдин башындагы аппак үлпүлдөк жоолугу түшүп, заматта бетин бырыш басып, ал да эки бүктөлгөн бойдон отуруп калды.

Айылдыктар бул окуяны ар кандайча сүйлөп жатты. Кошуна колоң, дос-жарлары кирип келип, кайрат айтып, сабырдуулукка чакырып, Жаанбайдын баари бир кайтып келээрине үмүт байлатып, көңүл улап атышты.

Арадан жарым жыл өткөн жок. Айрым айылдаштары айткандай Жаанбай айылга кайра көчүп келди. Бирок беш жашка толуп, көзгө көрүнүп калган сүймөнчүк уулу жок келди. Уулу оорубай-этпей эки күн эти ысыган да, анан кокус чарчап калган эле. Бул оор кайгыдан соң Жаанбай эч нерсеге кылчактабай кыргыз айылына, өзү чоңойгон айылына жол алды. Атасын тапкан менен, зарлап күткөн чырактай уулунан айрылды. Жол бою: «Ата деп ата издегендей, атадан өксүдүм беле, неге келдим бул жакка, мейли келсем, учурашсам, а бирок неге көчүп келдим, неге алпечтеп баккан атам менен апамдын жүрөгүн ооруттум?» ушул бир гана ой анын санаасын санга, оюн онго бөлдү.

Үйүнө жетип Махмуд атасынан тизе бүгүп кечирим сурайын деди, жалынып жалбарайын деди. Бирок Махмуд сарт жарым жыл ичинде адегенде көзүнөн, анан кулагынан айрылып, акыркы маалда эшик-эликке да чыга албай, сүйлөбөй да калган эле. Ал Жаанбай уулунун кандай кайгыны артынып көчүп келгенин туйган да жок.

Коп отпой Махмуд карыяны тоо таянган айылдын эли түп котоpo акыркы сапарга узатышты. Анын уулу Жаанбайдын бетине ачык түкүргөндөр болбогону менен мурдагыдай сый-урматтан бул жигит калган эле. Бирок кайра эле кыйбай айылдыктар анын кампачы кызматын беришти. Жаанбайдын болсо кайгысы али алдыда экен, коп отпой кампадан чоң карыз болуп соттолуп, камалып кетти. Беш жыл түрмөдө отуруп кургак учук илдетине кабылып, үйүнө келген соң элүү жашка чыгып-чыкпай каза болуп калды.

Жаанбайды жерге берип жатып айылдыктардын көбү бул акылкасас деген акыйкаттын улуулугуна таң беришти. Акылкасастын анты – сен бирөөнүн ичин оорутсаң, ага азар берсең, ал өз башыңа эки эсе болуп кайтып келет.

Жаанбайды акылкасас урду дешти, адегенде анын жалгыз тукумун алды, анан өзүн...

*07. 07. 2005.*



# ГӨРКӨӨ (КӨР КАЗГЫЧ)

Айылдан күн сайын таң эртең районго аттанган автобустун ичи жык-жыйма жүргүнчү. Бири базарга, бири ишке, бири майрамга, дагы бири жөн эле шаарга түшүп келгенге жөнөп алышкан. Тоо таянган айылга каттаган автобустун шопурлары ар дайым наалыганы наалыган. Анткени автобуска чыккан жүргүнчүлөрдүн жол кире акысына пул бергени аз. Көбү бир ууч кургак өрүк, же биртике буудай, алма, сүт, айран ушуга окшогон тамак-ашын көтөрө чыгып, жол акынын ордуна шопурларга сунушат. Айрыкча жүргүнчүлөрдүн улгайгандары. Мындайда шопурлар эмне кылаарын билбей сөгүнүп, кагынып, баклашкаларга куюлган айран, сүттөрдү, политилен пакеттердеги өрүк, алмаларды алып өзү отурган жердеги бутунун алдына катар тизип коёт. Бензиндин жыты урган бул тамакаштар үйгө келгенче жегенге жарабай да калат. Ушундан улам бу райондон тоону көздөй жол алган айылга, пулу жок тоолуктарга каттагандан кайсы шопур болсо да качып турат.

Бүгүн азаттык майрамы күнү да автобус толо эл районду көздөй жол алды. Булардын арасында өзгөчө жасанган, жаңы кийимдери өзүнө куп жарашкан, жашы өтүп калган эркек кишинин көңүлү өтө куунак эле. Ал жанында отурган келин менен бакылдашып сүйлөшүп келатты.

– Бир жакшылап майрамдап келейин деп баратам, кызым, пул болсо жетет. – Ал костюмунун төш чөнтөгүн

колу менен таптап койду. – Бирөө-жарым достордон жолугуп калса Кожентке чейин барам, өлүп да кетсин бу дүйнө, бир күн болсо да көргөндү айт.

Жанындагы келин атасындай болгон кишинин сөздөрүнө муюгандай, үнсүз башын ийкегилеп коюп келатты.

– Сен, кызым, чамамда, айылга анда-санда келесиң, көбүн билбейсиң, элде азыр өлүм көбөйдү, оору-сыркоо көбөйдү, кээси оорубай-этпей эле өлүп калышууда. Өткөндө Камчы чалды көмгөнү баргандардын арасынан бирөө ошол жай башында, топурак салып жаткан жерде жан берди. Пенде кудайдын колунда экен... – Бу кишинин сөзү бүтпөй кокус үзүлүп кетти. «Тарс» деген үн чыкты да, автобус катуу тормоз берип, сүрдүгүп барып токтоп калды. Ичиндеги адамдар чайпалып, көбү терезеге, кармагычтарга урунуп, бала-чака ыйлап, катын-калач ызылдап жиберди. Көрсө асфальт жолдо катуу келаткан мотоцикл жүргүнчүлөр бараткан автобуска урунуп алыптыр. Жолду кан жая берди. Автобустан биринчилерден болуп жанагы жасанган эркек киши атып түштү. Башынан жараат алган мотоциклчен жигит дем албай калыптыр. «Шоруң каткыр, Сейит тура, кечээ эле Орусиядан келди эле. Акча таап келди деп эне-атасы сүйүнүп жатты эле...» Жүргүнчүлөрдөн бирөө жарым аны тааный коюп ыйлап жиберди. Автобус андан ары жылбай, эл чуркурап, бала-чака бозоруп, азыр эле бир жанды мойсоп кеткен автобусту жаман көрүп, жөө жаландап кайра айылды көздөй жол алышты. Заматта баарынын майрамы бүтүп калды. Улуулар болсо эптеп сөөктү айылга жеткирүү максатында жол өткөн машинелерге кол көтөрө башташты.

Баарынан да баягы жасанган кишиге түйшүк түштү. Ал айылдын көр казчусу – гөркөөсү эле. Эми тезинен балдарды чогултушу керек. Аларга баш-көз болуп ка-

рап туруп жайды каздырышы керек. Бул ишти ал айылда бирөө жарым каза болгонун угар замат айттырбай-дедирбей баштай берет. Ушунусу жакшы. Жашы өткөндө ушул ишти таап, уюштуруп алганына өзү да курсант. Анан эмне кылат, тогуз баласынан карыган чакта тогуз тыйын ала албаса, кемпири экөөнө да дан, суу керек. Гөркөө кызматын уюштургандан бери турмушу оңолуп калды. Көрсө, элге керек нерсе экен. Мурда өлүк көмүлөөрдө айылдын карылуу жигиттерин чогултуп, анан аларга баш көзчү таап, же алар көр казганды жакшы билбей, айтор кыжаалатчылык болор эле.

Гөркөө үйүнө келди да, жасанган кийимдерин заматта чечип салып, кетмен, күрөктөрүнүн жайында экенин текшерип көрдү да колунда иштеген жигиттерди издеп жөнөдү. Жолдо баратып автобуста сүйлөгөн сөздөрүн эстеди, эмнеге антип сүйлөдүм экен деди, майрам күнү да өлүмдү неге эстеди экен. Өзү да өлүм дегенди унутуп, бир жазылып, эс алып келейин дебеди беле...

Түшкө калбай айылдын батыш тарабындагы чоң мазарда дагы бир мүрзө казылып жатты.

– Эркек кишинин жайын көп терең казбагыла, анын күнөөсү аз болот, ургаачы болсо терең казылат... Гөркөөнүн үнү кетмен-күрөктүн тарсылдагынын арасынан угулуп жатты.

*08. 09. 2003*



# КҮНДӨШТӨР

Биздин кыштакта жакында Сулайманкул деген киши жүзгө таяп көз жумду. Анын сөөгүн эки аялынын мүрзөсүнүн ортосуна коюшту. Бул үчөөнү кыштак аны экиси дүйнөдө да бирге болушсун дедиби, ким билет.

Мен али ал тургандай Сулайманкул суучу бай да, катынпоз да эмес эле. Ал көп жыл Азбүбү бакшы менен чогуу жашап, бала көрбөдү. Күзгү көрүп не бир сырларды жоруган көзү ачык катынынын этегинен жалгабай, кудай перзенттен кур калтырыптыр. «Бакшылык өнөр бергенче, жараткан бала берсе болбойбу» – ичинен Сулайманкул ушинтип бушайманга батканы менен анысын эч кимге билдирбей жүрө берди.

Күндөрдүн биринде Азбүбү элүүгө таяп калган күйөөсүн акыры токол алууга көндүрдү. «Болбосо кетип калам, жашым өткөн чакта үкөмдүн үйүнө барып шорум кайнайт экен» деп ачуу ыйлап да жиберди. Эртеси өзү Коргон-Төбөгө барып, үч ата өткөн тууганбыз деп бала көтөргөн келинди үйгө ээрчитип келди. Көзү ачык Азбүбү кыштактагы кыз-келиндерден түзүгүрөөк кийинчү. Келиндин баш кийимин жасап, келиштире кийинтти да өзү үкөсүнүкүнө кетип калды. Эки күн өтпөй Азбүбүнүн артынан Сулайманкул эшегин минип жетип барды. Башына жаңы топу кийип алган. Аны да Азбүбү кийгизген. Ал аялын көрөр замат топусун колуна ала койду. Азбүбүнүн үкөсү жездесин капарына илбей, саламын алик албады.

– Эжем тура турсун, эгин-тегин жыйылганча, балдар менен кыйналып жатабыз, – деди да тескери басып кетти.

Азбүбү башындагы оромолун оңдомуш этип, күйөөсүнө көз кыйыгын салды. Ансыз да кабагына муз тоңгон Сулайманкул эшегине такай байлап жүрчү кетменин бошото баштады. Азбүбү азыр кетмендин же өзүнө, же инисине тиерин сезип, ага чуркап жетти да колунан кармай калды.

– Сабыр этиңиз, суучум, мен азыр, – Азбүбү кетменди колунан жула качып ары басты. Анан үкөсүнүн жүзүнө карабай, күйөөсүн ээрчип кетип калды. «Мейли, балалуу болгончо тура турайын, кийин балдарына алаксып, мага да ичи суур». Эшегин баш-көзгө койгулап, кабак бүрккөн эрине Азбүбү бир чети ыраазы болду учкашып келе жатып.

Сулайманкул суучунун жаш токол алганы кыштакка тарап, журт «дүү» дей түштү. Бригат суу башына аты менен чаап жетти, кеч боло электе Сулайманкулга закунду түшүндүрмөккө.

Бригаттын сөзүн эшитип туруп, Сулайманкул чоң кара кетменин арык четине ныгыра басты да, бешенесиндеги мончоктогон терин жеңи менен шыпырды. Анан бригатка тике карап:

– Эжең менен сүйлөш, үкөм, мен ошо шордуунун айтканын жасадым, макул десе эртеңден калбай алып келген немесин кайра жеткирип коём.

Бу сөзгө бригаттын күлкүсү келди. Суучуга ишене бербеди.

– Ава, өөдө жактан бирөө билип калса ишиңиз жаман болот. Азыр илгерки чалдардын заманы эмес, жаш аял алган.

Бригат аттан түшүп жакын келди. А Сулайманкул кетменин шак желкеге артып, дуңкулдап жөнөп калды.

– Үйгө барып билген намазыңды оку, эмне кылсаң ошо кыл.

Ачууга алдырган бригат Азбүбүгө келди.

– Адегенде аттан түш, балам, – Азбүбү эмнеси болсо да бригатты сөзгө тартты. Анын үнү жумшак, бирок октом чыкты.

Бригат эки күндөн жашаган үйгө ачуу менен шар кирип барды. Бала көтөргөн жаш келин муну көрүп, үйдү айлана басты.


Азбүбү өргөгө жакындоо төшөп, «өтө бер» дегендей бригатка ишарат жасады да өзү сөрүнүп этек жагына көчүп басты.

– Балам, балдарыңды багам деп, ошолордун күнүн көрөм деп, аялың экөөң ушинтип тер төгүп иштеп жүрөсүңөр. Биз, аваң экообүз эмне максат менен жашап жүрөбүз, аны өзүбүз да билбейбиз, ойлоно берип баш катты. Өзүмдү өзүм алаксытып, ата-бабам кылбаган бакшылыкты кылып жүрөм, – мандаш урунуп отурган Азбүбү бригатка тик карап сүйлөдү. – Аваңды бала көрсө дегемин. Бу шордуу да раматылык күйөөсүнөн калган баласы менен баш паанек жер издеп, туугандарынын түрткүсүндө калыптыр – келин басып кеткен тарапты карап сүйлөдү. – Же эмчектеги бала менен иштей албаса, ата-эне, жакын туугандан кур болсо. Колундагы баланын айынан келип отурат. Согуш бүткөнүнө эми мына жети жылдын жүзү болду. Али элдин карды тоё элек. Мындай жетим-жесирге кыйын маал, сен мага кайдагы закүндү айтып башты оорутуп отурасың, үкөм. Баласы эсен-аман чоңойсун, Сулайманкул суучуң да ушунун көлөкөсүндө бала көрсүн. Мен эмне жыргап кеткенимден ушул ишке бардымбы, айланайын. – Азбүбү жашып кетти. – Мен эми катын болмок белем аваңарга, доорум, шааним бүттү. Эми шорум да арылсын, эримдин башын

байлабай, эртеби-кечпи кете турган адаммын... – Үнү каргылдана түшкөн Азбүбү маасысын кычырата басып, ордунан козголуп очок тарапка ыктады. Азбүбүнү аяп да, таң калып да карап калган жаш бригат ага ылайык көңүл жубатаар сөз табалбай, баягы киргендеги ачуусун мыжыга кармап колундагы камчысына чыгарды.

Арадан бир топ жыл өттү. Сулайманкул суучу эки эркек бала көрдү. Бирок Азбүбү өзү ойлогондой үйдөн кете албады. Балдардын төрөлүшү менен бу үч адам ого бетер ымалаша түшкөндөй болду. Азбүбүнүн жаш күндөшү балдарынын көп түйшүгүн ага көтөртүп койду. Ушунусу менен ал Азбүбүгө да, Сулайманкул суучуга да жакты. Алар узак жылдар кошуна колоңду суктантып ынтымак өмүр сүрүштү. Бирок Азбүбү кемпир коз жумган соң, эми гана элүүгө таяган анын күнүлөшү аны ээрчигендей болуп, ал да каза тапты. Сулайманкулга да, балдарына да ааламга сыйгыс арман түштү.

*21. 02. 1987*



## КУР НАМЫС


Ширинбү бүк түшүп кечке турбай жатты. Ич-боорун чаңдай чапкан ойлорунан арыла албай турду да кечки саанга жөнөдү. Уйдун эмчегин күч менен тарткан карылуу колдору алсырап, бат эле чарчап калды. Үйгө келе жатып акыры бу чечимге келди: «Кой, эртең Калыяга кирип алчу кагазын алып районго барайын, алдырсам алдырып келейин, балдарымды жер караттпай». Элүүдөн ашып калган курагында күтүүсүз бойго бүткөн баласы Ширинбүнү да, Эргешти да кыйла ыңгайсыз абалга салды. Эргеш эмне болсо да эркек экен, ага не шам: «Карыганда жинди болдуңбу алдырып, ушунча төрөгөн балдарыңдын бири, муну да төрөйсүң» деген ал аялын районго жибербей койду.

Чоңоюп калган балдары алдыртан апасына кабак бүркөп, ымыркайдын төрөлүшүн эч кимиси каалабады. Айрыкча балдарынын туну Кадырбек бул кепти уккандан бери апасы тарапка каттабай койгон. Ал жакында совхозго деректир болгон. Эл алдында анчамынча кадыр күткөн баласы баарынан көп намыстанды. Үйлүү-жайлуу үч кызы булкулдап-жулкулдап таарынып кетишкен: «Кокууй, апасы тууптур дегени эмнеси» деп. Ширинбү кандай болсо да төрөбөй коюунун амалын астыртан издеди. Ушунча жашка келип мындай азапты баштан өткөргөн эмес эле. Эл оозунан эмне укса, ошонун баарын жасады. Бу саам ага өзүнүн ден соолугунан да ушул «балээден» кутулуу түйшүккө салды. Түк айласы кеткенде табыпка да барды. Табып:

«Мылтыктын огун таап ичкин, ичиңди ысытып, заматта түшүрүп коёт» деди. Ширинбү сурамжылап жүрүп окту да таап ичти. Ичи өрт алгандай күйүп чыкты, денеси сыздап, аябай кыйналды, бирок баласы боюнан түшпөдү.

Ай күнү жетип, баатыр эне Ширинбү он биринчи баласын, эркек баласын төрөгөн күнү уккан-билгендин баары текши сүйүндү: «Бечара аман-эсен көз жарып алыптыр» дешип. Бу кабарды укса да балдарынын ичинен бир гана Кадырбеги келген жок. Бирок анын таарынычы көпкө созулбады. Ымыркай бир айга жетпей чарчап калды. Ширинбү боюмдан түшүрөм деп жүрүп ичтеги баланы кыйнап койгон белем. Баатыр эненин ден соолугу да кыйындай түштү. Кадырбек муну угар менен жетип келди. Ата-апасынын жүзүн карай албай, жансыз жаткан наристени тиктеп, ок жеп алганча бүткөн бою күйүп-жанды. Ымыркай Кадырбекке куюп койгондой окшош эле. Арман ай, бир жолу келип көрүп койсо не болмок ушу бөбөгүнүн бакыраң көзүн. Ал ушул учурда тирүү, бейкүнөө кенже инисин көз алдына элестете албай, чүпүрөктөй чүрүшө түшкөн апасынын жүзүн тиктей албай, аны майда калтырак басты, ушу өлүмгө өзү себепкер болгону мээсине келээр замат, үй жаңырта өксөп коё берди.

*04. 05. 1986.*



# КНОПКА

Узун бойлуу киши али жолго жүрө элек баласын ар дайым колуна көтөрүп жүрөт. Баласы да атасынын мойнунан бекем кучактап, анын тер ымшыган бешенесин улам-улам өбө берет. Баласы өпкөн сайын атасынын кайраты, кубаты ашып, колунун чарчаганын, талыганын да унутуп кете берет. Наристе ошон үчүн эчтеден коляскага түшпөй калды. Коляскага салса эле ата менен баланын аралыгы өтө узап кеткендей, колясканы тарткан узун бойлуу киши уулуна улам эңкейе берип, биротоло эки бүктөлүп кала турган. Уулу да коляскада жөн отурбай улам артын карап, атасын чакыра берет. Анан ата-бала бул экөөнүн жакындыгын бузган колясканы бекем катып салышты.

Булар шаарда бийик кабат үйдө турушат. Узун бойлуу киши баласы көз ачып бирдеме боолгологондон тартып ага кнопка басканды үйрөтө баштады. Анткени алар күн сайын эшиктен үйгө келе жатып адегенде лифттин кнопкасын, сегизинчи кабатка жеткен соң өздөрүнүн үйүнүн эшигинин кнопкасын басышат. Уулун колуна көтөрүп жүргөн кишинин жада калса радиосу, телевизору да кнопка менен иштейт. Мына ушул кнопкалардын баарын наристенин быйтыйган колу басат, атасы карап турат, экөө тең мындан чоң ырахат алышат. Бала эс тарткан сайын кнопкалардын сыйкырдуу күчүнө таң калып жүрдү. Бири аларды өөдө көтөрөт, түшүрөт, бирөөсү коңгуроо чалат, үчүнчүсү телевизор менен радиону сүйлөтөт, же үнүн басат.

Эмчектеги бала апасынын кнопка-топчулуу көйнөгүнүн көкүрөк тушундагы жалтырак кнопканы бармагы менен баса баштаганда апасы анын курсагы ачканын түшүнчү да эмизе баштачу. Бала да ушуга көнүп алган эле. Кнопка басканды аябай жакшы көргөн бала кийин мектеп жашына жеткенде андан көңүлү үч көчкөндөй калды...

Ушул күндөрү узун бойлуу атасы менен кнопкалуу койнок кийген апасы катуу урушуп кетти. Бала тынбай сүйлөп да, кыйкырып да, ыйлап да жаткан апасына кантип жардам берип соороторун билбей, акыры адаты боюнча анын көйнөгүнүн топчуларын кармалап, бозоруп калды. Булкулдаган ачуулуу апасы өзүнө жабышкан уулун түртүп салды. Жыгылып түшкөн бала ыйлап жиберди. Узун бойлуу киши тура калып аялын сабап кирди. Эми бала атасын кантип токтотууну билбей, эки мушташкан адамдын буту-колуна аралашып, өзү да кыйла токмок жеди. Бул окуядан кийин апасы ооруканада көп жатып, кабагы салыңкы атасы иче баштады.

Бала мектепке барды. Мектепте да, үйдө да ойлоп санааркаганы эле кнопка. Кнопка басылганда жүрөгү бир «зырп» деп алат: сабакта ар кайсыны ойлоп отурган баланы чырылдаган коңгуроо чочутат. Үйдө болсо атасынын беймаал түнүчүндө келип, эшиктин кнопкасын бар күчү менен басканы, төшөктө жаткан апасынын бир «шуу» үшкүрүп алып кылдырап барып каалганы ачканы, жер тиктеп, сүзө тургансып турган атасын жекире караганын ойгоо жаткан бала туйчу. Кийин атасы түнүчүндө да келбей калды. Бала кнопкаларды ким ойлоп тапты экен деп өзүнчө кыжалат болот. Ошол ойлоп тапкан киши эмне үчүн адамдарга да салчу кнопканы ойлоп таппайт, кишинин радионукуна, телевизордукуна окшогон. Анда апасы оорулуу,

атасы аракеч болбойт эле, кетип да калбайт эле. Эми эле алар уруша баштаганда бала акырын байкатпай барып, алардын кнопкасын басып токтотуп салмак. Анан баары ойдогудай, жакшы болор эле.

Бир күнү мектепте баланы чоң балдар коркутуп коюшту. «Эгер, – дешти алар, – душмандар бизди карап өз жеринен бир кнопканы басса эле биз секундда тыптыйпыл болобуз». Көздөрү алая түшкөн бала акыры чыдабай аларга суроо берди: «Бизде да барбы ошондой кнопка?» «Ооба, сөзсүз да», – дешти балдар. Мындай тири укмуш кнопкалардын бардыгы баланы бир топ чочутуп, ойлонтуп койду. «Бүт адамдарды, жанжаныбарларды, үйлөрдү, чөптөрдү, гүлдөрдү, сууларды күлгө айлантkан кнопканын кимге кереги бар, аларды неге ойлоп табышат? Муну жасаган киши бир адамды арак ичпес кылуунун, эки адамдын урушпасынын кнопкасын ойлоп таппайбы?» Бала уктабай түнү бою ойлонуп жатты. Эртеси мектепке барып кечээги чоң балдарга минтип айтты: «Билесиңерби, мен чоңойсом адамдардын өзүнө салынчу кнопканы ойлоп табам, ошондо жанагы силер айткан коркунучтуу кнопканын баары жок болот, андан эч ким коркпой калат, анын кереги да жок болот».

Чоң балдар кичине баланы карап, анын олуттуу тарткан кебетесин шылдыңдап бир каткырып алышты да классстарына кирип кетишти. Бала ыза болгон жок. Ал ушул оюн ойлоп жүрө берди. Жайында кыштакка барып бул тилегин таятасына айтты, ал киши шылдыңдаган жок, кайра «Тилегинди кудай берсин!» деп кубаттап койду. Биздин да балага айтаарыбыз ушул.

*22. 02. 1998.*

# АЙЫЛДАШТАР

## СААТ

Кошунасынын үйүнө тойго келген Ашыржан кемпирдин көзүнө терезе түбүндө тынбай чыкылдап жүрүп жаткан тыкыйган коңгуроолуу саат урунду. Кемпир саатты эч кимге билдирбей алды да, бир жерине салып койду. Бул «бир жери» бир нерсе уурдап ката койгонго ишенимдүү эле, кемпирди эч убакта уят кылган эмес. Азыр да кемпир үй толгон көпчүлүк ичинде, дасторкон үстүндө бейкапар отурду. Той шааниси кызып калган учурда сааттын ачуу чырылдагы отургандардын баарын «селт» эттирди. Үй ээлери саат турган терезе тарапты жарыша караштьы. Саат ордунда жок. Сааттын коңгуроосу Ашыржан кемпирдин дамбалынын аласы туштан чыгып жатты. Кемпир отурган жерден колун ыштанына сала албай, же жөн отура албай, же таңыркап карап калган үй толо көздөрдөн өзүн ката албай саамга айласы кетти. Анан күч менен ордунан обдула туруп, сыртка ылдам басты. Анын артынан эч ким кошо чыккан жок. Кемпирдин колу туткак экени бүт айылга дайын эле. Үй ээсинин кичинекей кызы гана: «Ашыржан ууру, бер биздин саатыбызды, таштап кет саатты» деп кемпирди бучкактап ээрчип алды.

## КЕРОСИН

Миртемир аксакал таягын таянып, аксап-тескеп өйүздү көздөй баратты айылдын эң касиеттүү пирим-

молдосуна. Кичинекей небереси кыйналып жатат, керосинди билбей ичип алыптыр. Молдону алып келип дем салдырсак айыгып кетет деген чал бар күчүн чолок бутуна чыгарды чуркап. Бу чалдын демейден тыш шашып бараткапын көргөн мугалим кошунасы аны жолдон кармап сөзгө тартты:

– Тынчтыкпы, ава?!

– Кайдагы тынчтык, Гапарбек керосин ичип алыптыр, балаң түшкүр кыйналып жатат. Пиримге баратам, – Чал кошунасына кыска сүйлөдү. Убактымды алба деди окшойт.

Чалды узата караган мугалим керосин ичкен балага пирим молдонун кандай тиешеси бар деген ойду ойлоп, күлкүсү келсе да, шашкан бойдон кошунасынын үйүнө келди. Чын эле 3 жаштагы бала өң алеттен кеткен, кусуп жатат. Ылдам басып почтого жетти да райондон «тез жардам» чакырды.

Тоо таянган бул айылдын молдосу элине өзгөчө кадыр-барктуу эле. Ал жөн эле молдо эмес, айылдын ак сөөгү, пири, эл аны кудайдын өкүлүндөй ишенген жайы бар эле. Ал тээ алтымышынчы жылдары бул айылга башка өлкөдөн көчүп келген. Келгендеги максаты ушул тоолуктарга кызмат кылуу болгон. Карапайым айылдыктар ичи ооруса да, тиши ооруса да андан шыпаа издеп бара беришчү. Пирим-молдо эч кимдин көңүлүн калтырчу эмес. Кийин кыраакы молдо уулдары бой жеткенде бирөөсүн тиш доктур, бирөөсүн ич доктур, үчүнчүсүн хирург доктур кесиптерине окутуп, биротоло айылдыктардын ажаатын ачып керегине жарады.

## КОЗУ

Таң эртең сууга барган Жолдош агайдын келини чоң каналда агып келаткан кара козуну кармап алды.

Чакаларын таштап, козуну балача кучактап үйгө көтөрүп келди. Куйруктуу, баглан козу көпкө чейин аккан окшойт калчылдап, буттарын жерге такай албай бир топ кыйналды. Дагы бир аз ага түшсө өлүп калмак экен. Качан күн чакчайып, ысыта баштаганда козуга жан кирди. Жолдош агай козунун кулагындагы энин жакшылап карады да, айылдын чалдар, балдар топтолчу мектеп алдына жөнөдү. Келди да күнөстөп отургандарга кайрылды:

– Менин келиним бүгүн эртең менен чоң каналдан агып келаткан куйруктуу кара козуну кармап алыптыр, кулагындагы эни мындай экен... кимиңердики? – Агай оозун жыйганча ортодон Ормон аракеч шашып тура калды:

– Ал меники, кечээтен бери издеп айлабыз кетип аткан...

Ормон аракеч көп сүйлөп отурган жок, келди да козуну көтөрүп кетти. Жолдош мугалимдин байбичеси, балдары анын сырын жакшы билчү. Эч кимиси «Эмне үчүн айттың? Эмне үчүн Ормон козуну көтөрүп кетет? Анын козусу экенин бир кудай билет, өзүбүз эле жесек болбойт беле» деген сыяктуу суроолорду берген жок. Бир гана келини ичинен кейип алды: «Эртең мененки муздак сууга колу, бутун матырып атып кармап алды эле, аз жерден өзү да агып кетпей, анын үстүнө үйдөгүлөр баары эртең мененки сенин олжоң дешип төлгө да кылып жибериште эле».

Жолдош агай ушундай жанда жок ак жүрөк киши эле.

## ЫСМАНАБАД

Карабулак айылына жете бербей созулуп жаткан бак көзгө урунат. Өз учурунда бу дүпүйгөн бак колхозго да, колхозчуларга да көп пайдасын тийгизген.

Кийин ушул бактын баштоочусу, багуучусу Ысман багбандын козү откөн соң каралбай калды. Бирок аты калды эл оозунда «Ысманабад» деп. Ушул бир кезде шыбак баскан, эч нерсе өспөгөн жерге суу чыгартып, жыл сайын күргүштөтө көчөт тигип отуруп, бакка айланткан Ысман багбан картайып, ооруп төшөктө жатып калганда да ушул бактар жөнүндө: «Сугарылдыбы? Каралдыбы?» – деп келген-кеткенден улам сурап, кабатыр жеген дешет.

Ысман багбан көзүнүн тирүүсүндө эле өзү жата турган бейитин дайындап, жупуну эстелигин орнотуп койду. Эл көзүнө бу оор жорук болсо да мунун жөнү бар эле. Перзенти жок, өлүп кетсем мени ким эстейт деди го. «Жамалымды тогуз уулга алмаштырбаймын» дечү экен. Торобос аялың менен ажырашып, башкага үйлөнүп балалуу болбойсуңбу дегендерге ал бир гана ушул жоопту айтып кутулчу экен. Ысман багбандын жүрөгүн түбөлүк багынткан Жамал кемпир чалынан мурда кете бериптир. Чал өмүрүнүн акыркы күндөрүн кемпирисиз өткөргөн.

Ысман багбан пешене терин ченебей төккөн бак азыр четинен суюлуп, сейрек тартып калды. «Артымда бала калбаса да, бак калсын» деп бир учурда жан талашкан Ысман аксакалдын бейити да ушул бакка жакын, бакты карап тургансыйт.

*24. 01. 2006.*



# АКЫРКЫ РАИС

Ал кишинин өз аты Акимжан эле. Бирок аны таанып билгендердин баары «раис аке» дешчү. Атынан атагандар аз эле. Ушул киши азыр райондун борборунан үйүнө келе жатып өзүн кыйнаган кымгуут ойлордон улам беймаза болду. Бул эмнеси, өзүн коерго жер таппай, ыза болдубу, же чын эле ичи күйүп жатабы? Бирде ачуусу келип муштуму түйүлө калса, бир туруп эркеп ыйлагысы келет. Шопуруна карап улам «ылдамыраак айдачы» дейт, баари бир машинеси кең жолдо кыбырагандан кыбырады, айылына жетиши чоң азап болду.

Бүгүн эртең менен аны районго акимчиликке чакыртышкан. Колхозду таратып, майда жеке чарбаларды түзүү тууралуу айтышты. Кызыл жүздүү, көз айнекчен жаш аким бул ойду раиске аны менен кеңешкиси келип айтпады, түз эле өзүнүн акыркы чечими катары айтты. Буга раис таң калды. Бир ирет барып колхозду аралап көрө элек, эл менен сүйлөшө элек аким ал-жай сурашпай туруп эмне үчүн мындай бүтүм чыгарат. Акимжан бир аз буйдала түшкөнү болбосо таң калуусун жашыра албады.

– Кадыр Шопокович, колхозубуз, кудая шүгүр, өкмөткө карыз эмес, кирешелүү чарба, колхозчулардын турмуш абалы да башкалардан кыйла түзүк, эмне үчүн...

– Кеп анда эмес, аксакал, – Аким раистин сөзүн бөлдү, – Азыр бардык жерде менчиктештирүү жүрүп

жатат, сиз да кабардарсыз. Билебиз, колхозуңуз чоң, элиңиз, жериңиз көп. Бирок баари бир биз аны таратышыбыз керек. Жогортон келген буйрук ушундай. Антпесек, сиздин эл эмне дейт. Арыздана башташат, керек болсо Президентке чейин да барышат.

Жаш аким сөзүн бүтүрдү да баятан таң калуусу тарай элек раиске суроолуу карады.

– Кадыр Шопокович, эл менен да кеңешип көрсөкпү, алар эмне дейт, мүмкүн майдалануунун биздин колхоз үчүн зарылчылыгы жоктур. – Акимжан дагы эле ишене бербеди, негедир анын колхозду таратаар оюу жок. Ырас, былтыр карызга баткан бир нече колхоз, совхоздорду таратып жиберишкен. Бирок Акимжандын колхозу райондогу жападан жалгыз түзүгүрөөк колхоз эле.

– Эл, эл дейсиз, Акимжан Кабылович, мен айтпадымбы, эл деген баягы эмес, бүгүн бирди сүйлөп, эртең дагы башканы айтат. Кепти созбой адистер менен кеңешип, бул ишти эртеңден баштоо керек. – Аким сөзүн кескин бүтүрдү.

...Раис жол бою өз акылы өзүнө баш ийбей бушайман болду. Мындан алтымыш жыл мурда ушул колхозду уюштурам деп, бири ойдо, бири тоодо жүргөн элдин башын бириктирем деп жүрүп акыры киши колдуу болуп өмүрү кыйылган биринчи раис Садык Саматовду эстеди. Былтыр гана бүт айыл түп көтөрө демилге коюп ал кишинин ысымын колхозго беришкен эле. Мына эми эртеңден баштап колхоз да жок, ал раистин ысымы да жок. Акимжан да жыйырма жыл иштеген иши, көнгөн жумушу, бүтүндөй бир өмүрү менен коштошкону жатат. Деги кызык, Акимжан өмүр бою эле раис болуп жүрөм деген го, кызмат, бийлик колдун кири экенин ойлободу бекен. Жок, кеп анда эмес эле. Акимжан эртедир, кечтир раистиктен түшөөрүн

билчү. Бирок, ким ойлоптур аны акыркы раис, колхозду таратуучу, кашыктап топтогонду чөмүчтөп чачуучу болоору түшүнө да кирбептир. Муну ойлогондо жүрөгү «шуу» деп кетти. Капырай десе, колхоздун мүлкүн сырттан келген бирөө алмак беле, өзүнүн эли алат, алар бир жакка көтөрүп кетмек беле. Мындай ойлосоң сарсанаага түшчүдөй коркунуч деле жок. Бирок эми аларды Акимжан баягыдай бир нукка буруп, өз билгениндей башкара албайт, аларга сөзү өтпөйт. Раис саамга тунжурай түштү. Көз алдына элдин жакшы жер талашып, бири бирине атаандашып, баягы бир жеңден кол чыгарган колхозчулар топ-топ болуп алып, ачык каршылаштарга айланаарын элестетти.


Эми өзүнүн мындан аркы турмушу эмне болот? Эл аны эртеңден баштап «раис аке» дебей, Акимжан дешет. Өмүрүнүн көп бөлүгү өткөн кеңсеси, минип жүргөн машинеси менен кош айтышат. Атаңдын гөрү десе, дүнүйө да топтобоптур. Өмүр бою эле ушул машинеден түшпөй тургандай, машине да сатып албаптыр. Колхозу бай болгону менен Акимжан өзү кедей экен. Эптеп былтыр мындан беш жыл мурда баштаган тамын араң бүтүргөн, ушуга шүгүр, үйсүз да калмак экен. Раис азыр ойлоп көрсө, колхоздун мүлкү, байлыгы болуп, эл ток болсо, өзү да ток болуп жүрө бериптир. Аскердеги уулун ойлоду. Жүрөгү «тыз» деп алды. Сагынып калыптыр. Уулунун: «Башка раистердин балдары армияга барышпайт экен, эптеп окууга өтүшөт экен, сиз бизди такыр ойлобойсуз» деп наараза болгон сөзүн эстеди. Акимжан ага көп этибар берген эмес эле. Дээринде балдары да колхоздун, элдин балдарындай сезилчү. Аларга өзгөчө көңүл бөлүп, бөпөлөбөптүр да. Раис колхозчуларынын баарын жакшы билчү. Кимисинде канча баласы бар, мүнөздөрү, жашоо шарттары

менен кабардар эле. Колхозчуларынын ичинен бирөө жарымы ушул күнгө чейин колхозду майда чарбаларга таратуу жөнүндө кеп чыгарган эмес. Балким, эртең бөлүнбөйбүз деп түп көтөрө чыгышсачы. Бирок, Акимжандын жүрөгү түпөйүл, менчик деген менчик, өз алдынча эркин иштөө деген да оңой азгырык эмес. Мүмкүн, өзүнүн коюн-колтук алышкан колхозчуларынын ичинен эле ушул күндү зарыга күтүп, тымызын ичтен сызгандары бардыр. Райондун акими да бир чети туура сүйлөдү. Бирок, акимди да өзүнөн жогору турган бирөө эртең чакырып туруп, акимчиликти таркат, бийлигинди бөлүп жибер десе, ал деле ошол замат «лаппай» дээрин кудай билет. Деги биз кызыкпыз, жогору жактан бирөө бириккиле десе, кыйналып жатып биригип, бөлүнгүлө десе дагы бөлүнө калып. Раис өз жумушуна жанын сайып иштечү. Ошондон улам раис болбой калса баары бүтчүдөй туюлду ага. Башка эч кандай жумуш колунан келбечүдөй эки колу шалдайды, муун-жүүнү бошоду. Колхоздун тарашы менен кошо өзүнүн да колу кол, буту бут болуп бөлүнүп калчудай денеси чачырап кетти.

...Арадан бир топ күндөр өттү. Колхозду таратышты. Жердин баарын үлүштөргө бөлүп беришти. Колхоз тараса, кошо жоголчудай болгон Акимжан бир аз демин басты. Айылды тең жарып аккан чакан дайра баягысындай эле шоокум салат. Күн да баягысындай тоону айланып барып батат. Айылды көрккө бөлөп, жол боюнда зымыраган теректер баягысындай эле жүрөктү элеп-желеп кылып шуулдайт. Кечке маал уйлар мөөрөп, айлана сүт жыттанып, гүл жыттанып дегендей, баары ордунда. Бирок бир нерсе баягыдай эмес: көчөдө жол бербей чүкө аткан ойноок балдардан дайын жок, чай ичип чайканада чер жазып, масилет курушкан чалдар да азайды. Күдүндөп эле кетмен, күрөк

көтөрүп чак түш болсо да кыбыраган жандын баары талаада. Алар иштеринин көптүгүнөн кем сөз да болуп калышты. Мурда иш кызыган маалда раис үчүн мурда айрыкча балалуу аялдарды талаага ишке чыгаруу бир топ кыйын эле. Атын минип алып, бригадирин ээрчитип үймө үй кыдырган далай учурлары болгон. Эми минтип кары жашына, балалуусуна карабай жапырт жер тытып иштеп калышты. Суу чыкпаган жерге суу чыгарышып, түшүмдүүлүк да, буюрса, жылдагыдан жакшы. Бу элдин ичинде ушунча жыл катылып, сакталып жүргөн күч кубатка, демилгеге тан берди мурдагы раис. «Өзүм дегенде өгүздөй күчүм бар» деген накыл кептин маанисин өз көзү менен көрүп турду. Жеке менчиктен ажыратуу пендечиликтин табиятына каршы иш болгонун ичинен туюп, ынанганы менен, ушунча жыл коллективдүү чарбаны былк эттирбей башкарып келген мурдагы башкарма муну кыйлага чейин мойнуна алгысы келбеди...

*24. 09. 1999.*



## БИР АЙЫЛДА, БИР КҮНДӨ

Бир айылда бир күндө, эки башка үйдө, эки башка өмүр сүргөн эки адам көз жумду. Ким ойлоптур аларды бир күндө өлөт деп. Бири узак төшөк тарткан оорудан, экинчиси кокус. Бирок ооруп өлгөн кишинин балачакасынын арманы кокус өлгөнгө караганда күч болду. Муну өлүк көмүлгөн биринчи эле күнү бүт айыл билди. Бу эки адам көп жагынан окшош эмес эле. Ошон үчүн өлүмү да, көмүлүшү да окшобой калды. Бул эки кишинин бири малды бакканды гана билген, бири союп сатканды гана билген, бири мал арыктабаса, оорубаса экен деп кар кечип, көң чыгарып, ысыкка күйүп, суукка тоңуп, жүргөнү жайлоо, кыштоо болду. Экинчиси союлган малдан көбүрөөк пайда түшсө деп коюп, жылуу жумшак үйүндө, базардагы дүкөнүндө күн кечирген. Экөөнүн тең алты баласы бар. Кокус өлгөндүн заңгыраган эки кабат тамы бар, ооруп өлгөндүн жер титирегенде ар жеринен жарака кеткен жүдөө үйү бар. Жайыкышы мал артында жүргөн киши там салганга да шарты болбоду. Анын үстүнө бой тарткан балдары окуйбуз деди, окутту. Эми минтип балдары киши катарына кошулуп, өзү сыяктуу кой артында калбай кызматтарда иштеп, сый-урмат көрсөтөөрдө шашып кете берди. Таң эртеңден чыккан өкүрүк айылды каптап кетти. Жаракалуу жүдөө там ый менен өкүрүккө туруштук бере албай бузулганы араң турду. Ушул эле учурда айылдын берки башындагы кош кабат үй араң чыгып жаткан өкүрүктү жутуп алгансып тышка чыгар-

бай жатты. Сөөктү чыгараар маалга жакындаганда бул үй биротоло дымып калды.

Жүдөө тамдагы кыймыл менен ый күчөгөндөн күчөй берди. Сөөктү тегеренип турган бой тарткан кыздар ушунча келген элди көзүнө илбей, күйүп-бышканын жашыра албай боздоп жатышты. Жансыз сөөк ый менен тирилсе ушул кыздар эки күндө атасын тирилтип алмак. Босого жакка оой отурган байбиче кантсе да жашап калган неме ичиндеги күйүтүн сабырдуу чыккан кошогу менен коштоп отурду:

Сен Козу, мен Баян,
Ичим күйүп үн салам.
Кайрылбайсың эми сен,
Сен кеткен жакка мен барам...

Сыртта таяк кармап өкүргөн уулдарынын үнүнөн кулак тунат.

Аталары эми гана балдары менен сыймыктанып көкүрөк көтөргөн маалда шум ажалдын келгени эмнеси!? Уулдарынын арманы да бардыгынан күч болду. Коргонго киши батпай, кирген-чыккан адамдар дарбазага сыйбай, коргондун экинчи тарабын да ачып салышты. Келгендин баары ыйлады, сөөккө гана эмес, уул, кыздарын көрүп ыйлашты. Эски дартын жашырып жүрүп, адамдарды убарага салып, кыйналткысы келбей жүрүп, бу киши өз түбүнө жетти, жада калса ооруга да көңүлү жумшактык кылды.

Эки кабат үйдөгү таң эртеңден чыгып жаткан анчамынча өкүрүк улам азайып отуруп биротоло чыкпай калды. Балдары үчүн касап кокус көз жумса да, узак ооруп көз жумган койчудан арманы аз болгондой сезилди. Буга кыштак айран-таң. «Бечара балдарым кыйналбасын деп жанын үрөп иштейт эле, балдарынан көрөөрү ушулбу?» дешип, Касап уулдарын онду

бүтөөрү менен соода ишине салды. Беш жыл окуп, акча көрөтүп, анан ал айдан бул айга айлык күтүп отурбай, уруп-согуп пул тапканды үйрөнгүлө деди. Анын жакшы көргөн, күн сайын балдарына кайталап айткан насааты бул эле: «Пул-дос, пул-тууган, пул-абийир, пулуң болсо болду, кадырлуу сенсиң». Ар түрдүү тейлөө тармактарында иштеген уулдарын күн сайын 10–15 сом чайпулусуз үйгө келтирчү эмес эле. Оорукчан аялы [illegible] кызын күйөөгө берген соң, ушуну эле күтүп жүргөндөй бат эле каза тапты. Кайнатасы чийип койгон чийинге батпай, ыңгайын албай улуу келини биротоло кетип калган. Эртеден кечке базарда эт саткан адам жандуу менен жансыздын, адам менен айвандын айырмасын өтө аз билип калгандай, жалаң шуудураган акчаны  кан жыттанган, канга баткан кир колу менен сапоодон  өткөн ага ырахат жок эле.

Баятан таяк таяныл өкүрүп турган уулунун эсине көз ачып көргөн жайдары мүнөз аялы түшүп, ага жасаган атасынын катаал мамилесин, жоруктарын эстеп негедир катуу иренжип алды. Андан кийин атасы муну бир эмес, үч жолу үйлөдү. Багы ачылбады. Күйөөдөгү кыздары эки-үч жылда араң бир келип кетишчү. Ошондо да кабактары салыңкы келип, салыңкы кетишчү. Сөөк башында кошок кошуп отурган касаптын бу кыздары  төркүнүндө биринчи жолу  бүгүн өздөрүн эркин сезип, буту-колун сунуп отурушту. Касап төртөөнү тең оокаттуу жерлерди тандап өзү берген. Бирөө жарымы атам бар эле деп арызданып келсе, ошол замат кайра жолуна салчу. Кыздарынын көңүлү, ден соолугу, турмушу менен түк иши жок эле. Атасына алар эптеп бирөөнүн эшигинде ага зыяны тийбей жүрсө болду эле. Сырты кооз, эки кабат үйдүн ичинде кандай сырдуу түйүн барын кыштак эли бир түшүнүп, бир түшүнбөйт. Бирок баари бир эл бул

касапты сыйлачу, анткени кимисине акча же эт керек болуп калса ага чуркап келишчү.

Сөөктү сууга алып, кепиндөө ырасмысын бирөө-жарым өз ыктыяры менен колго албай, касаптын бала-чакасы дүрбөй түштү. Демейде киши өлсө аны кепиндөөнү талашып жасашчу эмес беле, бирдеме алам, кием деп. Бул эмнеси: атасынын сөөгүн балдары өзү жууйбу? Келген-кеткенге өкүрүк чыгарып, каада кылуу эмес, сөөктү сөөктөй кылып узатуу түйшүгү түштү касаптын балдарына. Акчасы салаасынан төгүлгөн касапты тирүүсүндө сыйламыш болгондор баары тескери караштты. Акыры балдары атасынын: «акча– тууган, акча – дос» деген акылын колдонмок болушту. «Ким ушул ишти аткарса, ушунча акча берилет» деп астыртан турган элге билдиришти. Ошондо да эч ким чыга койбоду. Элде киши өлүп жатканда жанында келме келтирип узаткан бирөө болбосо арам өлгөн дешет. Касап мына ушундай өлүмгө кириптер болгон эле. Ким билет, эл ошондон качып жатабы? Же көпчүлүктөн өзгөчө бөлүнүп бай жашаган касапты эл чындап эле ичинен жаман көрүп жүргөнбү? Намыс менен ыза бууган балдары өздөрү жол-жобосун билип-билбей, молдонун ишараты менен эптеп аталарын жууп, кепинге салышты. Касапка дүр-дүйнөнү түрө жыйнаган мүлкү да, эки кабат үйү да, темир сокмо коргону да абийир боло албады. Балдары атасынын ким экенин ичтеринен билишсе да, айылдаштарына кыйла жыл таарынып жүрүштү.

*20. 05. 1986.*

# ГАЗАНЕК

Албуут дайрага курулган асма көпүрөдөн катуу жааган жамгырга карабай жетелешкен эки караан жай басып келатты. Ак жүндүн жоолугун чүмкөй салынган кыз кичинекей кыздын колун өтө бекем кармап алганын да сезбеди. Көзүнөн аккан жаш жамгыр суусуна кошулуп, көбүн ташкан дайра боюнда өткөн бала кургагын, күн-түндөп трактор айдаган убагын, түн жамында жолугушууга келип жүргөн олбурлуу жигит Апсаматты эстеп, ою уйгу-туйгу.

Суунун шарына үндөшкөн көкүрөгүндөгү муңдуу кыйкырык анын кылтылдап араң турган көпүрөдө баратканын да унуттуруп койду. Башындагы саймалуу топусун түшүп калбасын деп бир колуна кармап алган кыз колунун ооруганына жаны кейисе да, аны бошоткондон коркту. Ага ушул учурда көбүктөнгөн киргилт дайра буларды көпүрө менен кошо агызып кетчүдөй ал тигил чымыр колду ого бетер катуу кармап, корккonунан суусап чыкты. Эрбейген-сербейген чачынан аккан жамгыр суусун жалагылап, мурдун шор тартып алат. Алар көпүрөдөн өтүп, суу боюндагы чайканага жеткенче көнөктөгөн жамгыр басылган жок. Жамгыр сээлдегенче Ырызбан чайкананын эски сөрүсүндө кыздын буттарын чапанына ороп отурду. Кыз уктап калды.

Экөө кечки автобус менен күүгүмдө көмүрчүлөрдүн шаарчасына жетишти. Кыз дагы эле ойгонгон жок. Шаарга да жамгыр көп жаамтыр. Ырызбан кызды

жаткырып, түйүлүү муштумуна мыкчый кармаган бир үзүм нанын колунан алып койду. Бетинин оту кызыл, кашы ичке бу кыз бир караганда Ырызбанга түспөлдөш.

Чакан короону суунун көлчүктөрү бүтүндөй ээлептир. Үстү жабылбай калгандыктан, жибиген тандыр урай баштаган. Ырызбан тандырын оңдоп, жүзүмтактын түбүндөгү көлчүккө кол жууп жатып, кыш бою түшпөй чыккан жүзүмдүн куураган жалбырактарын бүгүнкү кара жаан кагып салганын көрдү. Ай жарыгында жылаңач бутакта салаңдап турган бир шиңгил кургай түшкөн жүзүмдү көрүп сүйүнүп кетти. Бакан менен уруп түшүрүп, үйгө алып кирди. Оозуна салса үшүк алып чүрүшкөнү эле болбосо даамы кадимкидей таттуу. «Бу да болсо кудайдын берген насиби». Ал газанек жүзүмдү абайлап кармап идишке салды. Кыз ойгонуп алып үйгө кетем деп чыр салса, эмне кылам деп сарсанаа болгон Ырызбандын көңүлү бир аз жайлангансыды. «Бала эмеспи, жүзүмдү берсем, алаксыр».

Күйөөсү түрмөгө түшүп, бир үйдө жалгыз калган Ырызбанга эжеси кыздарынын бирин берди, багып ал деп. Перзентсиз болушса да Ырызбан менен Апсамат туугандардын сөзүн укпай, таарынычын сезбей көп жыл бирге турушту. Аларды эч кандай күч ажырата албайт дечү кошуналары. Эми минтип бирөөсү көз көргүс, кулак уккус, жылан жаткыс жакка кетип, бирөөсү ээн коргондо жалгыз калды.

...Кудалаган жерге барбай, карыган энесинин сөзүн эки кылып Ырызбан трактор айдап жүргөн түндөрүнүн биринде Апсамат менен кетип калды. Кийин алар перзентсиз болуп калганда өзүнүн эле туугандары Ырызбанга энесинин каргышы тийди дешти. Каргыштан да жаманы кийин башталды.

Кеч күздө ооруп жатам деп Зулпукар авасы Апсаматты кыштакка чакыртты.

– Үкам, жашың өтүп баратат, бир мурдубогуң болбосо тукумуң уланбай калды дей бер. Карыган чакта бир туягың, жолоноөрүң жок кандай күнгө каласың. Өмүр бою эле ушул күч кайратың менен жүрөм дейсиңби, анан калса пенденин парзы бу жарыкка тукум калтыруу. – Кырылдаган тамагын улам түзөп Зулпукар авасы шашып сүйлөдү.

– Катыныңдын жообун бер! – Чал сөзүн өкүм бүтүрдү.

– Кантип? – Чочуп кеткен Апсамат авасынын сөзүн түшүнсө да, кайра ага ушул суроону узатты.

Чал таң калганынан көзү чанагынан чыга үкөсүн карады:

– Ээ, айван, ушунча жыл катын менен жашап, катындын жообун бергенди билбейсиңби, шариат ургур! – Чал жаткан жеринен обдулуп туруп, ары-бери күч менен баса баштады, кез-кезде түкүрүнүп алат. Үкөсү шаарчага кетип калгандан берки ага болгон таарынычын бүт көрсөткүсү келген көрүнөт.

– Өкмөт ишинде иштесең эле мусулманчылыктын баарын унутуп калат бекен, өкмөттүн ишин аткаруу башка, а тирүүчүлүктүн, адалчылыктын жосуну башка. Дини бөлөктөргө кошулуп жүрүп катының экөөң тең ада болоюн депсиңер, кудай жалгабаса! – Чал нес баскан үкөсүн бир карап алып, кагынып-силкинип чыгып кетти. Ата ордуна ата болуп чоңойткон агасы эч убакта Апсаматка мынчалык ачууланган эмес эле. Агасынын жанына неге мынча күч келди? Жаздыктай болгон келбеттүү кара жеңеси да үнсүз. Мустар болгон кайнисине жаны кейип, ал да кудайга нараазылык билдире күбүрөп алды.

Жолката үйүнө келе жатып ичи өрттөнүп, башы ооруп чыкты Апсаматтын. Өткөн жылы жаңы жыл

алдында болгон окуяны эстеп көңүлү айнып, үшкүрүп алды. Ошондо аяз атанын белеги деп шуудурак кагазга оролгон түркүн-түс конфеттерди балдарына алып жаткан бирге иштеген шериктеринин алдында бир бозоргон дейсиз. Жакын санаалаштары тигил таратып жаткан аялга: «Буга да берип коёсузбу жакшы тилек менен» деп кайрылышса, тизме көтөрүп тирмийген неме кагып-силкип жиберген: «Бу балдарга келген насип, конфет жегиси келсе, оболу балалуу болбойбу!»

Санаа менен ыза аралашып, кеч күздүн суугунда ысып чыкты. Үйүнө дейре бир дем менен келип, дарбазасына жеткенде артына бурулду. Жүрөгү өрөпкүп, оозу кургаган ал үйүнө кирбей, шаарчадагы чырагы дале өчпөй турган чайканага бет алды. Самоор түбүндө чок үйлөп отурган чайчы чал аны тик багып карабады, сууктан жүдөп оту менен убараланып жатты. «Кире бер» дегенсип ич жакты көрсөттү. Ич жак күрү-күү. Киргиси келбей пешайвандагы сөрүгө көчүк басты. Лапылдап жаап кирген карды, очок боюнда күйпөлөктөп жүргөн чалды карап Апсаматты дагы нес басты. Чал перзентсиз, кемпири өлгөн соң үйдө жалгыз отура албай минтип самоор менен алпурушуп жүрөт. Апсамат тагдыр пешенесине нараазы боло ойго басынды. Бала кезде ата-энеден өксүдү. Эми минтип баладан өксүп... Аялын эстеди, маңдайы жарык Ырызбанга убагында далайлар ашык болду эле. Анын минтип кем жаралып калганын. Ушул азыр не кылаарын билбей, жаны жай таппай, чачырап турду...

– Эй, бери кир, – Ич жактан бирөө көз ымдады. Анан отургандардын баары аны карап калды.

– Ырас келген соң кириш керек.

Он чакты эркектер палоо жасатып жешкен го, дасторкон үстүндө чачылган табак, мүлжүнгөн сөөктөр,

бир, эки баш аарчылган пияз жатат. Алар ортого карта чаап, акча сайып ойноп жатышкан.

– Капа эмесе, көмүрчүнү көрөлү, бай эмеспи, – алар Апсаматты заматта оюнга тартышты.

Апсамат өмүрүндө биринчи жолу мындай оюнду ойноду. Чөнтөгүндөгүнүн баарын уттурду. «Эч нерсе эмес дешти шериктери, эмкисинде сен утасың».

Кумар оюнунун кыл жиптери бууп чайканага түнкүсүн барганга Апсамат кынык таап алды. Кээ күндөрү чөнтөгү толуп келсе, кээ күндө бозоруп бош келет. Акчасы жок күндөрү үйүндөгү буюмдарын да көтөрө баштады.

Күйөөсүнүн чындап балээге кабылганын Ырызбан туйду. Мунун баары баласыздыктан. Кепти ачык айтып ажырашууга бел байлады.

Ушул түндөрдүн биринде көзгө көрүнөө буюмдарынын баарын уттуруп, айласы кетип алактап калган Апсаматтын бет маңдайына семиз өнөктөшү бутун талтайта тура калып мындай деди:

– Бу сапар катындарды койбойлубу? – Бери карап тургандарга көз кыса жымың деп алды. Унчукпай бозоро түшкөн Апсаматты ого бетер демитти:


– Ээ, дос, сенин эмнең кемийт? Туубас аялыңдын кайсы жерин аяп жатасың? Же корко тургандай балдарың болбосо. Мен го балдарымдын барына да кайыл болуп атсам, – ал Ырызбанды көз алдына элестете дагы жымыйып алды.

Баятан чарчап, башы чыңалган Апсаматты арак ичип, кумар ойноо жыргалы да тажатып, перзентсиз экенине маңдайында талтайып турган ушул киши эле себепкердей тура калып аны бар күчү менен ур токмокко алды. Милиция келгенче тургандардын бири да Апсаматты семиз шеригинен ажырата алышпады.

* * *

Уктап жаткан кыздын жанына кыйшая жаткан Ырызбан баланын таноосунан чыккан ысык демге башы айланып, али өзүнө белгисиз болгон укмуштай ыракатка батып турду. Наристелүү болгонун, газанек жүзүм таап алганын Апсаматка билдирүүгө дегдеп, жүрөгү элеп-желеп болду.

*24. 01. 1987.*



# БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ

Бир айылда жашаган, бирок орун очогу эки башка эки келин арылгыс арманга малынды. Кырктын кырына жаңы келген, ак жуумал, узун бойлуусу бакырайган көздөрүн жашка толтуруп, ый аралаш көңүл айтып келгендерге сүйлөп жатты:

– Өлбөй эле тирүү жүрсөчү, байкушум. Мен анын бардык кылык-жоругуна чыдайт элем. Элчилеп келинкызга барып, көзүмө үймөктөп чөп салса деле мейли эле, катын алса да мейли эле, тирүү эле жүрбөйбү. Жашай турган чагында жайрап калды, жок дегенде балдарынын биринин жакшылык күнүн көрсөчү, төрүндө чайын ичсечи... Өлөөрүн билди бекен, же бир көңүлүмдү калтырсачы...

Экинчи келин эми гана элүү таяп, бирок сын келбети жарашкан, үйүн үй, жайын жай кылган, өзүн мыктылардын биримин деп эсептеген аялдардан эле. Ал да көңүлүн сурап келгендерге буркурап ыйлап жатты:

– Ушундан көрө өлүп эле калсачы, мени элге, журтка шерменде кылбай. Эл караган бетим жер карады, кызындай болгон немени да алабы. Анысынын заматта тууп салганын кантесиң, бети жок. Балдарды тирүү жетим кылды, үйдө эмне жетпеди эле бул аңгиге, жээрин жеп, ичээрин ичип жүрүп кутурган акмак, барып бетин тытып келбесем атым өчсүн, өлтүртүп салам, жашатпайм жарык дүйнөдө... Мен эми кантем карып карыга окшобой, же жаш болбосом. Ушинтип кара башым какшап калабы!..


Эки эркектин айынан бу эки зайып көп жылдар ыйлашты. Бирөө ыйлаган сайын өлгөн эринин кадырын көтөрдү. Жанда жок асылга айлантты. Балдары атасы өлсө да анын атын сыймык менен эскерип жүрүштү. Тууган-уругу бул үйгө колдон келген жардамын аябай берип, колдоп келди. Убагында өз ишине берилип иштеп, үйбүлөсүн жанындай көрүп, кокус көзү өткөн эркектин сүрөтү ардакталып үйүнүн төрүндө илинип турду. Жубайы, бала-чакасы бул сүрөткө кудайындай сыйынып, коногун да ушул сүрөт алдында тосуп, эки сөзүнүн биринде аны эскерип, кийген кийимин көзүнө сүртүп, жыттап жүрүштү.

Өлгөн эркек денеси гана жок, өзү болсо бул үйдөгүлөргө аралашып, алардын жүрөгүндө, көңүлүндө түбөлүк калды.

Экинчи үйдө болсо энесинин ар бир ыйы балдарындагы атасына болгон көңүл калуучулукту ансайын күчөтүп отурду. Соодагер аялынын тапканын чачып, ичкенде ичип, иштегенде иштеп жүрүп, бир күн сүйүүгө кабылып калып, бала-чакасын таштап, кетип калган эркектин азан чакырып коюлган өз ысмы кеткен күнүнүн эртеси эле өчүп калды. Үйүндө чоңоюп калган балдары ага «Мажнун» деген атты коюшту. Ал жөнүндөгү ар бир эскерүү ыза менен, жек көрүү менен коштолуп жатты. «Мажнун» атанын үйдөгү кийимдери байпагынан өйдө короого чыгарылып күйгүзүлдү. Ага тиешелүү буюм-тайымдын баары акыр-чикир салынчу жашикке ыргытылды. Сүрөттөрү тытылды. Бирге түшкөн сүрөттөрдөн анын сөлөкөтүн кесип салышты. Кыскасы, жыйырма жылдан ашуун бул үйдө эр, ата болуп келген эркекти биротоло жокко чыгаруу чабуулу катуу башталды. Күйгөн көйнөктөр менен кошо, балдардын көкүрөгү да күйдү, тытылган сүрөттөр менен кошо алардын атага болгон мээр-акыбетинин да

быт-чыты чыкты бейм. Балдар атасы жөнүндө кокус сөз болгондо жер тиктеген бойдон үн катышпайт. Алар ыйын, жоктоосун энесиндей болуп ыйлап чыгара алышпады, каргай алышпады, сөгө алышпады, ичинен сызышты. Кеткен эркектин тууган-уругу бул үйгө даап басып келе албай, балдар атасыз гана эмес, туугансыз да калышты.

*20. 01. 2000.*



# КҮЙӨӨМ – КҮЙӨӨРҮМБҮ, АЯЛЫМ –АЙААРЫМБЫ, ЖЕ...

## ТИЛЕК

Таң атпай айылдын үстүңкү көчөсүндө топурактан курулган тамын шыбап жаткан жигитке бир досу келди да учурашпай туруп, бөтөлкөсүн койнунан сууруп чыкты. «Ай, уста, бир баш жазбайлыбы» деген ал жооп күтпөй эле тамаркада өсүп турган помидор менен пияздан үзүп, закуско даярдап кирди. Жумушу чачынан көп уста эмне дээрин билбеди. Арак деле артынан кууп иччү эмес. Анын үстүнө кечке бул шыбак дегенин бүтүп салбаса, эртең жыгач иштери башталат. Баткактан да тажады. Арагын ыстаканга бөлө куйган досу аны күтүп туруп калды. Бу саарлап, шашып келген досунун көңүлүн уламыш болуп уста колун чала-була жууп, анын жанына келди. Бирок ичпеди. Ыстаканын тартып ийген соң кызыл, дордойгон мурундуу теңтушу ага кызыктай көз караш менен бир саамга тигиле калды. Эмне ичпейсиң деп атат го деген уста актана баштады. «Ээ дос, бу ылайды кечке шыбап салбасам эртеңге дейре катып калат, анын үстүнө батыраак бүтүш керек болуп жатат. Күзгө аяшың келем деген, уулубузга сүннөт той беребиз...» Уста дагы бир топ таттуу, таттуу пландарын, ойлорун маңдайында арактын шимире жутуп, ырахаттанып турган досуна айтып жатты. Бирок аракка тойгон теңтушунун ку-

лагына эч нерсе кирген жок. Анын турпатында бир гана уста теңтушун аяган сезим турду. Бу байкуш эки жылдан бери жалгыз турат. Аялы акча табам деп Орусияга кеткен. Ошондон бери бу же үйүн оңдойт, же малына чуркайт, же жаман трактору менен жер айдайт, кыскасы тынымы жок, уулу да кичинекей. Эми мына кечээ Орусиядан кошунасынын аялы келген. Ал келгенден бери жаагын жанып кимди көрсө айтып жатат: бу устанын келинчеги Орусиянын базарында иштеген бирөөгө эбак тийип алганын, эми бул айылга кадам коюп келбесин. Анысы өтө бай экенин, контейнерлери бар экенин, деги койчу тиги келин азыр бул айылды, күйөөсүн, уулун унутканы качан, боюнда бар, жакында көз жарат» дейт. «Аяшың көп акча алып келсе, малды көбөйтөлү деп жатам. Мобу чөп-чарды карабайсыңбы, ким жейт», ал жай бою тырмалаңдап оруп жыйнаган короосундагы чөп чөмөлөсүн жаңсады. Устанын таттуу ойлорунун чеги жок эле. Мас досу ага катынынын кабарын угуза албай айласы кетип турду.

## ЖУБАЙ

Көп жыл бирге жашаган күйөөсүн үйүнөн башка аял менен кармап алган келин ызасына чыдабай тамынын артын айланып өттү да суусу көз илешпей катуу аккан каналга боюн таштап өлүп алды.

Айылдагылар келиндин жоругун эси жоктук дешти. Чоңоюп калган балдарынын күнүн көрбөйбү, бир жаман эркектин айынан да жан кыябы дешти. Молдолор жаназа окулбайт деп чечишти. Эс тартып калган балдары чыркырап, жанда жок мээримдүү, алмашкыс апасын жоктоп, айылды түп көтөрүштү. Эбактан бери ышкыдан көзү тумандап, ыракат менен жыргалдан

жер бетинде баспай эле учуп калган эркек аялын мындай акыркы кадамга барат деп ойлобосо керек. Жан айласын таппай турду, ал айылдагы эң бир жексур, жек көрүндүгө айланды. Айылдаштары анын бетине түкүрүп жатты, мындан көрө өлүп тын дешти. Ал же өлө албай, же, акыл эсин жыйнай албай калды. Көз алдында мындан көп жылдар мурда désinститутта окуган, сарынын ак жуумалы, шыңга бой кыз турду. Аны кандай жакшы көргөн эле, бир күн, бир саат кызды көрө алмайын туралчу эмес жигит. Кыз да жакшы көрчү, анан, ушул жигит деп, ушуну сүйдүм деп окуу-покуусун таштап борбордон айылга аны ээрчип баса берген. Көп жыл ысык-суукту бирге тартып өмүр кечиришти. Ошентип, кыз көздөгөн максатына жетип врач боло албай калган. Мунусу үчүн ата-энеси бир топ жыл ага таарынып жүрүштү. Бирок күйөөсүн жанындай жакшы көргөн келин баарына кайыл болгон. Кетмен чаап, талаада тамеки айдап иштесе да ал бактылуу эле. Ак халат кийип үстү агарбаганы менен, жүрөгү, дили ак жашады. Эми минтип эринин эки жүздүүлүгүн көтөрө албай, ак өлүп отурат...

## «СТАТИСТИКА»

Улуттук госпиталдын короосунда кары-картаңдар жаткан бөлүмдүн жанындагы отургучта күн чубактап тизилип отурган аксакалдар кызуу маек куруп жатышты. Алардын кебин кызыткан бирине бири берген жалгыз суроо: «Сен канча аял алдың? Сенчи?» деген болду. Алар акча эсептегенсип аялдарын биринен бири көп айтууга аракет кылып, бармактары менен санап жатышты. Арасында баятан кызуу кепке көп аралашпай отурган жалгыз чал гана «Мен бир эле аял менен

жашадым» деди. Ага баары ишенбей, шылдыңдоо менен кайра суроо узатышты: «Кантип? Анык көзү ачык калган сен турбайсыңбы? Эмне кемпириң ушундай эле керемет беле? Же өзүң чатак белең». Чалды дуулдап келекелегенге өтүштү. Чал чын эле сөзгө сынды. Күңкмыңк демиш болду, аны эч кимиси уккан жок. Аялдарын саноо андан ары уланып жатты. Арасынан мойну койкойгон, сакалы эрбейген арык, кара чал «жети» деген санды айтты. Эрдик көрсөткөнсүп, кекирейе. Ага баары таңдануу менен караашты, айрымдары суктанып да карап жатты шекилди. Бирок эч кимиси келекелеген суроону беришкен жок. Аны чыныгы эркек катары кабыл алышты.

*27. 07. 2005.*



# СЫР

Шаардын мектептеринин биринде үй тапшырмасын текшерип жаткан математик мугалим Сыргактын дептеринен «даяр үй тапшырмасын» көчүргөн баракты көрүп калды. Көрсө, бала компьютерден математика боюнча үй тапшырмаларынын даяр чыгарылышы тууралуу атайын программаны таап алып колдонуп жүргөн. Баланын жүрөгү түшүп, чындап коркту, эжейи азыр кулагынан чоюп туруп мектеп директоруна алып барат да, тилдетет. Чочуп кеткен бала ордунан тура калды. Мугалим болсо баракты тиктеген бойдон бир топко катып калды. Анан жүзүн окуучусуна буруп, шыбырап сүйлөдү:

– Бул нерсени кайдан алып жүрөсүң?

– Интернеттен, – бала күнөөлүү жер карады.

– Сыргак, мындан мага да таап берчи, мен да сенин өтүнүчүңдү аткарам, жыл бою жалаң «беш» алдым дей бер, акча да берем. – Математик мугалим бу даяр оокатты көптөн бери издеп жүргөн. Жакшы болбодубу, күн сайын эсеп чыгара берип эси ооду эле. Эми кайсы класска кирбесин, бардык эсептердин чыгарылышы, туура жообу менен дапдаяр. Ал окуучусуна дагы үңүлө карады, бул ирет анын жүзү мээрим чачып турду балага. Сыргактын жүрөгү эми чындап ордуна келди.

– Макул, – бала шар жооп берди.

Эртеси окуучусу эжейине сураган нерсесин алып келе жатып ойлонду: ансыз да аз айлык алган эжейи-

нен кантип акча алмак эле, андан көрө классындагы досуна баа сурасачы, чейреги чыкпай, эжейи ага «эки» коём деп коркутуп жатат. Тапкан акылына бала сүйүнүп кетти.

Көп өтпөй эсептердин бүт чыгарылышы даяр колуна тийген математика мугалими мектептеги эң кыйын эсеп чыгарган мугалим атала баштады. Мурда кийин аны көп тоотпогон башка кесиптештери эми анын оозун карап калышты. Бирок мектепте өзүн баатыр сезген, кыйын эсеп чыгаргыч аталган мугалим Сыргак окуган класска киргенде сырын бирөө айтып койчудай болуп, бакылдаган добушу басаңдап, баягысындай бакырып окуучуларын тилдей албай, «эки» коём деп коркута албай калды.

*17. 02. 2007.*



# БАЛЫКЧЫ БАЛА

Сох дайрасынын шоокуму айрыкча түн ортосунда күчөйт. Жайкы ысыкта салкын деп там үстүнө төшөк салып жаткан дайра боюндагы кыштактын эли уктап жатса да суунун шаркырагы кулагынан кетпей, көргөн түштөрү да суу жөнүндө. Алар дарыянын шоокумунан суунун киргенин, же тартылганын дароо байкашат. Суу кирген маалда жээк бойлоп эккен шалысын жалмап кетпесе экен деп түн бою кетмен, күрөктөрүн көтөрүп, дарыяда жүрүшөт. Суу деген суу да, ага болбой эле шалыкерлердин тизген чым, таштарын тоотуп да койбой, жээкке жакын шалыларды шыпырып кетет. Туйлап, кайнап аккан киргилт суу шалыны гана эмес, анча-мынча таштарды да ордунан козгоп, жай мезгилинде бир күүлөнүп алат.

Дайра жээгинде удаалаш үч, төрт айыл бар. Алардын бүтүндөй тиричилиги ушул күркүрөгөн дайра менен ширелишип калган. Жаман түш көрүшсө да таң заарынан туруп алып оболу ушул сууга келип айтышат, агып кетсин дешет. Балдары сыркоолоп калса: «Агыны катуу сууга бар» дешип дайра тарапты көрсөтүп киринелешет. Жыл бою шоокум салган бул дарыя булардын жан шериги, керек болсо тиричилик өткөрөр бирден бир таянычы. Суу болбосо кап-кап күрүчтү кайдан алышат? Балыгын жеп, шамалынан дем алган суу боюндагылар керээли кечке жээкте жүрө беришет.

Ушул айылдардын биринде балык кармаганды жанындай жакшы көргөн бала чоңоюп жатты. Ал таң

эртеңден кечке дейре кайырмагын сууга салып отура берчү. Күнгө куйүп, кеч күүгүмгө чейин отурган бала кармаган бирин-серин балыгын үйүнө жеткенче жолдон сураган ар кимге берип, өзү колу-буту үшүп, баткак болуп, курсагы ачып келчү. Апасы аны жуунтуп, анан этек-жеңине ороп балыкчы баласын эптеп жылытчу. Апасынын этегинде тамак ичкенге алы калбай магдырап уктап калат. Эртеси кайра кайырмагын көтөрүп дайрага жөнөйт.

Күндөрдүн биринде дайраны тиктеп, чоң кишиче салабаттуу болуп, кайырмагын салып отурган бала кокустан «дирт» этип чочуп кетти. Аз жерден сууга кулап кете жаздады. Кайрымагына илинген балык адамча сүйлөп жатты:

– Эй, жакшынын тукуму, кудай сага назарын түшүрүп, өлбөс өнөр берсе, сен менин тукумумду курут кылмай болдуң... – дегенде баланын кулагы чуулдап, тири укмуш көрүнүштөн эстен танып калды.

Делбетап болуп жээкте жатып калган баланы каш карайып калганда таап үйгө көтөрүп келишти. Бала эмне болгонун айтып бере албай, тил-оозсуз бир канча күн жатып, анан өйдө болду. Эми баланы атасы менен апасы дайра тарапка бастырбай койду.

Жылдар өтүп бой жеткен бала чоң шаардан окуду, өнөрлүү, белгилүү инсан болду. Бирок колуна такыр кайырмак албады. Дайра тарапка басып барбады. Баягы сүйлөгөн балыктын үнү эчен мезгил өтсө да баланын кулагынан кетпей, аны ээрчип, чочутканда чочутуп, сүйүнткөндө сүйүнтүп жүрдү, балким колдоп жүргөндүр.

Дайра болсо балыкчы баласын жай келген сайын күтөт, сагынат, жоктойт. Баланын аппак жегде кийип, жыланаяк, жылаңбаш кайырмагын желкесине артып, дөңдөн чуркап келатканы, анан ал келип отурган жээктеги жалпак таш, балыкчы баладан балык сурап же-

ген жолдогу кемпир, чал, балыгынын баарын сураганга берип коюп, үйгө апасына куру кол, көк муштум болуп үшүп, ачка келгени, очок боюнда кечки тамакты бышырганча уулун койнуна катып жылыткан дүйнөдөгү эң мээримдүү жан апасы – ушунун баары көз ирмемдей болуп өтүп кеткен эле.

Дайра боюндагы шалыкерлер да, алар эккен шалылар да жыл сайын сейрек тартып, суу тартылып, күркүрөгөн киргилт суу айылдыктар тиричилигинен улам алыстап барат. Улуу муун картайып, кичине муун бутун муздак сууга салып күрүч эккиси келбей калды. Экkенин жыйнап алганча суу менен алышкан азапты ким кааласын. Андан көрө тиги базардан бирдеме алып, бу базарга барып сатса керек пулун таап алат экен. Кечке кайырмак жайып телмиргендер да жоголду. Балыкчылар жок болсо балык да көрүнбөй калды дайрада. Дайранын шоокуму да мурункудан басайып, суу боюндагыларды илгеркидей өзүнө имербей калды. Күрүч эгилбей калган бу кыштактарда эл да улам суюла баштаган эле...

*07. 07. 2003.*



# ЖАРЫК

Калдайган чоң жүк машине түн жамына кең жолдон жарык чачып кыштакка кирип келди. Кыштак жапырт уйкуда. Жапар үйүнө жете бербей машинесин токтотту. Аны үйүнүн пешайванынан жарым түндө жалгыз жаркырап нур чачып турган чырак токтотууга аргасыз кылды. Демек, аялы уктабай анын келишин күтүп отурат. Жанында катар отурган кызыл жүз толмоч аялды, өзүн, машинесин мына ушул жарыктан калкалай албай саамга буйдала түштү. Анан жанындагысына жалт карап көз кысты да, үйү тарапка басты. Жетээр менен пешайвандагы чыракты бар күчү менен «чак» дедире өчүрдү. Эшиктин так түбүндө уктап калган итин тумшукка тээп, каалгасын ачты. Аялы балдарын уктатып коюп, эски көйнөктөрүн сөгүп, андан төшөк көктөп отурган. Алыс жолго жүк тартып кеткен күйөөсүнөн алигиче дарек жок, ичи уйгу-туйгу.

Жапар итин ачуу каңшылатып, бирөөдөн качкан немече эки жагын элеңдей карап, бутун чечпей үйгө кирди.

– Артымдан кууп келатышат, – челектеги суудан чөмүчкө сузуп жатып, ал аялына карабай туруп үзүк-үзүк сүйлөдү, – тиги мейман үйдү ачып төшөк сал да, мен жаткандан кийин эшикти сыртынан кулпула, жарыкты бүт өчүрүп, силер демиңерди чыгарбай жаткыла, менин биякка келгенимди эч ким билбесин. Эртеңге чейин аман калсам, баарын айтып берем.

Жапар кимгедир бирөөгө сөгүнгөн болуп, короонун так ортосуна салынган мейман үйгө басты. Калтырак баскан аялы ыргып ордунан тура калды да, шашып-

бушуп төшөк салып, мейман үйдү сыртынан кулпулады. Өзү болсо кайра келип, балдарынын жанына төшөккө чүмкөнө жата кетти. «ГАИге токтобой койдубу, уурулук кылдыбы, же балакет басып бирөө жарымды караңгы түндө коюп алдыбы?» Таң атканча кирпик какпай Айымбү түйшөлдү. Кантсе да суук сөздү балдарынын атасына ыраа көрбөдү. Анын аман калышын түн бою тилеп чыкты.

Жарык өчүп аялы жаткан соң, Жапар мейман үйдүн терезесин акырын ачып сыртка чыкты. Кабинада отурган аялды түшүрдү да колтуктаган бойдон үйүнө алып жөнөдү. Аялы балдары менен жаткан бөлмөнү кыйгап өтүп, ачык терезеден ичкери кирип кетишти...

Таң супа салаарда Жапар адегенде аялды терезеден чыгарып жиберип, ал дарбазадан чыкканча узата карап турду. Тура калып үрүп жөнөгөн итине кечээги закускөсүнөн калган колбасанын бир бөлүгүн ыргыта салды. Терезени жаап, эшикке келди да, аны бар күчү менен такылдата баштады. Айымбү чуркап келип, караңгыда карбаластап эшикти ачты. Жапар бир чака муздак сууга чайканып алып, аялы төшөк жыйнаганча аны карап турду. Аялы анын коркунучтуу түндөн аман калганына сүйүнүп, төшөктү арыдан-бери жыйнай салды. «Күйөөсүн кууган ким? Эмне үчүн?» Түн бою ушул ойдон арыла албаса да, күйөөсүн көргөндө баарын унута салды, териштирип отурбады. Очокко чайдөштү коюп, отту алоолонтуп жагып жиберди. Чарчап келип, наар татпай жаткан Жапарына чай бергенге шашты.

Аңгыча Жапар дарбазага жөнөдү:

– Мен машинени гаражга жеткирип келейин.

– Чай ичпейсизби? – Отко бети кызарган Айымбүнүн колунан атөшкөрөгү түшүп кетти. – Таң ата элек го?..

Дарбазага жете түшкөн Жапар кулак салбай чыгып кетти. Ал машинесине келгенде толмоч аял чыдамы жетпей араң отурган. Жапар машинесин от алдырар менен чаңкылдап коё берди:

– Аялыңа отчет берип, чөгөлөп отурдуңбу? Күттүргөнүн мунун, сага ишенген мен акмак ээрчип келген, сенден жүз эсе мыкты стол кучактап отургандардын да үйүнө ээрчип барган эмес элем, шөлпөйгөн арам... – Жарып келаткан таңдын нурлары аялдын жуулбаган жүзүн, бырышкан кийимдерин даана көрсөтүп жатты. Жарык менен кошо Жапардын да көзү ачылгандай, ал жанындагы аялга таң кала жүз бурду. «Тообо, – деди ичинен, – кечээги сулуу, кылыктуу келинден дайын жок, заматта өзгөрө калганын». Келин оозуна эмне келсе сүйлөй берди жебиреп, Жапардын кечирим сурап, үйрүлүп түшпөй дүңкуйганына ого бетер жини келип. Бир маалда Жапардын каны кайнап чыкты... бет талаштыра коюп жибергиси келди. Ал ушунча жыл бирге жашап Айымбүдөн мынчалык кагуу жеген эмес эле. Үйүнө жеткен аял түшөр замат Жапар кабинасынын эшигин тарс жаба зуулдаган бойдон жөнөп кетти. Райборбордон чыгып, кыштакка карай кеткен жолго бурулганда катуу келаткан машине сүрдүгүп барып токтоп калды.

Очок боюнда жүзү албырган Айымбүнүн кабатырлана караган көздөрү, жөжөдөй окшош, бири биринен жаш беш баласы көз алдына тартылып, ичимдик ичип, ойкуштаган уйкусуз түнүн эстеп, заматта көңүлү айнып, ирээнжип чыкты. Башы сыздап ооруп, таңдайы катты. Үйүнө барып өмүр шеригинин колунан ысык чай ичип уктагысы келди. Бирок калдайган чоң машине кудум анын өзүн басып тургандай денеси оорлошуп рулга өбөктөп калды. Баш көтөргөнгө чамасы жок, өзүн өзү жек көрүп турду...

*14. 06. 1990*

# МЫШЫК

Жалгыз бой аял чоңоюп калган уулу менен чоң шаардагы көп кабаттуу үйлөрдүн биринде жашачу. Уулу мышыкты аябай жакшы көрчү. Күндөрдүн биринде ал үйгө бир бала мышыкты көтөрүп келди. Ургаачы экен. Эми алар үчөө болушту. Бирок, үчөө тең жалгыз, үч жерде укташат. Көкүрөгүнө басып, өөп-жыттап чоңойткон баласы бой тарткан сайын энесинен алыстап баратат. Энеси да баласы бой тарткан сайын жалгыздыгын көбүрөөк сезип, кандайдыр бир белгисиз нерсе аны чүнчүтүп, кыйнай баштады. Же күйөөсү жок жалгыз өткөн күлгүн курагынын ич күйдүсүбү, же өзүнүн түнт мүнөзүнүн азабыбы, же уулунун акыркы маалда көп имерилбей калгандыгыбы, ким билсин. Уулу да кечке маал энеси менен ары-берини кобурашкандын ордуна эшикке чыгып кетет, күүгүмдө кеткен бойдон жатаарда келет. Досторума бардым дейт. Энесинин байкашынча кыздарга барып жүрөт. Таня жаңылбаптыр. Бир жыл өткөн соң уулу үйгө түнөбөй калды. Анан үйлөндү да, биротоло келинчегин ээрчип кетти.

Таня эми мышыгы экөө калды. Күндүз иш менен алаксыган аял түнү азап тартмай болду. Күчүнүн баарын жаздыгын мыжыга кармап ошого чыгарат, оор салмагы менен ары-бери оодарылып, керебетине кекенет. Тажаганда муздак дубалды кучактайт, ага жабышып көпкө турат, бирок аны мыжыга да, жылыта да албайт, муздак дубал гана анын көкшөөсүн суутат. Үнүн чыгарып катуу-катуу онтогусу келип кетет, бирок ант-

пейт. Кошуналар угат деп корунат. Зымпыйып, сыртынан сыр алдырбай намыс тутат.

Мышык Таняны эшиктен келсе тосуп чыгат, короого экөө сейилдеп келишет. Мышыкка адамчасынан кобурап сүйлөй берет.

Күндөрдүн биринде мышыгы тамак жебей калды. Каш карайгандан таң атканча кыйкырып, ботодой боздоп ыйлайт. Анын үнү бирөөнү чакыргандай аянычтуу. Таня аны ооруп калды го деп ойлоду. Үчүнчү күнгө өткөндө бу жүрөк сыздаткан ачуу кыйкырыктан тажаган кошуналары Таняга келишти:

– Мышыгыңа эркек мышык керек, кааласаң мен мышыгымды берип турам, бирок эки эле күнгө, – деди үстүңкү кабаттагы бай, сулуу кошунасы.

Коп түшүнбөгөндөй аңкая түшкөн Таняны кошуналары жаалап жиберишти:

– Сен эмне түшүнбөйсүңбү, муну айбан дейт, чыдаганды, уялганды билбейт, бул сен беле жапжалгыз бойдон карыган, – астыңкы кабаттагы кошунасы шакылдап атып, Таянын жарасын оюп салгандай болду.

– Үч күндөн бери уйку бербес болдуңар. – Сулуу кошунасы бир паста мышыгын көтөрүп бакылдап кирип келди. – Таня, бирок муну капа кылбагыла. – Таня ага баш ийкемиш болду. Ушинткен ал эки мышыкты балконго чыгарып ийди. Өзү болсо алар тарапты караганга даабады. Ушуну эле күтүп тургансып Таянын мышыгынын үнү тып басылды. Айбан болсо да каалаганына, эңсегенине жетти. Биринчи жолу ал айбан болуп жаралып калбаганына өкүндү. Азыр эле мышык болгусу келип кетти, үнүн сыздата ыйлагысы, кыйкыргысы келди. Уят менен ар намыс анын ызасын, эңсөөсүн муунтуп турду.

Сулуу кошунасы  сулуу мышыгын эки күндөн кийин келип көтөрүп кетти. Кетээринде Таняга эскертти:

– Кошуна, көрөрсүң, сенин мышыгың татынакай бала мышыктарды тууп берет.

Канча убакыт өткөнү белгисиз. Бир күнү Таня жумуштан келсе балкону толтура бала мышыктар. Кошуна айткандай баары жакшынакай. Мышыгы биринен сала бирин жалагылап, эси кетип жатат. Ал сүйүнгөнүнөн түз эле кошунасына чуркады. Муну уккан кошунасы бат эле колуна бирдемке көтөрүп жетип келди. Ал жадырап жайнаган кейпин бузбай күлө сүйлөдү:

– Бул бизден силерге алып келген «алимент», мышыктар үчүн жасалган атайын жакшы тоюмдуу тамак, сенин мышыгыңа бул азыр зарыл. Мен эми тигил бала мышыктар чоңойгончо такай келип турам. «Алименттен» кам санаба, ха-ха. – Күлө сүйлөгөн кошуна аял колундагы шуудурак кагазды Таняга узатты да чыгып кетти.

Кагаздагы нерсе чын эле жакшы окшойт, мышыгы жан-алы калбай аймап, заматта жеп салды. Ойлоп көрсө мындай кымбат, чүйгүн тамакты мурда Таня бир да жолу мышыгына сатып бербептир. Негедир көңүлү чөгө түштү. Неси болсо да бу мышыгы бактылуу экен. Алимент да алмай болду ишенимдүү, бай кошунасынан. Таняга убагында алимент да буюрган эмес, никелүү эри болсо да. Күйөөсү уулу төрөлгөн соң жарым жылдан кийин бир жакка кеткен бойдон дайынсыз жоголгон. Алимент жибермек турсун, дарегин алигиче билдирбейт.

Сүйгөн күйөөсүн жылдап күтүп картайып да баратат.

Тоюп, эс ала түшкөн мышыгы жайнаган балдарын эмизип, биринен сала бирин жыттагылап жатты. Муну тиктеп туруп Таня уулун эстеди. Сагынып калыптыр. Көптөн бери келбей калды. Эмне үчүн бирди гана төрөдү. Төрт-беш баласы болгондо минтип жал-

гыз калбайт эле!? Тилсиз, төрт буттуу жандыктын абалы анын кечирген өмүрүнөн төөчө өйдө экенин дагы бир ирет туйган Таня чындап эле мышык болууну самап кетти.

*16. 02. 1999.*



# ЫРЫСКЫ

Кыштактын чок ортосундагы эски клубга эл айттырбай, дедирбей чогула калышты. «Тамекини чарбадан алып салат» деген имиш баары үчүн ташпиш болду. Чогулган эл чарбанын жетекчилерин жекире карап, алар менен мушташууга да даяр турушту.

– Жолдоштор, бүгүнкү жыйындын максатын сиздер жакшы билесиздер, – деп сөзүн салабаттуу баштады колхоздун башкы агроному, – ушунча жыл өкмөткө тамеки өстүрүп берип эң жакшы эмгек сиңирдиңиздер. Бирок, тамеки адамдын, айрыкча наристелердин ден соолугу үчүн зыяндуу экендиги дарыгерлер тарабынан далилденди, экинчиден, чынында биздин чарбадагы калк арасында өлүм-житимдин, балдардын чарчап калышы, оору-сыркоонун көбөйүшү жетекчилерди ойго салды. Ошол себептүү чарбабыздан бул өсүмдүктү алып салуу керек деген чечим чыгарылды...

...Агроном сөз аягына да чыга албады. Арткы катардагы орундукта отурган арык аял тура калды:

– Өкмөт кылам дегенин кылат, балам, айланайын, пешенебиздеги болгон жалгыз ырыскы-тамекини алып салсаңар, балдардын убалы кимге, ошондо анык өлүм-житим көбөйөт, аларды кантип багабыз, кайсы жерден тамекидей акчалуу иш табабыз кыштакта. Сенинго ай сайын тийип турган айлыгың бар. Таза аба жутабыз, ден соолукту чыңдайбыз деп оозубузду шамалга тосуп отура берели, ачкалык да ден соолукка зыян.

Балага зыян имиш, балалуу катындар ушул тамеки келгенден кийин гана үйгө отуруп калбадыбы, болбосо ойдо, тоодо орокто, кыркында, сакмалда, баласын чыркыратып, кар, тозоң, ысык саратанда жүрүшкөн, же жалганбы?!

Отурган эл баары дүрбөй түштү: «Туура айтты, деги планды ашыгы менен аткарсак...» Эл чоңдорду карабай эле бири бири менен ар демени талашып, эски клубду баштарына көтөрүштү. Райондон келген жаш инструктор бул кордукка чыдабады, анткени ал каламы менен үстөлдү такылдата берип колу талыды. Эл өзү бир маалда тып басылды. Ортодон жаш улан тура калып түз эле оңу боппоз болгон инструкторду карап тике сүйлөдү:

– Эмесе, кеп мындай, же тамекини быйыл чарбадан айдоону алып салбайсыңар, же биз бүт колхоз боюнча калайык өкмөт чечимине каршы көтөрүлүшкө чыгабыз, эмне биздин башкалардан кайсы жерибиз кем, элдин баары эле өз оюн ишке ашырыш үчүн күрөшүп жатпайбы!

– Бу балам туура айтат, – анын сөзүн балдакчан абышка коштоп кетти, – бу биздин кыштакта зоотмоот болбосо барып иштей койгонго, колхоздун ишине аралашымыш болуп, же андан жарытып ай сайын пул тийбесе, чын эле бул букаранын күнү не болот?

Баятан өңүмбү, же түшүмбү деп нес баскан колхоздун раиси, бригаттары, агроному эми гана эстерине келе баштады: чогулуш аттууда эл минтип сүйлөбөйт эле, буларга чындап эле эмне болду? Көтөрүлүшкө чыгабыз дегени эмнеси? Алар бирин бири тиктеп алып, анан баятан баш көтөрбөй кагазына бирдемелерди жазып жаткан райкомдун инструкторун караштьі. Ал боппоз болгон жүзүн буларга көрсөтпөй үңүлүп жазган кейипте «бурк» этти:

– Силердин баарыңардын ишиңер райкомдун бюросунда каралат, силер элди өзүңөр уюштуруп алып билмексен болуп отурасыңар, – ушул сөздү кесе айтты да ал клубдан чыгып кетти.

Отурган чоңдор бири да кадап койгонсуп ордунан туруп аны узатканга шайы келбеди.

Эл дагы өз ара чуру-чууга түштү. Аларга жаш инструктордун чыгып кеткени да таасир бербеди. Кайра ал кетээри менен баятан бери бир бирден туруп сүйлөп жаткандар эми отурган ордунда биринин сөзүнө бири кулак салбай баш аламан бакырганга өтүштү. Чарбанын чоңдору кулактары бүтүп, ар кимиси отургандардын чуру-чуусун эмес, кара баштарынын кайгысын ойлоп, тунжурап калышты. Бир маалда булар менен катар отурган улгая түшкөн бригат тура калып ызычууну басты.

– Оо, калайык, болду эми тынчтангыла, өкмөттүн буйругун буза коюш оңой эмес, ачуубузду кичине ичке ката туралы, силердин оюңарды билдирип, жогор тарапка кайрылалы, алардан майнап чыкпаса, анан билгениңерди кылгыла, азырынча үй-үйүңөрдө тынч отуруп тургула!

– Канча күнгө чейин күтөбүз, амал өтүп баратат, кеч болуп калбасын, – баягы сүйлөгөн жаш улан такып калды.

– Болгону бир апта, – улгая түшкөн бригат отурган чоңдорду карабай туруп айтып койду.

Эл ишенип, ишенбей, бирок бул сакалдуу бригатты сыйлагандыктарынан гана үйлөрүнө таращты.

Бригат жолдо келе жатып, тамеки биринчи жолу булардын чарбасына келген жылды эстеп алды. Ошондо бу сасыган немени ким иштетет деп элдин баары терскери караган. Бригадир зордоп туруп тамекини колхозчуларга таратып берген. Беш-алты ай тер төккөн

колхозчулар күзүндө кочуштап пул кармап калган. Кийинки жылы тамеки бер дегендер контордун эшигин тыткан. Бригадир болсо тамекини жалаң жаш балалуу аялдарга берген. Мунусу менен кайсы бир учурдагы өзүнүн кетирген күнөөсүнөн аз да болсо арылгандай болгон. Ушу азыр да үйүнө келе жатып көкүрөгүнөн кетпес болуп орногон качанкы бир окуя көз алдына дагы тартылды:

...Милиция менен сельсоветти ээрчиткен ал итин абалаткан, озү да кыйкырып сүйлөгөн аялдын дарбазасында турушту. Аял колуна эмчектеги наристени ороп-чулгап косторүп алган. Ит да жаагын жаппайт, биринин созүн бирине угузбай.

– Ай, бригат ава, – дейт аял, – сиз мына бу милийсаны ээрчиткенден көрө райондон догдур ээрчите жүрбөйсүзбү минтип үймө үй кыдырганда, кыштакта догдур болбогондон кийин, бул баламдын эти от менен жалын болуп, эсим кетип, айлам куруду...

– Кимди ээрчитем, ал өзүмдүн ишим, ал эми сага окшогондорго милиция гана керек. Сенин балаң күйүп жатса, талаада чөп да күйүп жатат. Орогуңду ал да, тез жөнө, өрүк түбүндө отурган эки бакча аял баланды карайт, болбосо бу милиция жөн келген жок, азыр алып барып сени камап коет.

Келин ыйлап-сыктап баласын бек ороп алып орокко жөнөгөн. Өрүктүн көлөкөсүндө жаткан наристе эки бакча катынды кыйнап бир да үн чыгарып ыйлабады, энеси жаткырган бойдон былк этпей жата берди. Бир маалда эмнеси болсо да бир карап коёюн деп үңүлгөн бакча аял кыйкырып чалкасынан кетти. Наристе эбак муздап калган эле. Тура калып бригатты издеп жөнөдү. Баланын энеси келсе эмне деп жооп берет? Кечке дейре кыдырса да бакча катын бригатты таппай койду. Ал иш башында эмес, үймө-үй кыдырып, өтө чарча-


гандыктан, сельсовет менен милийсаны ээрчитип чайкана тарапка кетип калган эле. Кечинде жумуштан келип баласын баса жыгылган келиндин үнү ай талааны жаңыртты. Орогун колуна көтөрүп алган келин кимдир бирөөнү жара салчудай болуп атырылып жөнөдү. Артынан кууп жетип колу-бутунан кармашты, бирок келин колундагы орогун бербей, мыкчып, жан-алакетке түшкөн...

Азыркы болгон чогулуштан келе жатып дагы түпөйүл ой аны тынчсызданта берди. «Өкмөттүн буйругун бузуу оңой бекен, бу эл деген неге мынча жан талашат? Бу пейилдери менен чондордун баарын ордунан ыргыта тебишет го, райкомдон келген неме жөн калтырат дейсиңби? Мүмкүн өзүнүн да маалы келгендей, бригат болбой калат окшойт эми, бу жаш балдардан өйдө тартынбай сүйлөп калгандарын...

Тоону таяна жайгашкан бу кыштакта күн эрте жашынат да, кеч чыгат. Мунун өзү тамекичилер үчүн жакшы. Анткени күн чакчайып турганда тамекинин ичинде жүрүү кыйын, ысыкта ого бетер сасып баштары айланат. Тамеки кыштактагы наристелер үчүн чын эле ырыскы болду. Эмчектеги сүт тамеки даамданса да бала аны өз убагында эмет. Тамеки ичинде болсо да энеси дайым баласы менен бирге. Кичине кыйналган менен тамекинин акчасы балалуу кишини кыйла эле оңоп койду. Аз-аздан машине алмай башталды. Машинеге да өздөрү түшпөйт, талаадан тамеки ташышат, ушинтип ташыган оңой. Эл түн бою шурудай болуп жипке тизилген тамекинин жапжашыл жалбырагын тиктеп укташат. Түшкө да тамеки кирет, уйку да тамеки жыттанат. Күнү бою короонун туш тарабына тизилип, жыйылган тамекини карап тиричилик өтөт. Бүт айыл тамеки жыттанат, ичкен тамак, кийген кийим, жада калса арыктагы суу да. Бул көрүнүш эч кимге

эроон эмес. Анткени тамеки бул айылдын ырыскысы, бүт жакшы тилектер, тойлор, тамашалар баары тамекинин түшүмү менен байланышат. Эми минтип кимдир бирөөлөр булардын тынч турмушуна бүлүк салып, ооздорунан ырыскысын жулганы турат, эл башына каран түн түшкөнү калды. Эл ачуулуу. Тамекинин ачуу жытына ышталып бүткөн элдин көкүрөгүндөгү ташпиш андан да ачуу эле.

*12. 12. 1993.*



# АРМАН

Ай күнүнө жетип калган бешинчи кабаттагы үч бөлмөлүү үйдө туруучу квартирант келин күн сайын кечке маал эшикке чыгат да короодогу ойноп жаткан балдарга кошулуп кетет. Курсагынын томпоюп, эки кат абалына карабай учма теннис, топ оюндарын ойнойт.

Бири бирине туташтыра салынган беш кабаттуу төрт үйдүн ортосундагы аянтты бак-дарак тегерете курчап, ортосунда балдар ойноочу жер бар. Таң аткандан каш карайганга чейин бул жер балдардын чымчыктардыкындай болгон чуру-чуусуна толуп турат. Бала деген бала да, алар дегеле үнүн акырын чыгарып сүйлөгөндү билишпейт. Бириненсала бири озунуп катуу сүйлөйм деп отуруп ызы-чууга түшүшөт. Качан гана иңир кирип, көз байлана баштаганда курчап турган үйлөрдүн балкондорунан, ашканасынын терезесинен баш баккан ата-энелер ойноо балдарын чакыра баштайт. Балдары болбой эле ойной беришет. Ушул беш кабат үйгө жалаң оюнкарак балдар топтолуп алган бейм, үйдөгүлөрүн бир нече мертебе кыйкыртып атып, араң тарашат. Бул маалда боюнда бар келиндин күйөөсү да ашкананын терезесинен башын чыгарып, аялына белги берип чакыра баштайт. Оюн кызыгына баткан келин балдар менен коштошот да, күйөөсүнө кол булгай кирип кетет. Ал үчүнчү кабатка чейин бир дем менен чыгат да, андан ары кышылдап, тепкичтен кыйналып чыгат.

Азыр да сырттан энтиге басып кирип келди да, ашканадагы отургучка көчүк басты. Күйөөсү ага кесилген алма сунуп, түбү кырмычык болуп бышкан картөшкөнү дасторконго койду. Кыйгыл алманы тамшанып, эзилте чайнаган келиндин көздөрү күйөөсүнө төгүлүп, ичиндеги ага деген мээрим, эреркөөсү ашыпташып турду. Бала мүнөз, мурду коңкойгон, кара тору, бир көргөнгө мүнөзү аңкоо чалыш туюлган бу адам ага канчалык жакын, ажырагыс экенин башка жан адам сезбестир.

Тагдыры келинге ушул жолу оң карады. Келин балдар үйүндө чоңойгон эле, ата-эне, туугандардан кур. Жашынан жакын адамдардын мээриминен, камкордугунан өксүк өскөнгөбү, айтор мүнөзү түнт, өзү жалтак болуп калган. Муну сезген күйөөсү келинчегин аяп, зээни кейип, өзүндөгү болгон бардык жакшы сезимин аялына арнады. Ошондон уламбы, турмушка чыкканы келиндин мүнөзү да өзгөрүп кетти. Эрке тартып, ачылып сүйлөп, күлкүсү көбөйдү. Кезегинде доорун сүрбөй, бозоруп өткөн бала курагынын өчүн алгысы келет белем, кээде баладан айрып алгыс болуп кетет. Кесиби – технолог, шаардагы сүт зоотунда иштейт. Кичинекейинен шаар турмушуна көнгөн ал, окууну бүткөн соң айылга кетүүгө анчейин көңүлдөнө бербеди. Келининин оюн айылдагы кары кайнатасы колдоду. «Мейли, – деген абышка, – уулдарымдын бири шаардан түнөк тапса жаманбы, анча-мынча шаарга каттаганга да жакшы». Күйөөсү болсо шопур. Шаардын эки четин туташтырган узун маршруттагы автобусту айдайт. Азырынча өздөрүнүн үйү жок, жыл сайын жок эле дегенде эки-үч мертебе ижара жаңыртып көчүп жүрүшөт. Кудай жалгап, быйыл ушул кенен квартирага туш болушту. Кенендиги кенен, бирок жубайлар бир күн да бутун узун сунуп, өздөрүн эркин сезе алыш-

пайт. Бул үйдүн ээлери эрди-катын эки башка жакта жашашса да, улам-улам үйгө келип-кетип турушат. Али бөлүп ала элек квартираны биринен бири кызганышат. Кире бериштеги эшикке ачкыч салынып, шырыктай баштаганда жубайлар тамак жеп атышкан болсо оозуна салганы ары кетпей, сүйлөшүп отурушса сөздөрү үзүлүп, «Кимиси келди экен?» деп эсинин баары ачылып жаткан эшикке кадалып калат. Аялы келсе бут кийимин чечпей төргө өтөт да, чала-була салам айтып коюп, үйдүн ичин бир сыйра карап чыгат. Ушунун өзү жубайларды желкеден басып, жер каратып, кең үйдө дүйнөсүн тарытып, кысып жиберет. Өткөндө бу кожейке келип коркутуп кеткен буларды: «Аялыңдын боюнда барын билбептирмин, билгенде албайт элем, балалуу квартиранттар таза жашашпайт. Чыкпаймын десеңер бала төрөлгөндөн кийин ижара акысынын үстүнө дагы кошосуңар». Квартиранттар буга да макул болушкан. Андан көп өтпөй кайра келип келиндин эки бутун бир чарыкка каптаган: «Алдагы жапон юбкаңды мага ижара акысынын ордуна бер» деп. Келин жакшы көргөн кийимин бергиси келбеди. Ошондон бери экөө сүйлөшпөйт.

Үйдүн кожоюну келсе анын жарасы кичине жеңилирээк. Ал келээри менен ашканага кирет. Курсагым ач, чай барбы дейт. Квартирант жубайлар экөө жанталашып ага тамагынын таттуусун, чайынын жыттуусун бергенге шашышат. Чай үстүндө ал узун кеп баштайт. Аялын баш кылып, анын ата-энесин, тууганДарынын баарын күрөккө сап болгус кылып жамандап чыгат.

Квартирант жубайлар булардын жоругуна айран-таң. Ушундай кенен, бардык шарты бар үйү, чолпондой эки уулу бар туруп, ушунча дүйнө-мүлкү түгөл туруп бу эки адам неге өз үйүндө бирге жашашпайт? Аялы

апасында, күйөөсү улуу эжесинде турушат. Балдарын бир бирден жетелеп алышып, экөө эки жакка басып кетишкен. Эми минтип үйлөрүн экиге бөлө албай эстери оол жүрүшөт. Же экөөнүн бирөөсү келип бу үйдө жашай албайт, бири биринен кызганышат. Ошондон улам ижарага берип коюшкан. Кокус бу эки жубай ушул үйдөн жолугуп калышса дароо жаңжалдары башталат. Эри сөгүп, аялы каргап, кээде мушташып да кетишет. Алгач квартиранттар буларды ортого түшүп ажыратып, сооротуп жүрүштү. Азыр болсо уруша башташканда эле качып чыгып кетишет.

«Эгер үйүбүз болсо, кенен кесири жашасак, дегеле бизде арман-асирет, кайгы-капа болбойт эле» дешет квартирант жубайлар. Үйү бар жубайларды болсо заңгыраган квартира да, эки уулу да бириктире албай, жеткен жеринде тытышканы тытышкан.

Квартирант келиндин курсагы өтө эле чоң. Күйөөсү аны жок эле дегенде эгиз төрөйт деп ойлойт. Эгиз төрөсө жакшы болот эле, окшош күрмө кийгизип, түртмө арабага салып алып, көчө бойлоп алып жүрсө. Анан чоңойгондо эгиз уулдары учкуч болсо... ал дайым ушул ойду ойлогондо көздөрү жайнап, толкунданып кетет. Мүмкүн эгиз балдарга кезексиз үй да берип калышаар. Аялы болсо бою кичирейип, өзү чалкалап эле баратат.

...Бул күндөрү уйкуда жаткан болочок атанын түшүнө космонавт костюм кийген сансыз көп бөбөктөр кирди. Алар кудум космонавтардай учууга камынып, упузун болуп кезекте турушкан. Так ошол түнү келиндин толгоосу кармап, ата болчу кишинин түшү аягына чыкпай калды.

*22. 07. 1987.*

# ЫЗА

Элеттеги кары кемпир катуу ыза болду. Келини өз абийири менен босогосун аттабады. Ал жалгыз уулунун турмушу үчүн күйүп-бышып, өзү көп кыздардан ушул келинин жактырып, өмүр бою тапкан-ташыганын кудасынын үйүнө төгүп-чачып алып барды. Эл таң калган той өткөрдү. Кайгынын баары тойдун эртеси башталды. Кабагын бүркөгөн уулу энесине сөз айтпады. Тек гана тойдо кийген жаңы кийимдеринин бирин калтырбай чечти да , эски кийимдерин кийген бойдон үйдөн чыгып кетти. Ал айылды кесип өткөн чоң жолдо шашып келатты. Кечээ тою түшкөн жигитке бүшүркөй карагандарга элес албагандай салам-алик да айтышпады. Ошол бойдон бир нече күн үйүнө келбеди.

Кемпир жалгыз калган келининин үстүнө шар кирип бара албады. Тизеси калтырап, ансыз да күчү кайткан буттары шалдырап, эски сөрүсүндө отуруп калды. Илгери мындай учурда кыз баланы атасынын үйүнө кайра жеткирип салышкан, ал өлүм менен барабар болгон. Кемпир ызасына чыдабай үн салып ыйлап жибергиси келди, көкүрөгү толуп чыкты. Бирок эл журттан намыс кылды. «Түрүң менен, түсүң менен куруп калгыр, албарсты, ичинде ошончо дарты бар экен, неге айтпайт, бирөөнүн тагдырын, мал-пулун кор кылбай» ушинтип ичинен күбүрөнгөн кемпир мал сойчу курч бычакты көтөрүп кирип, суйкайган сулуу келининин бетин жара тилип жибергиси келип кетти. «Дагы диплом алып, бала тарбиялай турган болгон

имиш, шуркуя десе». Кемпирден бешбетер бозала болгон кудагыйы жетип келип жалынып жалбарды: «Кудай акы, бир аз чыдай туруңуз, элге, тууган-урукка шерменде болбойлу, мал-пулуңузду төлөп берели, бу наалатынын мындайын билсем өлөйүн».

Эл-журттан намыс кылып үч адам эптеп эки жыл чамасы бирге жашады. Данектей наристенин төрөлүшү да көңүлдөгү ызаны кетире албады. Келин чоң чатактан кийин атасынын үйүнө кетип калды. Кызын көтөрүп күн сайын эртең мененки автобуска түшүп райборбордогу бала бакчада иштеп жүрдү. Ушул күндөрдүн биринде наристе автобустан кокус атасын көрүп калды. Атасы автобустун арткы эшигинен кирген эле. Буту жер баса элек бала бар күчү менен атасын көздөй талпынды. Апасынын колунан чыгалбай тушалган ал автобусту жаңыртып ыйлап коё берди. Кызды келиндин колунан алып атасына узатканга эч ким даабады. Наристе ыйлай берди, калың кийингендиктен тердеп да чыкты. Келиндин эси кетти соорото албай. Бала эч нерсеге алаксыбай койду, апасын тепкилеп бошонууга аракет кылды. Эки көзү атасында, эки колун канат кылып аны көздөй жайып алган. Апасы буттарын коё берсе эле учкудай болуп турат. Тик турган атасы кызынын жаш толгон көздөрүн карай албай карбаластап калды. Же колун созуп кызын ала албады. Автобустагылар ар ким өз алдынча бул үйбүлөнүн жакында болгон чырын талкуулап, ичтеринен боппоз болуп эси кеткен келинди да, кызарып карбаластаган жигитти да: «Өлүп кетишсин, ушуну көрмөк» деген кыязда болушту. Бирок наристенин кулакты жарган ачуу кыйкырыгы эч кимисин кайдыгер калтыра албады. Баланын үнүн келиндин арт жагындагы орундукта отурган абышка керең кулагы менен да туйду шекилди, чыдабады, териштирип да отурбады, ага чал-

дын чамасы да жок эле. Ал кызды келиндин колунан жулуп алды да, атасын көздөй берип жиберди. Наристе колдон колго өтүп атасына жетти. Жетээр менен үнү тып басылды.

Бир кезде тагдыр менен ойноп отко түшкөн келин кызын күч менен кармаган колдору шалдырап, денесинен бөлүнүп калгандай отуруп калды. Азыр автобустан түшкөндө эмне болору да ага баари бир эле.


Болпойгон бетин жаш менен тер чайган наристе саамга атасынын колунда өпкөлөп тынчый түштү. Эми мойнун созуп автобус ичинен апасын издей баштады. Көздөрү аландап апасы тарапка талпынды. Атасы менен апасынын ортосундагы карыш аралык кызды дагы азапка салды. Ал атасынын колунда тыбырчылап апасына кол созду. Наристе дагы ыйлай баштады. Автобустагылар туш-туштан жаалап кириште:

– Алчы, кызыңды, боздотуп бүттүңөр, баланын убалы урсун силерди!

– Баланы минтип кыйнаган жоругуңар жолдо калсын!

Ар ким өз билгенин айтып жатты. Келиндин кулагы тунуп чыкты. Деми кысылып, дүйнө караңгылады. Кызы колуна тийген ал биринчи эле аялдамада, райборборго жетпей түшүп калды. Бу чөлкөмдөн алыс кеткиси келди, кайда бараарын өзү да билбейт...

*23. 03. 1991.*



# АК ТӨШ

Күндүн нуру чакчайып дөңсөө жерге салынган жалгыз ушул үйгө тийип тургандай, жайкысын жан чыдагыс абалда ысытып жиберет. Бул күнөстө жада калса чымын-чиркейлер да эрте пайда болчу. Үйдүн терезелери да күнгө карап турат. Же ысыктан далдаа болчудай там алдында калыңыраак бак-дарагы да жок. Ысык тап жайкысын күңгөйдөгү бу тамда жашоочуларды эшикке чыгарбай байлап салат. Кышкысын болсо ылдый жактан келген бороондун эпкини оболу ушул тамдагыларды чаап өтөт да, анан шаардын «Нахаловка» мааласындагы кичинекей, тар, туш келди көчөлөрүнө карай кетет. Бирок кыш күнүндө жадырап жайнап чыга келген күн күнгөй тамдын эшик-терезелерин жаркырата нурга бөлөп, жылытып жиберет. Эрте жазда, же минтип кыш күнүндө шамалсыз тийген күн күнгөй тамдагылар үчүн өзгөчө куттуу күн болор эле. Бул күнү Танзилия күчүгү Актөш экөө үйүлгөн кирлерин жууп, анан дагы көп иштерин бүтүрүп алат. Жумуш иштеп жүргөн маалы Танзилияга бир топ жеңил. Ишке алаксып, саамга кайгыдан бошоп, тирүүлүктүн күүлдөгөн шарына аралашат. Бул аял көп ыйлайт. Ыйлабай анан, жалгыз уулу аскерден кайтпай калса. Эртели кеч колуна кол, бутуна бут болгон тили жок макулугу – Актөшү «апасын» ыйлатпоонун камында. «Апасынын» үнү үйдөн чыгабы, же башка жактанбы жетип келет. Күчүк колдору жумшак «апасынын» ыйынын сырын «түшүнчү», ыйлагандан кийин ал аябай кыйналат.

Муну Актөш каалабайт. Ыйлай баштаган «апасына» жетип барат да кыңшылап, көзүнөн жаш чыгып, «апасынын» тизесине асылып, колдорун өпкүлөйт, тили менен Танзилиянын колуна жуккан жашты жалагылап, эси кетет. Мына ошондо Танзилия аргасыздан ыйын токтотот. Актөш күчүгүнүн маңдайынан сылап, жонунан таптайт. Бул белги «болду, ыйлабайм» дегени эле, анан гана күчүк тынч алат. Бул үйдөгү күлкү менен кубанычты Ооганстанда набыт болгон уулу өзү менен кошо ала кеткендей, ал өлгөндөн бери булар ушинтип жашап келишет.

...Уулун аскерге узаткан күнү Танзилия көчөдөн күчүк таап алды. Кайсы бирөө ушул көзү ачыла элек макулукка да зомбулук көрсөтүп, энесинен ажыратып, көчөгө таштап кеткен. Көөдөнү эңшерилип, уулун алыс жакка узаткандан өрөпкүп турган ал өмүрүндө эшигине ит байлап көрбөсө да бу макулукту ойлонуп турбастан жерден алды. Эненин көөдөнүн муштумдай болгон кара неме жыттагылап, жан-алы калбай бирдеме издей баштады. Ушул учурда ушу кара шалпаң кулакты өзүнөн бир аз эле ыраак кылса өлүп калчудай, аны Танзилия жүрөгүнө бек кысып алды. Күчүк эми анын эмчек тушун тумшугу менен сыйпалап жатты. Күчүккө ат коюш да кыйынга турбады. Анын өзү чымкый кара болгону менен төшү аппак эле. Упчу менен сүт берип жатып, энесинен эң эле эрте ажыраган макулукка боору ооруп, көзү жашылданып кетип жүрдү Танзилиянын.

Танзилиянын абышкасы жумуштан ичип кайткан күнү күчүк биринчи жолу күтүүсүздөн аны карап туруп үрүп жиберди. Абышканын көздөрү алая түшүп, босогодо аны үйгө киргизбей үрүп жаткан күчүктү буту менен бир тепти. Ары тоголонуп кеткен күчүк дагы эле үрө берди. Абышка кайрылып, дагы октолгондо

Танзилия жетип барып күчүктү жерден ала койду. Чал баласы өлгөндөн бери ичип үйрөндү.

Абышка ичип келген сайын Актөш жат адамга үргөндөй, аны короого кийирбей, үрүп тура берет, жактырбаганын билдирет. Кайсы бир күнү чал үйдө ичип отурду. Баласын эстеп ыйлап отурду, өзү курактуу кошуна чал менен. Бу эки чалдын тагдыры окшош эле. Күчүк сыртка чыкты да экөөнүн тең бут кийимдерин тиштеп дөңдөн ары ыргытмак болду. Бирок ушул учурда ичкериде эки чал тең озондоп ыйлап жиберди, алардын үнү короону жаңыртып, кир жууп жаткан Танзилияга да жетти. Самындуу колу менен улам жүзүн сүртүмүш болгон Танзилия да ыйлап жатканын күчүк туйду. Туйду да оозуна тиштеп алган ботинкаларды таштап жиберип «апасына» чуркады. Максаты аны соотуш. Актөш ушул тар короодо, эки адамдын ортосунда жарыктыктагы ак менен караны, жакшылык менен жамандыкты ажырата баштагансыды. Эки жылда кадимки короо кайтарган ит болуп калды.

Жазга маал Актөштүн башына ташпиш түштү. Жүнү самтырап, жер чийген ал кошуна короого айланта курчалган зым тосмонун сайгылаганына карабай, жүндөрүн жулдуруп кире турган болду. Кошуна чалдын канчыгынын артынан түшүп алды. Кошунанын ийрейген канчыгы болсо Актөштөн качып, ийининен чыкпай койду. Актөш апсайып, жүдөп, азып кетти. Бир топ күн тамак да жебей, үрбөй да калды. Ушул күндөрү Танзилия «апасынын» жогунан пайдаланып, пайитин таап ит короодон чыгып кетти. «Апасы» издеп-издеп чарчап, анан жөн койду. Кайрылып келээр деген үмүттө. Актөш болсо толуп ташкан, албуут күчү менен тар көчөлөрдү айланып чуркап отуруп, топтобу менен жүргөн жолбун иттерге кошулуп кетти. Ошол бойдон күү менен узап кеткен ит Танзилия «апа-

сын» көпкө таба албай убараланды. «Апасы» болсо көп ыйлай турган болду, эми аны сооротор эч ким жок, итти да ойлоп ыйлайт Танзилия. Арак ичкен кудай алдында күнөөкөр деп өмүр бою ичкенди жек көрүп келген ал жаңы жыл алдында абышкасына кошулуп арак ичти. Башы тегеренип, мемиреп, сырткы дүйнөдөн саамга алаксыды. Кайгыдан бир аз арылгансыды. Эми дүкөнгө абышкасына акчаны эсептебей бере баштады. Шашып кетсе өзү да чуркайт. Ушул кыш күндөрүнүн биринде Танзилия жол боюндагы чоң дүкөндө арактын кочого дейре чыгып кеткен узун кезегинде турган. Колуна Актөштүн жүнүнөн токулган мээлей кийип алган эле. Бир маалда жүндөрү самсаалаган ит чуркап келип колун искегилеп кирди. Танзилия шимшилеп жүргөн жолбун иттердин бири го деп сумкеси менен тумшукка бир койду. Ошол маалда тыбыт жоолугун чүмкөй салынган «апасынын» жүзүн көрүп, Актөш кыңшылап жиберди. Сырт келбети таанылгыс болуп өзгөргөн итин Танзилия үнүнөн тааныды.


– Оо, айланайын Актөшүм, мунун жыт билгичин! – Танзилия колундагы сумкесин жерге коё коюп, Актөшүнүн чаң басып катыган өскүлөң жүндүү жонунан сылады.

Танзилия ити экөө ээрчишип, кезек да күтпөстөн, арак да албастан үйгө жөнөштү. Кардуу, тайгак жолдо автобуска түшпөй жөө келаткан аял менен жүнү самсаалап, арыктаган итке эч ким деле көңүл бөлбөгөнсүдү. Жолдо келе жатып өзүнө жакын макулуктун алдында Танзилия уялды, ырас болуп ит аны ичкен абалында көрбөдү.

Ушул кышта Танзилиянын чалы да, анын теңтушу кошуна чал да, чалдын канчыгы да өлүп калышты. Актөштүн үйгө кайтышы Танзилияга кыйла эле дем болду.

...Кыштын күнү терезеге салынган айнек ысык менен сууктун ортосунда «алпурушуп», сырттан суукту тосом деп, ичтен ысыкты чыгарбайм деп «тердеп» чыгат. Танзилия бир күндө беш-алты ирет терезелерин сүртөт. Ушул кышта алыста калган туулган айылын, эчак көзү өткөн ата-энесин көп эстей турган болду. Кыштагын эстеген сайын согуш алдындагы май майрамы элестеле берет ага. Ошондо бутуна жаңы ботинка кийгизип, атасы аны сельсоветке алып барган, ал жерден Кызыл байрак алышып, көчөгө чыгышкан. Ураалап кыйкырган эл менен чогуу көчөдөн басып өтүшкөн. Асан-үсөн түсүн берген май майрамын эстеп отуруп, ушу азыр Танзилия кыштагын эңсеп кетти. Үйүнө батпай көчөгө чыкты, заңгыраган тамын таштап, ошоякка биротоло кеткиси келип, жүрөгү алып-учту. Өлөөрүндө ошоякка барып, ошол жакта өлгүсү келди, ушул ой биринчи жолу Танзилиянын жүрөгүн толкутту. Алтымыш жаш азымчык эмес, уулунун өлүмүнүн азабын тарткан аял өзүнө ишене бербейт, бүгүн, эртең өлчүдөй болуп. Жарыкчылыкка келип дүйнө тааныган жактан жарыкчылык менен кош айткысы келди. Туулган жерин эңсеп туруп алды. Бирок Танзилиянын жүрөгүн толкундатып, сагындырган татарлардын кыштагы эбак жок болгон эле. Согуштан кийин ар ким туш-тушка күнү өткөн жакка жол тартып, бириндеп отуруп эч ким калган эмес эле кыштакта.

*01. 08. 1986*



# «КАНТОР КАТЫН»

Эл эчак кечки тамагын жеп, жатууга кам урганда Орозгүлдүн очогуна жаңы гана от жагыла баштайт. Кечки тамакты элден кеч ичкенге бу «кантор катындын» күйөөсү, балдары эбак көнүп бүтүшкөн. Орозгүл кызматынан ар дайым кеч келет, үйүнөн эрте кетет. Ар дайым ишинин көп экенине, оор экенине даттанат, бирок кызматын өлсө таштагысы келбейт. Өмүр бою ушинтип иштеп келет. Ага үйүндөгү бала тарбиялоо, толгон-токой түйшүктөн мурда кызматы өөдө. Өмүрүнүн маанисин да кызматынан көрөт. Орозгүл деп азан чакырып койгон атын Роза деп өзгөртүп да алган.

Таң эртең элден өзгөчө жасана кийинип, көчө бойлоп кызматына баратканда уюн саап жаткан, короосун шыпырып жаткан, же очогуна от жагып балдарына эртең мененки тамагын даярдап жаткан карапайым көчөлөштөрү аны суктана карап турганын туюп, ичинен кудундап, өзүн алардан нээтинде миң эсе өөдө сезип, ансайын мойнун койкойтуп, кайкалап өтүп кетет. Жолдон оро-пара жолугуп, ийилип учурашкандарды, ага карата кошомат кылгандарды көргөндө ичинен ого бетер менменсинет. Ушинтип, айылдаштарынын арасында өзгөчө болуп калганына «кантор катын» өтө мактанчу. Ал иштеген район борборундагы канторго күн сайын агылып арызданган адамдар келип кетчү, алар аны кудайындай көрүп, жалынып жалбарып: «Роза Расуловна, же Роза айым» деп ага кайрылып

жардам сураган учурда бу «кантор катын» өзүнчө эле бир чыйрала, сурдана түшчү. Дүйнөнүн туткасын кармап тургандай каада күтө калчу. Анын бул сүрдүү жүзү өзүнөн чоңдорго барганда таптакыр жайдары тартып, нурдана түшөт. Кандай тапшырма берсең да даярмын, тилдесең да, сөксөң да макулмун, бир гана мени иштен бошотпосоң болду деген анын жүзүндөгү жазууну кайсы чоң болсо да окуй алчу. Ушундан улам аны каалагандай иштетишчү, тындырбай, үйүнө кетирбей, кээде майрам күндөрү да жалгыз өзү чоң конторду кайтарып дүжүр болуп калууга Орозгүл жан дилден кайыл эле. Эптеп эле андан чоңдор кыйкым таап, иштен бошотуп койбосо болду.

Убагында тамак жеп, убагында уктап аялы бар кишидей болбогон «кантор катындын» мугалим болуп иштеген жоош күйөөсүн айылдаштары бир чети аяп, боору ооруса, бир чети аны кемпай дешчү. Мындай катын менен бир күн да жашоого болбойт, айрыкча айыл жеринде.

Күндөрдүн биринде «кантор катындын» эрин жумушка бараткан жолдон Калипа кемпир тосуп туруптур, сөзү бар экенин айтып. Өзүнчө эле толкунданып, сүрдөп алыптыр, бечара. Кебин араң баштады, бирок ток этерин айтты:

– Менин кызымды ал, токолдукка, жакшы аял болуп берет сага, үйдөн качкан канторчу аял алып пешенең деле жылыбады, балам. Бул бейтаалай кызымдын багын ач, баласынан коркпо, мен аны өзүм эле багып алам. Канторчу аялыңдын оту менен кирип, күлү менен чыгат...

Кемпир ушунчалык жан-дили менен, мээрим чачып, муңайым бир өтүнүч менен жалбарып жиберди. «Кантор катындын» күйөөсү эмне дээрин билбей дел болуп саамга туруп калды. Ал аялынан коркчу. Ушун-

дан улам кемпирдин бул сунушунан ал чочуп кетти, күнөө кылган кишиче жан-жагын карап да жиберди. Жолун тороп, колдон алган кемпир муну жоопсуз кое берчүдөй эмес.

– Эмне деп атасыз, эже, менин аялым бар, анын ким экенин жакшы билесиз. Мени эртең эле алып барып каматып салат, же болбоду дегенде үйдөн кууп чыгат...

Кемпир ого бетер «кантор катындын» күйөөсүн колунан коё бербей, өз оюн бекемдеп кирди:

– Токолуң болсо, аялыңдын өзүнө жакшы да, кызматтан келсе үйү жыйналуу, тамагы белен, кир-коогу жуулуу, балдары каралуу, короосу шыпырылуу. Сен аны менен ачык сүйлөш, угушума караганда ага азыр күйөөнүн деле, бала-чаканын деле кереги жоктой болуп калыптыр, деги намысың бар жигитсиңби, эшигиңе уй байлап, элге окшоп каймак-май жебейсиңби, карып калган ата-энеңе чай-пайың бербейсиңби? Өмүр бою баш көтөргөн катындын башы пас эри болуп жүрүп өтөсүңбү, катарда да, санда да жок болуп...

Кемпир эми катуулап сүйлөй баштады. Эч кандай жооп айта албаган, коркуп кеткен эркекти карап туруп, анын көзүндөгү баягы мээрим, убайым өчтү. Ачуусу келди. Түңүлгөн кишиче намыссыз эркектин баятан кабыштыра кармап турган колдорун өзүнөн өзү бошотуп, аз жерден анын бетине түкүрө жаздап, шагы сынган кемпир сүйлөнгөн тейде ачык турган дарбазасына шашып кирип кетти.

Чоң жолдун так ортосун жарып «кантор катындын» эри жоого бараткансып адаттан тыш шашып басып келатты. Калипа кемпир анын көптөн бери көкүрөгүн өйүгөн жараатын оюп алгандай болду. Чынын айтса «кантор катын» менен бир үйдө жашоо анын өзүн да эбак эле тажатып бүткөн. Бирок чолпон-

дой болгон эки уулун кантип кыят? Бир кезде чайналып-чайналып, акыры тим калган, тагдырына моюн сунган. Азыр кийген кийиминин этек-жеңи желбиреп, жоош, момун жүзүн ызалык каптады. Жүрөк тереңиндеги эчен жылдар уялаган арманы көмөкөйүнө келип, жумушка бараткан жолунан адашып, айылдын «мас көчөсүнө» бурулуп кетти. Ары-колуна келген эркек ал жерде биринчи эле кезиккен айылдашы менен түш оогончо арак ичти. Ушул күндөн баштап Көл боюндагы айыл дагы бир аракеч менен толукталды.

*13. 02. 2007.*



# БИР ИЛИМ САРЫ МАЙ

Карыган кемпир өлөр алдында чоберосинин алаканынан бир илим сары май татты. Даам сезбей калган каткан кары тил сары майдын кадимки даамын сезгендей, үлдүрөгөн жансыз көзүнүн кычыгына жаш толо, тиши жок оозун тегерете жалагылап, кемпирдин эси кетти. Маңдайында карап отурган кызын нес басты. «Энеси сары майды ушунча эле жакшы көрөбү? Мынча неге тамшанат?» Кемпирдин бул улуу кызы да кемпир куракка келип калган адам.

Карыган чакта сурап-тилеп жүрүп араң неберелүү болду. Небереси төрөлөөр замат ушул кары энесине алып келип анын колунан ага сары май оозантып, бата алгысы келди. Бирок уул, келини кыштын күнү наристени жолго алып чыкканга караманча каршы болду. Мына эми минтип кары энесинин ооруп калганын уккан ал уул-келининин ой-боюна койбой келип отурат. Наристенин май болгон алаканын аарчып, тазалап жатып келини азыр кайын энесин жекире карап алды: Ушунча узак жолго чыгарып убара кылган ырымың ушул беле, бүттүбү дегени го. Баласын кучактап эшикке атып чыккан келин дарбазанын сыртында күтүп турган таксиге отуруп шаарга жол алды. Кайын энесинин бул жоругу табияты шаардык болуп өскөн келинге күлкү келерлик эле болчу. Карыган кемпир бата берсе эле кызы ушу кемпирге окшоп узак жашайт имиш. Келин эрдин чүйүрө «шыңк» деп алды.

Кемпир адат боюнча май оозанткан чебересине узун өмүр тилеп бата бериш керек эле. Муну кемпир өтө карылыгынан улам жасай албады, жада калса нористенин кетип калганын да туйбады. Ал бир топко кыймылсыз жатты. Буга жанында отурган кызы кабатыр боло баштады. Балким бул учурда кемпир катуу ойго чөгүп жүрбөсүн? Азыркы эле булкулдап, жулкулдаган келиндин кылыгын ойлоп кемпирдин кызынын көңүлү чөгө түштү. Энеси да минтип бата бере албай калды. Кызына  кары кемпир чебересинин кетип калганын туйгандай, ошон үчүн бата бере албай калды го деген ачуу сезим бүт денесин аралап өттү.

Ушул учурда  Эне, Бала... Өтө кары, өлүм алдында жаткан кемпир менен, чачы агарып кемпир курагына барып калган кызы өз-өз алдынча ойго чөгүп калган эле. Кары энесинин ой кыялы өлүм алдында жатса да кызыныкына караганда бир топ  күлүк, ширин болчу. Али жүзүн көрбөгөн, саамайын сылап, бетинен сүйө элек чебере кызы сары май  оозантып, бу карыган кемпирди өтө курсант кылып койду. Сары майга байланышкан окуялар убай-чубай кемпирдин көз алдына элестеп, ал ошо дүйнөгө аралашып кетти...

Биринчи жолу ага сары майды атасынын үйүнөн күйөөгө узап бараткапда жакын жеңеси ооз тийгизген. Кыз бала ата конушу менен коштошуп жатып май оозанып, май болгон алаканы менен балалыгы өтүп чоңойгон атасынын үйүнүн босогосун майлап кетиш керек эле. Бул ата-энесине ыраазычылык билдирүү болчу. Анан ошол эле күнү жаңы босого аттап, кайын энесинин колунан май оозанган. Ошол тамда кемпир агарып, көгөрдү. Ооруп калган чакта кемпирдин өтүнүчүн аткарып, аны ушу урайын деген тамга жаткырышты. Кемпир өмүрү өткөн, бардык күндөрүн баштан аяк сыдырта эстеткен ушул үйдөн узайын деген го? Каада

боюнча биринчи чеберени көргөндө карылар анын колунан май оозанышат. Бул көп жашагандыктын, көптү көргөндүктүн, өсүп-өнгөндүктүн белгиси эле. Кемпир бул сары майдын да даамын татты, ушул гана маарасимди күтүп жаткандай азыр ал тынч ала түштү. Кемпирдин бейгам созулуп жатканы эми баарына ыраазымын деп өлүмдү күтүп жаткандай туюлду балдарына. А табияты эмгекчил, тынчы жок кемпир өлөр алдында ушинтип балдарына жүк болуп жатып өлгүсү келбей, өлүм дегенине өзү эле буту менен басып баргысы келип жан дүйнөсү уйгу-туйгуланып жатты. Күн эски тамды айланып өтүп, там артындагы теректерге жашырынган маалда кемпир жан берди. Өтө кары кемпирдин сөөгүн акыркы сапарга узатуу ырасмысын жасоодо жаш, кары дебей бүт айыл тикесинен тик турушту.

*15. 08. 1986*



# ИЙИКЧИ

Кемпир өлөр алдында бир ай бою эски ооруусу кармап төшөктө жатып калды. Тамак өтпөй, деми кыстыгып, ары же бери боло албай жаны кыйналды. Ошондо кошуна кемпирлердин бири келип келинине мындай деди:


– Кайненең бир нерсеге кабатыр болуп, илээшип жатат, ошон үчүн акка моюн суна албай кыйналууда. Өмүрү колунан ийик түшчү эмес эле, бүтүрө албай калган түйдөгү болсо таап ийире койгула, байкушту көп кыйнабай кудай жанын алсын. – Кошуна кемпир көп күндөрдөн бери батынып айта албай жүргөн сөзүн айтты.

Келин издеп жүрүп, короодогу бактан алманын танасына сайып койгон жерден ийикти таап келди. Бүтпөй калган түйдөктү арыдан-бери ийире салды. Анан томолок жипти ийиктен шарт сууруп алып, сандыктагы жиптерге кошуп койду. Мына, сексенге кирген кемпирдин миңдеген узундуктагы жолу түгөндү. Ичээр суусу ушуну менен бүттү окшойт, кошуна кемпир айткандай көп өтпөй каза болду. Ийикчи кемпир атайын түйдөгүн түгөтө ийирчү эмес, ар дайым жумушу бүткөндө түйдөгүнөн бир аз калтырып койчу, анткени ушинтсе кемпирдин иши арбый турган, бүтпөгөн түйдөгү кемпирди чакыргандай, ал ийигин кармоого шашчу. Ийиги колуна тийгенде колу, бутунун да талыган жерлерин унута калчу. Келиндерининин, же кыздарынын бири анын ишин улантышын кемпир аябай

каалачу, бирок бирөө да ийик кармагысы келбейт. Кайра, тескерисинче, кимиси апасынын ийик ийирип отурганын көрсө: «Таштасаңчы, алдагы ийигиңди, качан болсо ушинтип отурасың, колу-бутуңду созуп кичине эс алсаң боло», - деп кемпирди уруша беришчү. Алар энесин аягандыктан ушинтип айтышчу. Анан капа болуп калбасын деп көңүл улап: «Апа, сенин ийирген жиптериңдин баарын туташтырса Айга да жетип калды окшойт, эми бул ишиңди кылбай эле койсоң» дешчү. Анда кемпир: «Ээ, макоолор, бу ийик чимирилген сайын мен өзүмө дем, кубат жыйнаймын, кол куушуруп отурсам ушунча күчтү кайдан алам» дечү.

Жоолугунун учун ээгине бекем байлап алган кемпир сүйлөгөндө да ишин токтотчу эмес. Ошондон улам кемпирдин кийген көйнөктөрү да ийик чимирилткенде учкай тийип өтчү оң жамбашынан баштап сүзүлүп жыртылчу. Бармагынын изи, жүрөгүнүн деми калган кемпир ийирген сансыз жиптер уул, кыздарынын үйүндөгү таар, килемдерде калды. Көзгө анчейин жупуну көрүнгөн бул буюмдар кемпирдин тирүүсүндө көп деле элес алынчу эмес. Эми болсо алар балдарына энесин эстеткен таберик буюмга айланды. Энесин сагынган кээ күндөрү таар менен килемге баштарын жөлөп, өздөрүнө тааныш, сиңип калган энесинин колунун табын, алаканынын жытын искеп өксүп алышат.

*06. 10. 1986.*



# МОЛДО

Сулайман тоону көрөм деп борбордон келген төрт аял эми гана тоонун таш жолуна бут койгондо кайдан чыга калганы белгисиз, бет алдыда бул жердин молдосу пайда боло калды. Ал аялдарды баштан аяк бир карап алды да, ызырына тилдеп кирди:

- Бей ыйман албарстылар, жок дегенде жоолук салып албайсыңарбы? Ыйык тоого келгениңерди билбейсиңерби? Кудай жалгабаса, кебетеңер курусун! Силерге окшогондордун таманы үчүн бу тоонун ташы да убал...

Ушинтип күбүрөнгөн топучан чал бир топ наалып, анан колун шилтеди да, тоо башындагы Бабур күмбөзүндөгү кичинекей тамга этек-жеңин күбүй кирип кетти.

Тоонун ыйыктыгына баятан өзүнчө суктанып, кыялданып келаткан төрт аял бушаймандана бири бирин карап алышты: төртөөсүнүн тең чачы кыска, жылаңбаш, төртөө тең шымчан... Булардын бирөөсү чет элдик айым эле. Эч нерсеге түшүнбөй калган ага:

– Биздин кийген кийимибиз молдого жакпай калды, – дешти.

Кантсе да келген соң Бабурдун үйүн көрбөй кантип кетишет. Тоону айлана басып төрт аял баягы буларды тилдеген чал отурган үйгө келишти. Ал жерде чал кирип чыккандардын өтүнүчү менен куран окуйт экен, ал үчүн ага ким канча көңүлдөн чыгарса, ошончо пул сунушат. Төрт аял да кезекке турушту. Ушуларга курандын не кереги бар дегенсип, бүшүркөй караган молдо аларды канчалык жек көрсө да «куран окуп кой» деген бу төрт аялдын сунушун кабыл этти.

Кабак бүркөй көнүмүш адатынча тизелеп куранын айтып кирди. Алакан жайып бата тилегенден кийин чет элдик айым молдого биринчи болуп озуна 20 долларын бере койду, анын артынан башка аялдар бири 300, бири 200 сомдорун сунуп жатышты. Молдо бул жерге келгенден бери келген кеткенден мындай чоң акча алып көргөн эмес эле. Адатта 5, 10 сом, ашып кетсе 20 сом беришчү. Азыр бир айда таба албаган акчасын бая өзү тилдеген «кебетеси жаман» аялдар берип салышты. Молдо заматта өңүн, үнүн өзгөртүп, аялдарды дагы бир аз отургула дегенчелик кылып, үйдүн төрүндөгү, таман астындагы ташка басылган издер тууралуу кенен айтып берип, бул колу ачык аялдарга өзүнүн бар билимин, билгенин көрсөткүсү келип бөйпөңдөп жиберди. Балким, ичинен өзүн ыңгайсыз да сезип жаттыбы, айтор бу төрт аялдын «суук» кебетеси эми абышкага көрүнбөй калгандай, ал аялдардын кайдан келгенин, кандай иш менен жүрүшкөнүн, бала-чакасынан өйдө сурап жатты.

Бая булардан Сулайман тоонун ташын аяп жаткан абышка, азыр аларды Бабурдун үйүнөн чыгаргысы келбей, дагы кайсы жерге кантип сыйынышты, тоонун касиетин айтып сөзү бүтпөй койду...

*27. 04. 2006.*



# МАХАБАТ

«Дүйнө жашарат бар үчүн махабат...» радиодон созолонгон бул тааныш ырды кичинекей бала дээрлик күн сайын угат. Акыры бир күн чыдабай апасынан сурады:

– Апа, апа дейм, махабат деген эмне?

Ашканада күймөнүп, радиого кошулуп ырдап алган келин адегенде баласынын суроосун уга койбоду. Анан уулу келип анын кулак түбүнө дагы кайталады:

– Махабат деген эмне?

– Аа, махабатпы, ал сүйүү деген!

Эми араң тогузга келген бала муну түшүндүбү, же түшүнбөдүбү, айтор, «Аа» деген бойдон тынчып калды. Башка суроо узаткан жок. Бирок бул суроо баланын энесинин алеки сааттагы ачык көңүлүн бир топ алагды ойго салып койду. Жүзүн муңайым чайып, баятан шакылдата сабиз туурап жаткан колдору акырындан алсыз тартып, муун-жүүнү бошоп, баласы отурган бөлмө тарапты бир карап алды. Ичинен күңгүрөнүп, карттанып бараткан жарасы кайрадан ачылгандай, көмөкөйүнө жаш толуп, катуу үшкүрдү. Баласына махабат эмне экенин чындап, терең айткысы келди: «Сени жарык дүйнөгө алып келген да махабат, атаңдын сени жетим калтырып бирөөнү ээрчип кетип калганы да махабат, менин минтип атаңдан башка эркек аттууну көргүм келбей, качанкы бир өткөн күн менен жашап, жалгыздыкка моюн сунганым да махабат, тиги маңдайкы үйдөгү жаш кыздын энесин жалгыз таштап,

жигитин ээрчип чет элге кетип калганы да махабат, айылда таякеңдин аялы жети кыздан кийин эркек бала төрөдү, ал да махабат. Кыскасы, дүйнөң өзү махабат, жашооң өзү махабат, ылайым махабаттан жолуң болсо экен, азабына караганда жыргалын көбүрөөк татсаң экен демекмин, кулунум! Бирөө бул сезимге ак, туруктуу болот, бирөө муну менен оюнчуктай ойнойт экен. Бирок бир чындык – эч ким, эч качан махабатсыз жашай албайт. Ал бирөөгө ыр болуп, бирөөгө ый болуп, дагы бир үчүнчү бирөөгө жөн эле күн өткөрүү болуп, ушу махабат тегерегинде ары-бери термелип жүрүп, өмүр деген арман-асирети менен билинбей өтөт экен». Ушул жоопту энеси уулуна угуза айткысы келди, бирок көмөкөйүнө толгон ачуу жаш келинди сүйлөтө койбоду. Радиодо болсо дагы бир ыр ырдалып жатты, ал да махабат жөнүндө эле...

*10. 08. 2003.*



# ТҮГӨЙСҮЗ ЭГИЗ

– Бул уулум эгиздин түгөйү эле, бирок түгөйүнөн түйүлдүк кезинде эле ажырап калган. – Чачы токсондогу кемпирдикиндей куудай ак, өзү болсо жаш эле аял палатадагы бирге жаткандарга узун бойлуу, чачы тармал бой жетип калган баласын тааныштырды. Анан уулуна мээрим төгө карап, чачынан сылап койду. Уулу да энесин колунан кармап, экөө шыбыраша сүйлөшүп палатада бир топ отуруп, анан кетти.

Түйүлдүгүндө түгөйсүз калган уулу тууралуу аял палатадагыларга эми кенен баяндап кирди:

– Мен да бир кезде элчилеп абортко баргам. Эки балабыз удаа төрөлүп, кичинекей болчу, үйүбүз жок маал. Жумушка чыгып, иштейин дегем. Аборт жасатып, анан үйгө кеттим. Күндөр өтө берди. Бирок мен боюмдагы жеңилденүүнү сезгеним жок, кайра күн өткөн сайын талгак учурдагыдай абал башыма келди. Боюмда бар деп ойлогон жокмун. Анан бул кыйналуу учуру өттү. Бейкапар жүргөм, бир күн эле ичимде баланын кыймылдаганын сездим. Төбө чачым тик турду. Мен наристени алдырып салбадым беле?! Коркуп, баягы мени аборт жасаган врачка кайра келдим. Ал мени карап, боюмда барын ырастады:

– Чоңоюп калыптыр, беш айдан ашкан. Эми муну аборт кылууга да болбойт. Боюңуздагы бала эгиз турбайбы, биз бирөөсүн алып, экинчисин калтырып коюппуз... – Ушинткен доктур өзү да кабатыр болуп, ар кайсы жактарга телефон чалып, кеңеш сурап жатты. Эгиз түйүлдүктүн бирин алып, экинчисин калтырып кой-

гон учур өтө чанда кезиккен нерсеби, врачтар чогулуп алып, чогулуш жасап, бир топ ары-бери болушту. Бул курсакта калып калган баланын дени-карды соо төрөлүшү тууралуу кыйла талашышты. Көпчүлүгү жан кирип калган баланы жасалма жол менен төрөттүрүп жок кылып салуу керектигин, аборт жасалып жаткан-да бычак анын бир жерине тийип кеткендиги тууралуу пикирге келишти. Бул түйүлдүк сөзсүз бир жеринен жабыркаган деп туруп алышты. Акыркы чечим менин өзүмдө калды. Мен болсо ичимдеги кыймылдаган ымыркайды өлүмгө кыйгым келбей туруп алдым. Эмнеси болсо да төрөймүн дедим да ыйлаган бойдон үйгө кетип калдым. Мындай эрдикке барганым менен ай күнүнө жетип, бала төрөлгөнчө эмнелер гана ойго келбеди. Чын эле кандай бала төрөлөт? Мунжу болуп калсачы, бети-башы аман болор бекен? Акыл-эсичи? Ушуларды ойлоп отуруп чачым агарды. Бала төрөлдү. Эч кемчилиги жок, балканактай эркек бала. Уулумду көрүп чачымдын мезгилсиз агарганын унуттум. Бирок жүрөктөгү түпөйүл сезим дагы эле басылбады. Бу бала басабы, сүйлөйбү... ушуга окшогон беймаза ойлор мени күн санап, саат санап жей берди. Качан бала эки жаштан ашкан соң анын ден-карды соолугуна ишендик, жүрөгүбүз ордуна түштү. Бирок мен чачым гана агарбастан, кан басым, кант оору дегендерге кабылдым.

Ушинткен келиндин көздөрү баари бир палатадагыларды карап бактылуу жылмайды:

– Бул балам сабакты улуу балдарыма караганда мыкты окуйт, өзү жароокер, акылдуу, быйыл шахмат боюнча шаарда биринчи орунду жеңип алды. Машыктыргычы мактап жатат, мындан чоң шахматчы чыгат деп...

*03. 01. 2003.*

# МАШИНЕДЕ ЖАШАГАН АДАМ

Сырты келишимдүү, жалтырата жуулган чет элдик маркадагы машине көп кабаттуу үйлөрдүн жанына келип токтоду да, ал жерде күтүп турган узун бойлуу кызды салып алып зуулдап жөнөп кетти. Кыз бул машинедеги өзүнөн бир топ улуу жигит менен кечээ таанышкан. Ал кызды түн ичинде үйүнө жеткирип койгон. Экөө шаардын четин көздөй жөнөштү.

Тулку боюна кара түстөгү кийим кийген кыздын чачы, кашы, көзү да капкара сулуу эле. Кийимине жараша тырнактарын да каралжын боёк менен боёп алган. Бүткөн боюн каптаган бу кара түс анын ак жүзүн, колдорун ого бетер аппак кылып көрсөтүп турду. Жигит колдон келишинче машинесинин ичин, сыртын тазалаган эле. Бирок машине ичинде баари бир жагымсыз жыт турду. Кыз бул жытты сезсе да, эмнеден экенин биле алган жок. Качан машине шаардан чыгып, тоо таяна жайгашкан айылдардан өтүп, чоң суунун боюна токтоп, жигит отурганга орун издеп ылдый түшүп кеткенде, кыз артына бурулуп салон ичин тегерете карап чыкты. Арткы орунда кийим илгичтерде эркектин костюмдары, сырт кийимдери илинип турат. Орундуктун пас жагында болсо үйдө кийчү тапичкеден тарта ар кандай сезондо кийиле турган бут кийимдер тизилип жатат. Кыз баятан берки жагымсыз жыттын себептерин билди.

Ылдый жүгүрүп түшүп чыккан жигит кызга кубанычтуу унчукту:

– Эң сонун жерге келиптирбиз, муну издеп да таппайсың, түштүк!

Ал багажнигин ачып, андан идиш-аяк, жерге салынчу төшөк, тамак-аштарды алып чыга баштады. Багажникке башын созгон кыз таң калды: Анда эмнелер гана жок эле. Жаздык, жууркан, шейшептер. Тиш жуугучтан өйдө тиричиликке керектүү бардык буюмдар бар эле. Машинесине минтип бүтүндөй бир үйдүн кем-карчын жүктөгөн жигитке таң калуусун жашыра албады:

– Көчүп жөнөгөнсүңөр го?..

Жигит баари бир билине турган нерсени кызга ачык айтты:

– Көчпөй эле. Мен машинеде жашаймын. Машине – үйүм, машине – ишим. Кечке дейре шаардын тынчыраак жагына барып машине ичинде уктаймын, кечке жууктан тартып, таң атканча шаар ичинде таксист болом. Тапканым жаман эмес. Үйдөн кетип калгам, аялым менен балдарыма үйдү бердим да, өзүм машинени айдап чыгып кеттим. Көп досторум аялы менен ажырашып алып, дүйнө мүлкүн бөлө албай соттон сотко он жылдап жүрүшөт. Биз оңой эле ушинтип бөлүп алдык... – Жигит андан артык бул темада сүйлөгүсү келбеди бейм, ары бурулду да баятан үнү басылып турган магнитофонду бар күчүндө бакырта коюп койду. Машинеден чыккан музыка тоону жаңырта берди. Кыз тыкан кийинген, өзүнүн курагынан кыйла жаш көрүнгөн бул жылдыздуу эркекти кечээ чын эле бир көргөндө жактырып калган эле. Бүгүн минтип сунушуна макул болуп келгени да ушундан. Эми бу «машине – үйүм» деп муну ойго салып койду. Тоону карап сумсайган кызды жигит капталынан тийише кармап чочутту:

– Эмне, үйү жок эркек экен деп жаман көрүп калдыңбы? Бу жоргом жүрүп турса бир жылда бир үйдүн

пулун таап алам. Шаардын каалаган жеринен сатып алам да, каалаган бийкечти үйүмө кийирип алам. Антпесем эркек болбой калайын! Жигит колундагыларды көтөргөн бойдон ылдый чуркап кетти.

Машинеге жөлөнгөн кыз жигит ойлогондой капа болгон жок. Кызга бу эркектин бой экени жакты. Шар, ачык сүйлөгөнү, муңайбай көңүлдүү жүргөнү жакты.

– Мени менен кошо жүргөн киши бир күндө тажайт. Өткөндө Санжарды аябай сагынып, үйдөн алып кеткем. – Аны-муну ташып жаткан жигит шаша сүйлөдү, – Санжар менин кичүү уулум. Экөөбүз кечке машинеде шаардын ичин кыдырдык, эс алдык, тамак ичтик, уктадык. Анан машинеде жаткан уулум таң атпай үйгө кетем деп ыйлай баштады. Жүзүнө үңүлсөм чын эле бала жүдөп калыптыр, бети-башы ботала. Мейли дедим да апасына жеткирип бердим. Ушинтип, балдар менен сагынышканда да машине ичинде жолугушабыз. Анан, анан минтип бийкечтер менен да машинеде табышабыз... – Эркек кызга дагы жакындады, өпмөкчү болду эле, кыз бетин ала качып өптүрбөдү.


– Бийкечтериңиз көп го? – Кыз баятан ичинен сурабай эле коёюн дегенин чыдабай сурап ийди.

– Ой, толтура да. Айрыкча түн ичинде таксиге отурган кыздар өздөрү жабышат. Үйүнө алып барып коноктогондору да бар... – Жигит көп эле сүйлөгөнсүдү. Бирок кыздын кулагына бир кирсе, бир кирбейт. Кыз өзүнүн берген суроосуна өзү өкүндү. Ушуларын укпай эле койсо болмок. Иренжип калды. Ээрчип келгенине да өкүндү.

Шар аккан суу жээгинде алар бир топ отурушту. Тамак жешти, суусундук ичишти. Аркы-беркини сүйлөшүштү. Кыз күн сайын ар кандай бийкечтер менен жолугушуп жүргөн адамга боюн бербей олуттуу отурду. Таксист мындай кызды биринчи жолуктурушу.

Мындай мамилени күткөн эмес эле. Башкалар менен суу жээгине келгенде алигиче баарына үлгүрүшчү. Муну менен азыр кечке чейин отурса да өбүшө элек. Өбүшпөй да калат окшойт бүгүн. Ал кызга таңыркай да, анан сыйлап да мамиле кыла баштады. Кыз өзүнүн бүгүнкү муңайым, токтоо мүнөзү менен жигитти ойлонтуп, жүрөгүн козгоп койду. Оозунан чыккан ар бир сөзү орду менен. Шаңкылдап деле күлбөйт, жылмайганы болбосо. Бу маңдайында отурган кыз көчөдөгү көп кыздардын бири эмес экен. Муну билсе жана ар деменин баарын бапылдап сүйлөбөйт эле. Эркек өзгөрө баштады. Эмне болсо да кыз менен мамилени сактап калганга жан алакетке түштү. Эртең мененкидей болуп анын ар жак, бер жагынан кармалап тийишкенин токтотту. Кара кийимчен аппак кыздын ыйман, адеби, баятан дене бою алоолонгон эркектин демин суутту. Ал да олуттуу тартты. Буга чейин бир аялга айтпаган жан сырын төгө баштады. Үйбүлөсүнөн эмне үчүн ажырашканын, азыркы мүшкүл түйшүгү оңой эмес экендигин, машинеде жашагандан тажап бүткөнүн айта берди, айта берди...

*21. 03. 2003*



# ТҮШ

Мелүүн жүргөн жагымсыз ысык желаргы бак ичиндеги сөрүдө чай ичип отурган кемпир чалдын ансыз да бүркөө кабагын ого бетер бүркөлттү. Ушундай, ар жыл сайын жай айы буларда ташпиш, санаа. Анан эмей, бир тамчы сууга зар болуп, жалбырагы али жапжашыл туруп минтип жай ортосунда өрүктөрү кургап калса, тамаркасын гүлбакка айлантып, ырахат алмак турсун, үзүп жегенге көк пияз айдай алышпайт. Айылдын бактары улам четинен кургап отуруп, бир гана өрүктөрү калды. Бирок быйыл булардын да жалбырагы эрте кургап түшө баштады. Чал, кемпир көк чайды канчалык шимире жутканы менен жапжашыл туруп кургаган өрүк жалбырактарынын шытыраган үнүн угуп отуруп булардын суусуну кана турган эмес. Жалбырактар шытыраган сайын Сулайман чалдын жүрөгү дилдиреп жатты. Кандай мээнет, тер менен бу өрүктөрүн өстүргөн эле. Эми булар да куурап калабы?

Бул айылда суу тартыш, жок десе да болот. Айылдын баш жагынан илгери чоң каналдан суу келчү. Союз кыйраганда булардын айылга келчү каналдары да кошо кыйрап, акыркы беш жылда суу такыр келбей калган, айылдыктар ичээр суусун сайдагы айылдан ат, эшекке жүктөп ташышат. Ушинтип, шоруң каткан бу айылдын эли жашоодогу эң зарыл нерсесинен ажырап калышкан эле. Суусуз айылдын кебетеси узактан эле билинет: көзгө көрүнгөн нерсенин баары боппоз, көчөлөрү чаң, түлөгөн тайлактай күн сайын кунары учуп

баратат. Алдуу-күчтүүлөрү бул көз көрүнөө өлүп бараткан айылдан көчүп кете башташты. Эл суюлуп калды.

Сөрүдөгү чыны, чайнектерин жыйнап жатып Толгонай кемпир чалына жүз бурду. Анын өңүн бүгүн өзгөчө муңайым баскан. Булардын да бакандай үч уулу Бишкекте. Эми аларды чакырып келтире албайсың. Өткөн жылы бул суусу жок айылга айылдын колунда бар бир кулуну чоң базар салган. Тогуз жолдун тоому, айыл өзү да чоң эмеспи, бул жагынан тажиктер, тиги жагынан өзбектер аны-мунусун көтөрүп келип базар адегенде бир гүүлдөп алган. Ошондо Сулайман чал базар курмакчы болгон жигит менен бир топ кер-мур айтышкан эле.

– Ай, балам, колуңда бар экен, базар курбай, элиңе канал курсаң боло, шондо накта жакшылык кылган болор элең. Базардын кимге кереги бар, азыр базардан көп неме жок...

Чалдын бул кебин жүзүнөн нур төгүлгөн сулуусумак жаш бизнесмен ичинен эп көргөнү менен, ага сыр бербей бурк эткен:

– Канал кура тургандай мен келесоомунбу, ава, тыйынымды талаага чачып, каналды өкмөтүң курсун, ошого айткыла, мына мен очойгон салыкты ошолорго төлөп атам. Базар, базар дейсиңер, азыр эл базардан байып жатат, - деп керсейген.

Бу жигит пайда көрсө көргөндүр, бирок суусуз айылдын элин базар өзүнүн күрү-күүсү, акыр-чикири, каңырсыган жыты менен андан бетер жүдөттү. Бара-бара базарда алуучудан сатуучу көп болуп калды. Анын үстүнө эч нерсе айдалбаган, өспөгөн бул айылдын тургундарынын көпчүлүгү кийинки маалда алып сатар болуп кетишкен эле.

Базардан келген жагымсыз жыт абышка, кемпирдин короосун түштөн кийин каптап кетет, анан таңга

жуук азаят. Айрыкча күн ысык маалда базарга жакын үйдөгүлөр башын кайда катаарын билбей калат.

Мына ушундай жайдын ысык күндөрүнүн биринде кыйналып жатып түн ортосунда араң көзү илинген Сулайман абышка ойго келбеген түш көрдү.

...Жайдын ысык күнүндө чак түштө базардын чок ортосунан өрт чыкты. Ал көздү ачып-жумганча ысыктан какшып турган базар ичиндеги жыгачтан жасалган орундуктарга, текчелерге жабышты. Базардагылар алуучусу да, сатуучусу да эптеп жан айласында качып чыкканга үлгүрүп жатышты. Жайнаган товарлар жарылганы жарылып, атылганы атылып, адам кейпин учурган көрүнүш заматта чоң базарды каптады. Базар курган бай жигит тамагы айрылганча кыйкырып, элден жардам сурап, туңгуйукка түшкөн жетим көпөлөктөй жол таба албай, базарынын ичинде чарк айланып жатты. Айылдыктар үйүндөгү ичем деп алып келген сууларын көтөрүп келип куюп атышты, өрткө куюп атышты... бир тамчы калтырбай түгөтүштү. Бирок мунун баары асманга атырылган тилсиз жоонун алдында аздык кылды. Чака-челектери, арыгы какшып биротоло кургап калган эл улам күчөп бараткан өрткө кантип каршылык кылаарын билбей башы катты. Бу килейген базар заматта калап койгон отундай дүрт этип, соймоңдогон жалындар көчөгө жетти, көчөдө базарга ыктай салынган базар ээсинин бензин саткан жерине жеткенде эл жапырт базарды таштап качып жөнөдү. Май саткан жерден көккө атырылган жалын менен кошо кулак тундурган добуш чыкты. Өрт заматта көчөнүн атарабындагы үйлөргө жабышты. Качып бараткан эл чурулдай түштү. Анткени короо ичиндеги бак-шак, чөп-чардын баары өрт эмес, бир тал ширеңке тийсе чарт жарылчудай болуп кургап бүткөн эле. Бутактары тарбайган өрүктөр чатырап күйө

баштады. Үйлөрдөн мурда бактар күйдү. Бүт айыл күмжам болчудай. Чуру-чуу, жапайы кыйкырык, үн айылды жаңыртты. Эми адамдар үйүн, мүлкүн, дүнүйөсүн коргомок турсун, кара жанын сактоонун амалында туш тарапка кача башташты. Ушул көз ирмемде бир гана базар курган бай жигит өрт ичинде жан алы калбай ары-бери чуркап жүрдү. Ал ушу саамда бул өрттү өчүргөнгө мүмкүн болсо сандыгындагы бар акчасын чачууга даяр эле. Ал качып бараткан элге дагы эле кыйкырып жатты, жардам сурап, акча берээрин айтып, чөнтөгүндөгү сансыз акчаларын качып бараткан элди көздөй туш келди ыргытып жатты. Бирок өрттөн качкан эл токточудай эмес, артын кайрылып карагыдай эмес, топурап улам айылдан узап баратышты. Алардын ичинде түш көрүп жаткан абышка менен анын кемпири да бар эле...

Бул түш абышкага бекеринен кирбептир, ошол түнү таңга маал чындап эле базардан өрт чыкты.

*22. 06. 2005.*



# ОТУНЧУ КЫЗ

Таң эртең апасы колуна карматкан капты көтөргөн кенедей кыз айыл ичиндеги мал оттогон дөңсөлүү жерлерге тезек издеп жөнөдү. Улам карарып, жерде чөп арасынан көрүнө калган уйдун жампасын кармалап көрөт, кургагы болсо кабына салат, кургай элегин оодарып коет, эртеңкиге чейин тезирээк катысын деп. Ушинтип улам жерге эңилген сайын көтөргөн кабы да оордоп калды. Кыз ого бетер бүктөлө түштү. Айыл четиндеги кырманга жеткенде жүгүн араң көтөрүп артына кайтты. Күн улам көтөрүлүп, ысый баштады. Каптын ичиндеги тезектер да ысып, кызды көл-шал тердетти. Чарчап, курсагы ачып, суусап жаны кыйналса да кыз үйгө ылдам басып, көңүлдүү келатты. Тезеги көп, апасы муну көрүп сүйүнөт, бир күндүк отун тапкан кызына. Үйгө жетти да, очок боюна тезектерди жайната төгүп, апасы экөө бактылуу көздөрү менен бири бирин үнсүз карап алышты. Колу-бети, кийими тезек жыттанган кыз чакадагы муздак суудан аптыга жутуп-жутуп алды. Чайдөшкө тезектерди калап, от жаккан апасы кызына чай кайнаганча жерге түшкөн алма-өрүктөрдү терип тур деди. Колун чала-була жууган кыз дагы эңкейип бак ичинде шамалга күбүлгөн алма, өрүктөрдү терип кирди. Бүкүрөйүп, таптакыр эле эки бүктөлгөн кыз чарчагангабы, же муздак сууну күйүгүп келип көп ичип алгангабы, жүрөгү айланып, кускусу келип, кыпкызыл алма, өрүктөрдү курсагы ач болсо да оозуна алган жок.

Апасы чай кайнатып, сүт тартканча кызы короодогу жерге түшкөн алма, өрүктүн баарын терип бүттү да, чай ичкенге чамасы келбей, сөрүдө төшөлгөн жакандос үстүндө бүк түшкөн бойдон уктап калды. Бул маалда жаңы гана уйкудан козголгон эки иниси апасы берген сүттүү ысык чайдан ичишип, эжекеси жыйнап, терип койгон мөмөлөрдү четинен жеп, сөрүдө бүкчүйүп уктап калган кызды ойготуу үчүн анын колунан, чачынан тарткылашып, бетине муздак суу чачып, эрмектеп киришти. Кыз болсо эски жакандоско башы тиер замат өлүк сымал катуу уктап калган. Аны муздак суу эмес, андан башка нерсе да ойгото албайт эле.

...Бүгүн да таң эртең күн бүркөө болгонуна карабай отунчу кыз адатынча тезекке жөнөдү. Жамгыр жаап жибере электе кабын толтурам деп, дөңдөн дөңгө чуркап күйүктү. Кырманга жете бербей, кабы толду. Сүйүнгөндөн жапжашыл, гүл жайнаган дөңгө отура кетти. Салкын шамал баятан бери күйүккөн кыздын эрбейип-сербейип өрүлгөн, таралбаган чачтарын, бакырайган чырайлуу, бирок чарчаңкы көздөрүн, оттой жанган кызыл жүзүн, башындагы саймалуу эски топусун адегенде жагымдуу, акырын сылап өттү. Анан бул шамал катуулай баштады. Чочуп кеткен кыз ордунан ыргып турду да кабын көтөрүп жөнөдү...

Көп өтпөй катуу шамал басылып, жамгыр төгүп кирди. Көтөргөн кабы суу болуп, улам оордой берди. Бирок кыз жүгүнүн оордугуна да чыдап, эптеп үйгө жеткенге шашты. Каптан аккан тезек аралашкан суу кыздын мойнунан ылдый куюлуп, үйгө жеткенче кабындагы тезек болбой эле былчылдаган нерсеге айланып калды. Мойнундагы кабын жерге койгон кыз кыйналганына, ызасына чыдабай ыйлап коё берди. Эми булар бүгүн тамак да жебей, чай да ичпей калышат. Отун жок. Чыйрыгып, калчылдап ыйлаган кызды апасы уруша баштады:

— Жаанга калбай келбейсиңби! Болду болбоду ойноп калгансың, оюнуң башыңда калгыр, же гүл терип чуркап кеткенсиң...

Кыз болсо Кудай жаадырган жамгырга өзү күнөөлүүдөй, көйнөгүнүн сасып, суу болгонун да сезбей, үнсүз ыйлап, сөрүнүн кырында отурду. Ал апасы айткан оюнду, гүлдөрдү унутканы качан. Кээде сабак окуганга колу бошобойт. Тоо таянган айылдагы тиричилик апасы менен кызын эртеден кечке баш көтөртпөйт.

Бул убакта али төшөктөн тура элек эки иниси нөшөрлөп жаап жаткан жамгырды, ыйлап отурган эжекесин ичиркене карашып, кайра төшөк чүмкөнө уйкуга кетишти.

*25. 10. 2000.*



# БАЛА КӨТӨРГӨН БАЛАЛЫК

Апасы али мектепке бара элек кыздын далысына кичинекей инисин жоолук менен байлап берди көтөр деп. Наристе кичинекей болсо да анын салмагынан кыз адегенде баса албай эңкейип, ийини ооруп көпкө чейин кыйналды. Анан көнө баштады. Алгач бала менен короо ичинде араң ары-бери баса алса, эми инисин көтөрүп алып, кыздар менен айылды аралап ойноп кетет. Ийинине байланган иниси бара-бара аны менен дайыма кошо жүргөн нерсеге айланып калды. Эңкейип алып кыздар менен бардык оюндарды ойной алат. Кээде иниси ыйлап кыйнайт, ошол маалда ары-бери басып айласы кетет. Кээде сийип-чычып жиберет, көйнөгүнөн ылдый суу куюлуп үйгө жеткенче шашат, өзү да бала эмеспи, жийиркенет. Анткенине болбой апасы инисинин булганыч шымын шыпырып туруп, арыкка барып жууп кел деп кыздын колуна карматат. Агын суу кандай жакшы. Боктуу ыштанды арыкка салып, ары-бери тазалайт. Ыштанды жууп келгенче апасы инисин кургактап, эмизип турат. Анан кайра ийинине таңып берет. Кээде иниси аркасында таңылган бойдон уктап калат. Ал учурда наристе аябай оор болуп калат. Кыздын ийини, колдору талып, ооруп чыгат. Ойной албай калат. Эңкейген бойдон ойноп аткан кыздарды иниси ойгонгончо карап тура берет. Ушул маалда кыз ушунчалык жеңил чуркап, учуп ойногусу келет, кыздардын баарынан катуу чуркайт эле, топту да баарынан алыс ыргытат эле, артында байланган

иниси болбосо. Желкесиндеги бул жүк кыз уктап жатканда да мазесин алат. Төшөктө иниси кудум артында байланып тургандай, ары-бери оодарыла албай кыйналат. Төшөк ичинде уктап жатып да бала ийининде тургансып эңкейип эки бүктөлүп калат.

Күн өткөн сайын иниси да чоңоюп, кыздын көтөргөн «жүгү» оордой баштады. Кыздар менен гүл тергени дөңгө чыкканда көтөрө албай кыйналып калды. Иниси да мурдагыдай тынч турбай ары-бери кыймылдай берип, кызды беймаза кылат. Бир жолу Бүайша ийининин, колунун талыганынан тажап кетип, артында таңылган инисин чечип, жерге отургузуп койду да, өзү теңтуштары менен оюнга кошулуп кетти. Адегенде чөп үстүндө тынч отурган бала бир маалда жөрмөлөп жөнөдү. Оюнга алаксыган Бүайша инисинин машине жолго жетип калганын байкабады.

Бир маалда зуулдап келе жаткан жүк машине сүрдүгүп барып токтоп калды.

– Бүайша! – Кыздардын бири оюн арасынан ачуу чаңырды. Жөрмөлөгөн бала машиненин так дөңгөлөгүнө аз жерден тийбей калды. Калчылдак баскан кыз чыркырап барып инисин жерден алды. Аңгыча кабинадан атып түшкөн шопур кызды жаак талаштыра бир чапты.

– Ойнобой омурткаң сынгыр десе! Баланы карабайсыңбы!

Өңгүрөп, өң-алеттен кеткен кыз өзүнөн бетер коркуп, эчкире ыйлаган инисин артына көтөргөн бойдон үйгө жөнөдү. Булардын үйүнө Бүайшадан мурда шопур жигит машинеси менен жетип, болгон окуяны баяндап бүткөн эле. Кыз дарбаза алдында токтоп турган жүк машинени көрүп, үйгө киргенге даай албады. Өзү да ыйлап, бала да ыйлап саамга көчөдө туруп калышты. Азыр үйгө кирсе баары муну урушат. Уруп жибе-

ришсечи, жанагы шопурга окшоп. Аз жерден инисин машине тебелеп кете жаздады. Жүрөгү алкымына тыгылган кыз ушул азыр ийининдеги жүктүн кенедей да оордугун сезбей, мындан ары кыйналса да инисин жерге такыр түшүрбөй көтөрүп жүрөйүн деп ичинен миң мертебе кайталап жатты.

Чын эле оор жүктөн Бүайша эки буту тайтайып, желкеси бүкүрөйүп, иниси үчкө келгенче көтөрүп жүрдү, андан кийин жаңы төрөлгөн синдисин көтөрдү, дагы андан кийинки инисин көтөрдү...

Мектепке барганда партада түз отур деп эжейи тилдейт, түз эле отургансыйт, бирок отура албайт, анткени бүкүрөйүп калган ийини ошол бойдон жазылбайт. Бала көтөргөн балалыктын бул белгиси Бүайша бой тарткан сайын ого бетер билинип, көп учурда аны өксүтүп, кейитип, корунтуп жүрдү. Кыздын акылы, айдай жүзү, мээнеткечтиги – ушунун баары бириксе да бой келбетиндеги бул өксүктү жымсалдай албай кызды бир топ жылдар бушайманга салды.

*18. 08. 2000.*



# АЗАПКА САЛГАН АЙЫЗ

Таң эртең даараткканага барган кыздын эси чыгып кетти. Алаасы бүт кан, кадимки кыпкызыл кан. Кыздын бүткөн бою титиреп, жан айласын таба албай алдастап калды. Бул эмнеси? Кан кийимдеринен өтүп, төшөнчүлөрдү да булгаган. Эч жери деле ооругандай болбоду. Апасына билдирбей бир сыйра кийимдерин которуп кийди. Анан үйдүн артына акырын өтүп, арыктагы кол салса үшүткөн муздак сууга ичиркенсе да жуунду. Жаны бир аз жай алган кыз уйду бадага кошуп келгенче кийиминин дагы булганганын көрдү. Эми эмне кылат? Алмаштырганга башка кийими да калбады. Апасы болсо бушайман болуп турган кызынын ойлуу, убайымдуу жүзүнө тик багып карабай туруп, аны адатынча отунга жумшады. Тезек терип келгенче куюлган кан кыздын бутуна чейин жетти. Кыз баягы арыкка барып дагы жуунду. Үстүндөгү кан болгон, суу кийимдери менен кыз чындап чыйрыгып, үшүп чыкты.

Эми ушул акыбалында суу ташуу керек. Кымырылып, кымтынган кыз өңү боппоз болуп апасына жакындады, айтайын, ыйлайын деди, кан өзүнөн өзү эле агып жатканын. Жанына келсе да кир жууп жаткан апасы кызы тарапка жүз бурбады. Аны карабай туруп: «Чакага ысык суу апкел» деди. Ысык сууну апкелген кыз апасына дагы жакындады, жаңы эле акыбалын айтканга оозун камдаганда апасы: «Алдагы кирлерди арыкка алып барып чайкай бер, күн да сууп баратат» деди.

Чоң челекке салынган таштай оор кирлерди көтөрүп кыз дагы арыкка жөнөдү. Суу муздак, колдору кыпкызыл болуп үшүп, анан негедир ысыгансыйт. Акыр аягында оор кирлерди сыга албай, колу карышып калды. Бирок, кирдин баарын чайкап, жайып бүттү. Колу эле эмес, көлөч кийген буттары да чалпылдап суу болду. Бала да, эңкейип чайкаганды билбей, самындуу сууну бүт бутуна чачыратып алды. Кийим-кечеси булганып, буттары суу болгон кыз адатынча кечки бададан уй тоскону жөнөдү. Уйду байлап коюп, дөңдө аркандалып турган музоону алып келди. Апасы уй сааганча мештин күлүн алып, от жакты. Кан болгон кийим-кечесинен кымырынып, баары аны карап тургансып, атасынан, апасынан, инилеринен корунуп, айласы кетти. Акыры апасы тамак жасаганча кыз эски-уску кийимдерден чүпүрөк издеп, эптеп өзүн кургатымыш болду. Бирок эртеден бери аккан кан анын кийимдеринен өтмө катар өтүп кеткен эле. Түшүнүксүз аккан канга бушайман болуп, ызаланып, ыйлап, ой баскан кыз бир топко уктай албай жатып, таңга маал катуу уктап калды.

Аны эртең менен апасынын ачуу үнү ойготту. Төшөктөн баш көтөрүп, ыкчам турган кыз, белинин, буттарынын сыздап ооруп жатканын сезди. Ага карабай ордунан турду. Бирок аны чочутуп кейиткен башка нерсе эле. Жаткан жери, кийимдери дагы бүт кан. Эми эмне кылат? Жан айласы куруп, карбаластап калды.

– Бүайша, турбайсыңбы, уй кечикмей болду! – Апасынын ачуу үнү дагы угулду.

Кан болгон көйнөгүнүн этегин көрсөтпөө үчүн мектепке кийчү юбкасын көйнөгүнүн үстүнөн кийип алды. Кебетеси киши күлөрлүк болсо да кыздын мындан башка айласы жок эле.

Бул азаптуу нерсе үч күнгө созулду. Үч күн катар апасына обдулуп барып бул кайгысы жөнүндө айта

албады. Ишинин көбүнөн кабагы ачылбаган апасы кызы менен жай учурда деле аз сүйлөшөт.

Азапка салган кан токтоду. Бирок кызды түпөйүл ойго салган нерсе аны күн-түндөп коштоп жүрдү. Эми дагы кайра аксачы. Күн сайын эртең менен турган кыз өзүнөн өзү чочуп, коркуп үстү-башын каранып алат. Өзүнөн өзү чүнчүп, жүдөп, басынып кетти. Анын үстүнө башы да тез-тез ооруп, тегеренет, алсырайт. Кантсе да сезимтал, зирек кыз бара-бара бу нерсе ай сайын кайталанаарын туйду, моюн сунбашка арга жок эле.

*25. 08. 2000*



# «МАС КӨЧӨ»

...Түн жарымда эки кенедей кызын жетелеген жылаңбаш аял айылдын чоң көчөсүндө чуркап келатты. Бул көчөнү айылдыктар «мас көчө» деп аташат. Ушундан уламбы, кечинде үйүнө соо келген эркек жок эле. Айтор, иштен кайткандардын эч кимиси бу көчөнү кыйгап өтө албайт. Анткени ал айылдын башкы көчөсү, тогуз жолдун тоому боло турган. Баары ушул көчөдөн өтүшөт. Көчө бойлоп үй сайын арак сатылат, бири күркө ачкан, бири дүкөн ачкан, үчүнчү бири жашырып, жөн эле үйүндөгү сандыгынан сатат. Кыскасы, керээли кечке, түн бою арак жыттанып, мас адамдарга толуп турат бул көчө. Мектепке өтүп бараткан жаш балдар «мас көчөгө» келгенде шашып, эч нерсени карабай өткөнгө аракет жасашат, энелери балдарына күн сайын эскертишет: «Мас көчөгө барып ойнобо» деп. Бой жеткен кыздар «мас көчөдөн» бирөө жарымдын коштоосусуз жалгыз-жарым өтө алышпайт. Бул көчөдөн машинелердин өтүшү да кыйын, анткени жолго ичкен адамдар туруп алышат. Келаткан машинени көрсө да көрмөксөн болушат, бейтааныш машиненин артынан чуркашат, айнегине таш ыргытышат... Ушундан улам бул аял эки кызын дегеңдетип, эки жагын элеңдей тиктеп, алынын барынча шашып, көчөнүн кире беришиндеги теңтушунун үйүнө таң атканча баш калкалоо үчүн келатты. Антпесе мас болуп келген күйөөсү муну көкала кылаары дайын. Үйдөн эптеп качып чыкты. Эри ичип келгенде ушинтип түн катып качып гана

жан сактайт. Эми теңтушу үйдө болсо экен. Анткен себеби анын күйөөсү да тез-тез ичет, ал дагы кызыл камчы. Теңтушу да баш калканч көп издейт. Бир жолу ал эки уулун жетелеп келатыптыр мунун үйүнө мас күйөөсүнөн качып, бул да ошол эле учурда кыздарын жетелеп аныкына бараткан. Мас эрлеринен качкан эки зайып көчөнүн так ортосунда жолугуп калышты. Эмне кылаарын билишпей саамга турган соң, эмне болсо да көзгө көрүнбөй туруу керек дешип, өсүп турган жүгөрү ичине кирип кетишти. Аздан соң үйдөн атып чыккан булардын күйөөлөрү аялдары менен балдарын таппай калган. Ошондо балдарын жетелеген эки аял жүгөрү ичинде таң атырышкан. Түн жылуу болуп, буларга кудай берген. Үйдөн качып, көчөдө калып, үшүп, дилдиреген далай түндөр өткөн эле.

Кыздарын жетелеп көчө бойлоп шашып келаткан аял баягы эки анжы оюна дагы кабылды. Баарына кайыл болуп кетип калсабы, өткөндө апасы келген эле алып кетем деп. Болбой койгон, өгөй атасынан уялган. Анан калса кыздарын атасынан ажыраткысы келбей койгон. Бу кыздар атасын мас болсо да жакшы көрүшөт. Же күйөөсү оңолбоду. Келин теңтушунун дарбазасын какты, кудай жалгап үйдө экен...

Теңтушунун күйөөсү бүгүн үйгө соо келип, бактылуу эки уулу атасынын мойнуна асылып, эркелеп, ал аларга бирдемелерди айтып берип, теңтушу ашканада күймөнүп, жаңы эле бышкан тамагын салып жаткан экен. Ал кыздарын жетелеп чуркап келген «фронттошун» көрүп, баятан бактылуу көздөрү дагы муңайым тарта түштү. Бирок эч нерсе сурабады. Жөн гана алардын колдоруна суу куюп, ичкери киргизди. Булардын түн катып келиши баарына түшүнүктүүдөй, бул көнүмүштөй эч ким эч кимге эч нерсе дебеди. Болгону чогуу тамак жешти. Эки келин гана анда-санда бири-бирине муңайым карап алышат.

Таң атпай үйүнө кыздарын ойготуп жөнөп жаткан келин теңтушуна:

– Мен кетем, биротоло кетем, башыма бак айтпаса эмне кылам. Минтип жүрсөм бир күн майып болуп калам, кыздарым да жүдөп бүттү! – деди да буркурап ыйлап жиберди.

Үй ээси саамга нес баса теңтушун карап калды. Анан эсине келгендей:

– Антпе, ичкен эркектин баарынын эле аялдары кете берсе айылда ургаачы калабы, сабыр кыл. Анан калса бу сенин күйөөң ичпесе кандай гана сонун киши, аракка өчөшпө, бир күнү ичпей калаар. – Теңтушу теңтушун колунан келишинче жубатышка аракет кылды.

Кыздарын жетелеп дарбазага келген келин курбусунун кебине ынангандай унчукпай калды. Бирок көзүнөн аккан жаш токтобой, үйүнө жеткенче... Өзү да бир кезде аракеч атага кабылып, апасы андан кетип, өгөй атанын колунда чоңойгон. Эми кыздарын да ушундай тагдыр күтүп турганын ойлосо ичи эңшерилип, жарык дүйнөдөн түңүлүп кетти...

Келин үрөң-баранда «мас көчөдө» ызага муунуп ыйлап келатты. Эки кызы апасын карап алар да кошо ыйлашты. Ошол маалда көчө бойлоп жайгашкан дүкөнчөлөрдүн биринин каалгасын эки эркек күчүнүн баарынча такылдатып жатты. Бир маалда дүкөндүн маңдайкы темир торлуу эшиги «шарак» деп ачылып, уйкудан араң туруп келген келиндин башы көрүндү. Аны эки эркек жарыша сөгүп кирди:

– Атаңдын оозун урайын десе! Эмне ачпай маалкатасың. Кечинде аракка тойгузганды билесиң да, эртең менен баш жазып бергенди унутасың! Булар үйүнө барганга да чыдабады көрүнөт, дүкөнчүгө дагы кыйкырышты:

– Келе стаканды!

Теңселген эки эркек бир бөтөлкөнү дүкөндөн узабай туруп бөлө жутушту. Анан бу кайдан келаткан неме дегенсип кыздарын жетелеген келинге жүз бурушту. Анын ким экенин билишкенде: «Аа, сен белең» дегенчелик кайра артка бурулушту. Келин бу эки масты көргөндө чыйрала түшүп, үйүнө жеткенге шашты. Көзүнүн жашы тык токтоду. Үйүнө келди да өлүктөй уктап калган күйөөсү ойгонгончо өзүнүн, кыздарынын кийим-кечесин, керектүү деген майда-чүйдөсүн чогултуп, сумкеге салды. Эртең мененки биринчи автобус менен кеткенге камынып көчөгө чыкты. Келин чыкканда автобус келип калган эле. Кыздары болсо уктап жаткан мас атасынан көз айырбай, аны кыйбай, улам-улам кылчактап, үй тараптан көздөрү өтүп, апасынын жетегинде аргасыз автобуска түшүштү. Ошентип, «мас көчөдөн» башталган бул айыл дагы бир жакшы, ыймандуу келининен ажырады. Акыркы маалда бул айылдан ыйлап кеткен келиндер көбөйгөн эле. А балдарчы, энелери жетелеп кеткен, ээрчитип кеткен, колуна көтөрүп кеткен, курсагында кеткен... Алар атасын издеп, тууган издеп кийин бул айылга кайрылар бекен... Же «мас көчөдөн» башталган бу айылдын түбүнө арак биротоло жетер бекен, ким билет.

Ушул күнү түшкө маал айылдагы дагы бир үйдө бири үч, экинчиси төрт жаштагы эки эже-сиңди кыз:

«Авам, авам, жан авам, арак ичпе суранам...» деп коргонду жаңыртып ырдап жатышты. Бул эки небересинин ыры сөрүнүн төр жагында төшөктө жаткан чоң апасына даана угулду. Сыркоо кемпирдин нурсуз көздөрүнө жаш тегеренди. Кемпир ажалдын бат эле келип, аны алып кетишин жараткандан дагы бир ирет тиледи. Аракеч уулунун кордугунан ага өлүм бир топ жеңил эле. Бул маалда нан жабам деген келини кабагын бүркөп алып, бар ызасын отундан чыгаргысы кел-

диби, айтор там артында демейден тыш тарсылдатып отун жарып жатты. Кыздарынын ыры ага угулган жок.

Сөрүнүн кырына туруп алган эки кыздын ырынын аягы жоктой:

– Авам, авам, жан авам, нан апкелчи, суранам,

Авам, авам, жан авам, балмуздак апкел, суранам... – Бу эки кыздын каалоосу түгөнчүдөй эмес. Ичиндеги балалык өксүгүн, эңсөөсүн ушул ырдан чыгаргысы келди бейм, бу кыздар ырдаган сайын үнүн бийиктетип, кудум ырчылардай боюн түзөшүп, анан бара-бара үндөрү каргылданып, ырлары ырга окшобой, аванынан тайып, байкуш тартып, бечара болуп, улам буулугуп, ыйга окшоп баратты...

Кыздар сөрүнүн кырына туруп алып атасына арналган узун ырын ырдап жаткан маалда булардын мас атасы кыштактын «мас көчөсүндөгү» арык боюнда оонап жаткан эле...

*25. 08. 2003.*



# ДУБАЛ

Жай саратан күндөрдүн бири. Айылдагы ишке жарамдуунун баары буудай, чөп оруп талаада. Ушул учурда үйдө калган кемпир чалдын, бала-чаканын үрөйүн учуруп, башка кылаар иштери жоктой, же балким бул маселе өйдөдөн чукулунан чечилсин дегенби, айтор колхоздун бригадири участкалык милиционерди, дагы бирин-экин айыл активдерин ээрчитип алып, айыл аралап кимдин короосу дубал менен тосулган болсо, аны бузуп, ар бир үйгө жыгачтан кашаа куруруну буйруп жатышты. Бул өйдөдөн келген буйрук экенин да улам эскертишти.

Дубалды кулатуудан чыккан чаң айылды каптап, бир да үйбүлөдөн бирөө-жарым дубалымды бузба деп каршы чыга албай, же бузулган дубалына кайгырбай кое албай чайналып, иттер үрүп, уйлар мөөрөп, кудай бетин салбасын, жер титиреген абалды элестетип турду. Ар бир короонун дубалын ураткандан кийин чоң ишке жарагансып, корсойгон чоңдор, дубал менен, чаң менен кошо өздөрүнүн канча абийирин жоготуп жатканын сезип койбойт. Ар бир дубалдуу үйгө жакындаганда куруна асып алган куралын колу менен кармап баса көрсөткөн милиционер, ат үстүнөн түшпөй, камчысын кезеп, буюра сүйлөгөн бригадир, анын жанында күйпөлөктөп, кошоматтанган айыл активдери өздөрүнүн көк асманды кармап турган бийлиги бар экенине маашыр болуп, үй ээлерине дагы кыйкырып коюшат:

– Айраның барбы, апкел, какап бүтмөй болдук! – дешип.

Бул жүрүш дөңдөгү коргонго келип токтогондо айылдын жарымына жетип калган эле. Дарбазадагы такылдакты уккан кемпир бар күчү менен коргондон атып чыкты. Артына жоолукка таңып көтөрүп алган небереси да бар. Кемпирди уруп коймок беле, келгендер көнүмүш ишин баштап кирди. Үч пакса дубалдын эми гана үстүңкү паксасын уратууга камынганда кемпир үн-сөз жок жете калып, дубалды кучактап алды. Анан ый аралаш тургандарды тиктебей сүйлөп кирди:

– Бирөөнүн коргонун бузгандай кандай акыңар бар. Бул дубалдарды тургузабыз деп белимден айрылдым, сайдан суу ташып, дөңдөн топурак ташып, ылай кечип. Муну бузсаңар, эртең эле бу турган бактын, эгин-тегиндин баарын мал жейт. Муну бузганча мени көөмп салгыла, дубал астына!

Бу дөң башындагы жоош аталган кемпирдин мындай жоругу келген аттуу-баштууларды бир топко сестентип койду. Бирок баягы эле өзүн айылдын кудайы деп санаган бригадир көп ойлонбоду. Атын дубалга жакын бастырып келип, камчысы менен кемпирди башка бир түрттү:

– Андай болсо, дарбазаңдын сыртынан мык кагабыз. Коргон ичинде бала-чакаң менен отура бер. Көчөгө чыкканга, коомдук жайларга барганга уруксат жок. Силерди колхоздон да айдаймын, мугалим балаңды ишинен айдатам. Айыл маданиятын көтөрүүгө каршы болгон эскиликти колдогон адамдарды түрмөгө каматса да болот!


Байкуш кемпир бу сөздөрдү угуп коркуп кетти. Баарынан да эптеп окуп келип, иштеп жаткан уулун мектептен айдап жиберсе эмне болот? Бозала болуп тура калды кемпир. Артында байлануу небереси да ызычуудан улам ыйлап жиберди. Небересин карамыш болуп үйдү көздөй басканда артынан ураган дубалдын коюу чаңы асманга көтөрүлө берди. Чаң менен кошо

кемпирдин көкүрөгүн да туман басып, ызадан муунуп, сорусүндө тескери отурган тейде көзүнүн жашын төгүп-төгүп алды.

Айылдагы дубал бузмай бүтүп, элдин баары жыгачтан, зымдан эптеп тосмолорду жасап коргондорун тосо башташты. Баарынан кызыгы кайсы үйдө эмне баары ачык көрүнүп, коргон ичиндеги бардык кыймыл-аракеттен өйдө көчөгө дайын болуп, алгач элге бир топ эле ыңгайсыздыктарды жаратты. Анан калса мал жыгач тосмолордон башын салып, күчү жетсе бузуп кирип келип, канча эгин-тегин зыянга учурады. Бирок бир чындык, дубалдар бузулуп, айыл көркүнө чыгып кете алган жок.

...Көп жылдар өткөн соң заман өзгөрдү. Топурактан курулган пакса дубалдар айылдарда кайрадан пайда боло баштады. Адамдар короосун гана эмес, үлүшкө алган жерлерин да узундата дубал менен тосо беришкен ушундай бир заман келди. Кимдин ким менен иши бар, эптеп тиричилигин өткөрсө болду. Дөңгө салынган үйдүн коргону да кыдырата дубал менен кайра тосулду. Бирок бул короонун түркүгү, калканчы болгон кемпир, дубалын коргогон баягы мээнеткеч кемпир эбак көз жумган эле...

*15. 08. 2003.*



# ЖАТАКАНАДАГЫ ЖАЛГЫЗ НАРИСТЕ

Чоң шаардын капортосунда, бак-даракка чулганган, машинеси, ызы-чуусу аз чолок көчөдө беш кабаттуу жатакана жайгашкан. Жатакана тынч, анткени бул жерде билимин өөдөлөткөнү келген жогорку окуу жайларынын окутуучулары турушат. Биерде апасын кошо ээрчип келген жалгыз наристе бар. Күндөрдүн биринде ал жатаканадагы тамак жасай турган жерден Тоту менен таанышып калды.

– Мен Бишкектикмин, – деди Тоту кыздын суроосуна.

– Бифштексмин дейсиңби? – Кыз түшүнбөгөн тейде ээрдин чүйүрдү.

Тоту күлкүсүн араң тыйды.

– Бишкек деген шаар бар, ошондон келдим.

– Аа, шаарбы, мен тамактын атын айтып жатпаймынбы. Чынын айтсам, ушул бифштекстти жегим келбей калды.

– Эмне үчүн, ал жакшы тамак да?

Кыздын көңүлү муңая түштү.

– Билесиңби, аны үйдө апам, таенем гана жакшы жасайт...

Беш жаштагы наристе ичиндеги арыз-муңун жатаканадагы момпосуй сунган кишинин баарына эле айта берчү эмес. Көңүлүнө жаккан киши менен гана кобураша кетчү.

– Балдарың барбы?

Бул суроо Тотуну бир аз чочутуп жиберди. Кантсе да балага жооп берүү керек.

– Ооба, сендей кызым бар.

– Күйөөңчү?

– Бар...

– Күйөөңдүн досу барбы?

– Күйөөмдүн достору көп...

Тоту эми кызга таң кала карап калды.

– Жо-ок, аял досу деп жатам?

Көмөчказанда картошко кууруп жаткан Тоту кашыгын кармап, саамга ойлонуп калды.

– Билбейм..., – анан дароо жооп тапканына кубанып кетти, – Аа, бар, ал мен да, анын аял досу.

– Жок, сен эмес, сен аялысың да, а мен досу жөнүндө сурап жатам.

– Андай аял досу жок, – Тоту кабагы бүркөлө түшүп, баланын суроосуна чорт үзө жооп берди.

Балаң түшкүр, капкайдагынын баарын сураганын.

– Анда сенин мендей кызың бактылуу экен, атасы эч жакка кетпейт. Мени апам бактысызсың дейт, атаң таштап кеткен дейт...

Заматта сумсайып, бозоро түшкөн кызга Тоту суроо катты:

– Атаң кайда кетти?

– Ал жанагы аял досуна кетип калган.

Чоң кишиче улутунуп, муңайган кызды Тоту кантип жубатаарын билбей, шашып калды.

– Жүр менин бөлмөмө, экөөбүз картөшкө жейбиз, алма да берем.

Тоту кыздын капкара чачы төгүлүп турган бешенесинен сылады. Кыз унчукпай Тотуну ээрчип жөнөдү.

– Сенин эркек досуң барбы? – Кыздын суроосу ысык казанын араң көтөрүп бараткан Тотунун жүрөгүн дагы бир солк эттирип алды.

– Жок.

– Менин апамда бар.

– Аа, анда жакшы экен, кандай киши, сени жакшы көрөбү?

– Ооба.

– Анда апаңа айткын, ал кишини ата эле кылып алгыла, аталуу, бактылуу кыз болосуң.

Тоту кыздын жүзүнө карады, алма сунду.

– Мен аны апама айткам, апам айтат, анын сендей кызы, мендей аялы бар дейт, биз жөн гана доспуз дейт.

Тоту наристени аяп кетти, ичи элжиреп, муун-жүүнү бошоду. Баланын алдында ыйлап жибербей араң калды. Курсагы ач болсо да бышырган картөшкөсү тамагынан өтпөдү. Кыз болсо алмасын жеп жатты. Бирок аны ыракаттанып, балага окшоп шашып-бушуп жебестен, анда-санда бир тиштеп коюп, Тоту эжекесин карап ойлуу отурат. Баланын алдында калп сүйлөгөнү үчүн Тоту өзүн өзү күнөөлөй баштады. Ушундай жанды да алдайбы... Тоту наристе менен чоң кишиче сүйлөшө баштады.

– Сен эмне апаңды ээрчип келдиң, чоң апаңда, же таенеңде калсаң болбойбу?

– Чоң апам алыста, ага апам мени алып барган жок, таенем болсо мени алып калбаймын деди, апам экөө урушуп кетишти. Таенем апамды окуй эле бересиң, качан сенин окууң бүтөт, же окусаң акылыңа акыл кошулсачы, эми минтип кызыңды атасыз калтырдың деп тилдеди.

Кыз алмасын жеп бүтүп, колун чүпүрөккө сүрттү да, Тотуга кетейин дегенчелик ордунан турду.

– Кайда барасың, отура тур, апаң келгенде кетесиң.

– Апам мени издеп калат.

Кыз кетти. Ага Тоту кызым, күйөөм бар деп калп айтты. Ал болсо буга ишенди. А эгер кызым, күйөөм

жок деп чынын айтса ишенмек эмес. Жашы кыркка чамалап калган мен кыз бойдонмун деп кантип айтат. Кыз болуп кызга окшобой, аял болуп аялга окшобой аражолдо калды. Пединститутту жаңы бүтүп, сын келбети келишип, толукшуп турган курагын эстеди... Тоту өзү да тотудай эле. Ашык болуп жуучу түшкөндөр сан жеткис, коё бересиң, базары өтө кызуу болгон. Бирок окуумду улантам деп ойлоп алган кыз базарга келгендердин баарына тескери карады. Жада калса ошолордун ичинен жан дүйнөсү жалбырттап, өзү жакшы көргөн кишисин да карабады. Өзүнүн жан теңинин миң кайрыгын уга албады, этибар кылбады. Табиятына тескери иш жасады. Өзүн өзү зордоду. Илимдүү болом, чоң кызматты аркалаймын, бүлө күтүү качпас деп чечти. Арадан аз эмес жылдар өттү. Тилегине жетти. Бүлө күтөйүн десе, мурдагыдай кызуу базары жок. Буга Тоту арданды, аны күтө албагандарга ызасы келди. Турмуш курбай эле коёюн деп да ойлоду, чынында ошондой да болуп калды. Азыр ишинде кадыр-барктуу. Бирок акыркы жылдары Тоту чүнчүп кетти. Сырт келбетинин сыны кетип, жаман-жакшы, күбүр-шыбыр сөздөрдү көп уккан сайын өзүн кем сезип, жүдөп кетти. Же мунун жанагы наристе айткандай «эркек досу» болсочу.

«Эркек дос» күтүп болсо да төрөп алуу жөнүндө ойлонбоптур. А эгер ошондой кылса, анда баласы атасызмын деп жанагы наристечилеп жүрөгүн сыздатабы? Тотунун бүткөн боюн муздак нерсе аралап, колубуту карышып кетти. Жада калса ушул кенедей наристе да өксүк, кемчил болгусу келбейт. Атам жок деп ой чубап, жардам сурайт, аталуу болгусу келет... Тоту өзүн өзү кечирээр түрү жок. Башын эки колдоп мыжыккан бойдон отуруп калды.

Жатаканадагы жалгыз нористе болсо апасы сабактан келээр замат Бишкектик Тоту эжеси жана анын бактылуу кызы тууралуу апасына божурап айтып кирди.

*12. 05. 1992.*



# ДЕКАН

Жогорку окуу жайларынын биринде факультеттин чогулушу өтүп жатты. Каралчу маселе студенттердин кышкы сынагынын жыйынтыгы. Мойнун түз кармап, көкүрөгүн көтөрө чапчаң баскан, өзүнүн курагынан алда-канча жаш көрүнгөн декан адатынча күпүлдөп көп сүйлөдү. Дегинкиси ал студенттердин алдында чыгып сүйлөгөндү жакшы көрөт. Өмүр бою ушинтип сүйлөп келет. Көздөрү жанган, жүзүнөн нур төгүлгөн жаштарды көргөндө өзү да боюн түзөй калат.

Кышкы сынактын жыйынтыгы факультете жакшы эмес. Белгисиз себептен улам биринчи курстун кызы өзүн өзү өлтүрүп алды. Декандын сөзү кейип-кепчүүдөн башталды:

– Силердин ар бир күнүңөр мазмундуу, маңыздуу, көңүлдүү өтсүн деп аракет кылган сайын тескери басасыңар, жоопкерчилик деген нөл! Баса, силер менен менин бүгүн особый разговорум бар. Жаңы жылды жакшылап тоссун деп ректорго жалдырап жатып силерге бул жерде дискотека өткөрүүгө уруксат алсам, а силердин дискотека... – Декан сөөмөйүн кезеген кейпинде саамга сөз таппай калды. – Дискотекаңар бүтпөй жатып ушул аудиториядан буквально 13 презерватив таптым, пайдаланылган! Бет деген, уят деген барбы силерде, маданиятсыздар! – Декандын жаалы бетине чыгып, кезеген сөөмөйүн төртүнчү курстун студенттери отурган жакка бурду. Отурган кыздар декандын

ачуусун кенеп да коюшкан жок, «странно» дешип. Алар кайра декан агайына суроо узатышты:

– Кудайберген Жумалиевич, ушунча болду презервативдерди кимдер колдонгонун атап да койбойсузбу? – Кыздардын жүздөрүнөн көңүл коштук, биротоло наалыгандык сезилип турду.

Деканды кыздардын сөзү бир аз «селт» дедире, кебин оозунан жулду. Кызарып, жер карап уялат деген кыздар, жигиттер аны тике карап жооп күтүп турушат.

– Эмне, мени карап аңдып турду дейсиңерби? Атаң гөрү, атасам атап деле коём. – Декан бир аз бошошо түшкөнү болбосо, ишенимдүү сүйлөдү.

Ушул маалда ошол эле төртүнчү курстун кыздары кайра анын сөзүн бөлдү:

– Кудайберген Жумалиевич, эми эмне кылабыз, жаштык деген өтүп жатса, карып да баратабыз, анан айла жок... – бирөөсү ачык эле моюнга алып бурк этти.

Декан баягыдан үнүн кыйла жумшарта:

– Мунун карып баратам дегенин, он гүлүнөн бир гүлү ачылбай туруп, мына мен алтымыштан ашкан киши өзүмдү карыдым деп айткым келбейт. - Декан өз көкүрөгүн өзү койгулап алганын сезбей да калды. Бирок негедир көзүнөн билинер билинбес жаш тегерене түштү. – Мен силерди дискотека өткөрүп, жаңы жылды маданияттуу, көңүлдүү тоссун дебедимби...

– Кудайберген Жумалиевич, так сиз ойлогондой дискотека өтө көңүлдүү, культурный болду, – баятан үнсүз отурган төртүнчү курстун жигиттеринин бири жылмая агайын жooткоткон болду. – Сиз жөн эле капа болуп жатасыз, баары ойдогудай, эстен кеткис болду.

Студенттердин көпчүлүгү бири бири менен шыпшынышып, ушул болбогон нерсени эл алдында проблема кылып көтөрүп чыккан деканга наараzы болу-

шуп, анын өзүн бескультурный дей башташты, презервативди чогултуп эмне кылат...

Декан болсо өзү менен теңме тең айтышкан уяты жок студенттерден түңүлдүбү, же сөздү башкага бургусу келдиби, баягы күйүп-бышкан абалынан кайтып, биринчи курстун студенттери тарапка ыктай сүйлөдү:

– Жалгыз гана сынакты жакшыраак берген ушул биринчи курс болду. – Мөлтүрөгөн, али бетинен түгү түшө элек кыздар баштарын жерге салып төртүнчү курстун кыздары үчүн баятан бери уялып отурушкан. Декандын жакын басып келгени аларды дагы да сүрдөтүп жиберди. Декан болсо биринчи курстун студенттерине акыл-насаат айтып көбүрөөк сүйлөйүн деген, бирок көп сүйлөй албады. Төрт жылдан бери окутуп, тарбиялап келген студенттеринин кебетеси тиги, анын ичи эңшерилип, бошошо түштү. Карылыкпы, же иштей албай калдыбы, муундары калчылдап, ушунча жыл иштеп бүгүнкүдөй абалга дуушар болгон эмес эле.

Чогулуш аяктап, үйүнө жөө келаткан декан өзүнүн жаштыгын, студенттик күндөрүн эстеди. Ал учур гүлдөгөн курак эле. Өксүп да, толкунданып да кетти. Мугалим агайлар өткөргөн сүйүү жөнүндөгү талкуу кечелерди эстеди. Ошондогу курсташ кыздардын, жигиттердин сүйүү деген сөздөн уялып, анын сүрүнөн апкаарып, атай албай, сүйлөй албай кызаргандарын эстеди. Ооба, баары сырдуу, купуя эле, бийик, кол жеткис сулуу эле. Окуу дегенде, китеп дегенде талашып, эт-бетинен кетип окушчу. Окуткан аалымдардын акылнасааты мыйзам эле. Азыркыдай жакшы тамак, жакшы кийим кайдан. Ошондой болсо да кабагым кашым дегендер, бейчеки жолго баскандар жок эле. Өз муунунун чыдамкайлыгын, тирикарактыгын ойлоп декан сыймыктанып, кубанып кетти. Бирок анын бул кубанычын азыркы болгон чогулуштун капшабы каптап,

бетиндеги жылмаюу аз-аздап өчүп, кабагы салыңкы тартты. Бирдеме деп катуу сүйлөп көрчү, же жанагы презерватив үчүн бирөө жарымын окуудан чыгарып көрчү, бу студенттер аны эмне кылаарын. Таптакыр анте албайсың, анткени булардын уяты жок болгону менен акчасы көп, дымагы асманды карайт. «Биз окууга төлөгөн акчадан силер айлык аласыңар, арганар жок баа койбошко, биздин кылык-жоругубузга чыдабаска». Алардын бешенесинде ушул жазуу бадырая жазылып тураарын декан көрчү, сезчү. Ушуну билип туруп чогулуш өткөрүп, аларга акыл насаат айтат. Эмне кылат, бул анын милдети. Контрактык окуу дегенди кийириштu. Акчасы бардын баары эптеп окууга кирип алышты. Окууга мамиле, жоопкерчилик өзгөрдү.

Жер карап басканда бүкүрөйө түшкөн декан ушул ойлорду ойлоп үйүнө бара жатты. Көкүрөгүн ар дайым өөдө көтөрүп, тамаша сөздү ыргыта сүйлөгөн шайдоот адам азыр кимдендир кемсингендей, ыза болгондой, басынып жүдөй түштү.

*05. 09. 1997.*



# КОРКУНУЧ

Шаардын көп кабаттуу үйлөр жайгашкан аймагы элдин жыштыгынан, дүкөн, күркөлөрдүн, машинелердин , сыртка чыгып ойногон бала-чаканын, жетелеген ит, мышыктардын көптүгүнөн ар дайым кирдеп, акыр-чикир, чачылган кагазга толуп жүдөгөнү жүдөгөн. Мына ушундай райондун бирине домком болуп шайланган жаш жигит үйлөр тегерегине тазалык, тартип орнотмокчу болду. Ал бул жерде көп жылдардан бери жашап, бул көрүнүштөн жедеп чарчап бүткөн эле. Анан калса короодогу ар дайым мурунду көзөгөн сасык жыт өздөрү менен кошо үйдүн ичине да кирчү.

Домком ар бир үйдүн тепкичинин кире беришине кулактандырууларды илди. «Ишембилик болот» деп. Белгиленген күнү ишембиликке саналуу үч-төрт кишиден башка эч ким келбеди. Домком кийинки жумада жашоочуларга атайын кайрылып, суранып, өтүнүп жарнама жазып илди. Эми келишээр деп ойлоду. Бирок дагы эле баягы көрүнүш, өткөндөгүдөн да аз адам келиптир. Акыры ачуусу келген домком кийинки ишембиге коркутуп-үркүткөн мазмундагы кулактандыруу жазып илди. «Келбесеңер штраф төлөйсүңөр» деди. Кийинки жума да бат эле айланып, ишемби күнү дагы адаттагыдай эле эч ким келбеди. Ошондо бу жашоочулардан домком биротоло түңүлдү. «Буларга үйүнүн ичиндеги гана тазалык керек, короого чыккандан кийин баари бир экен. А короодо ойногон балдарычы,

жетелеген ит, мышыктарычы, күндө чакалап көтөрүп чыгып көңтөрүшкөн акыр-чикирлеричи!»

Домком жигит: «Шашпагыла, силерди» деди да алаканына түкүрдү. Эртеси күнү түштөн кийин «Бүгүн саат алтыда жер титирөө болот, баарыңар сактангангa аракет кылгыла. Жакшысы үйдөн сыртка чыгып турганыңар оң» деп жазды да баягы тепкичтердин кире беришиндеги тактайларга илип койду. Өзү болсо үйүнөн чыккан жок, терезесинен гана акырын байкап турду. Саат алтыга жакын ар бир үйдөн убап-чубап адамдар чыга баштады. Шашып алышкан, коркуп алышкан. Эзели көрбөгөн кошуналарын көрдү, төшөктө жаткандардан өйдө көтөрүп чыгышты. Бешиктеги кичинекей наристелер, үй кожейкелер, кармаган нерсесин капшыра алган карылуу жигиттер, бой жеткен улан, кыздар... деги койчу адамдын саны өтө көп эле. Көбү чоң чемодан, сумкелерин да көтөрүп алышкан. Кичинекей сейфтерди, кымбат баалуу шуба, дубленкаларды, хрусталь идиштерин, кыскасы үйүндө эмне баалуу буюму болсо көтөрө ала турганын колуна илип чыгышкан. Тепкичке, лифтке адамдар батпай, сүргүлөшүп, кыйкырышып, шашып-бушуп телефон чалышып, үйдө бирөө жарым кокус калып калбасын деп ванна, туалеттеринен өйдө аңтара-теңтере карашып, мектептен келаткан балдарын жолдон тосушуп, бу төрт тогуз кабаттуу үйдүн жашоочулары түзүк эле дүрбөштү. Бат эле күүгүм түшүп, саат алты болуп калды. Коопсуз делген короонун ортосундагы чогулган эл улам саатын карап, анан асманды карап, анан жерди карап, анан асман тирген үйлөрдү карап жүрөксүп турушту. Саат алтыдан эбак өтүп кетсе да жер титиребеди. Бул эмнеси дешип бушаймандана башташты. Бирок эч кимиси даап үйгө кире албай турду. Мурунду көзөгөн сасык жытты жыттап, кадам сайын чачылып жаткан акыр-

чикирге аралашып турганына да кайыл болушту. Улам караңгы түшкөн сайын жаш балдар курсагы ачып, суусап, үшүп ыйлай башташты «качан жер титиреп бүтөт» дешип. Кары-картаңдар, таякка жөлөнүп араң турган майыптар да жаны кыйналып, бирок анысын эптеп билдирбей эрин тиштеп турушту. Үйлөрдө эч ким жок болгондуктан терезе, балкондор капкараңгы, короо да капкараңгы. Бирок ошол маалда көп кабаттуу төрт үйдүн ичиндеги жалгыз квартиранын терезесинен жарык төгүлдү. Баары ошол тарапты жалт караشты. Ал домком жигиттин үйү экенин баары билчү. Эмне үчүн ал чыкпай үйүндө беймарал отурат? Саамга ойлоно калган жашоочулар, заматта бул дүрбөлөңдү домком уюштурганын дароо сезишти. Сезишти да ал эмне үчүн минткенин да билишти. Анан сөгүнгөнү сөгүнүп, наалыганы наалып, унчукпаганы унчукпай үйүн көздөй жөнөштү. Домком болсо бул маалда келинчеги даярдаган кечки тамакты ичип алып, телевизордун маңдайында отурган. Кийинки ишемби күнү жашоочулар кулактандыруусуз эле чогулуп чыгып, короону тазалай башташты.

*22. 02. 1998.*



# КАРЫЛАР

Шаардагы жарандык абалды каттоо бөлүмүнө саарлап кызыл жүз, толмоч, шляпачан абышка келди. Кебетесинен ден соолугунун чындыгы, көп азап жашоо тартпаганы байкалып турду. Бөлүм башчыга алыстагы балдарынын дарегин издеп жүргөнүн билдирди. Ар күнү ар кандай адамдарды кабыл алып, жедеп көнүп бүткөн киши кайра ага суроо катты:

– Адрестер бюросуна кайрылбайсызбы?

– Ал жерде бир эмес, миң жолу болдум, балдарыңдын аты-жөнүн, туулган жылын толук билбей туруп биздин башты оорутпа дешти. Анан балдарым ушул жерде төрөлүп, катталганын эстедим.

Бөлүм башчы ирецин өзгөртпөй маңдайында отурган жашы өткөн адамга суроолуу карады. Чал сөзүн улады:

– Аердегилер балдарыңдын төрөлгөнү тууралуу каттоо кагазынын көчүрмөсү керек дешет. Балдарымдын карыганда карабай койгону аз келгенсип, эми минтип конторчулардын чуркатканы өттү жанга. Балдарым мага келбесе келбей койсун, тиешелүү алиментин төлөп турушпайбы? Убагында мен көп тапкам, адам туралгыс меңтердин жанында туруп иштегем, алар үчүн көп алимент төлөгөм, эми алардан бир тыйын жок.

Кеп торкүнү түшүнүктүү боло баштады көрүнөт, бөлүм башчы калемин колуна алды да, үн катты:

– Балдарыңыз кайсы жылы, кайсы числодо төрөлгөн, шаардын кайсы районунда катталган?

Абышка бу суроону укканда буйдала түштү. Оюнда аты менен фамилиясын айтсам эле табышат деп ойлогон.

– Элүү жетиби, сегизби, же алты беле, – абышка жер тиктеп ойлоно калды.

– Так айтыңыз, эстесеңиз. – Бөлүм башчы бир нерсе окугансып үстөлүнө үңүлдү.

– Ох, шайтан десе, унуткамын, өлөйүн унуткамын, – Абышка эки колу менен тизесин улам мыжыга берди. – Нина, Митя Пастуховдор.

– Аялыңыз, балдарыңыз менен канча жыл чогуу тургансыз? – Акыры бөлүм башчы көз айнегин алып чалга суроо катты.

– Бир жыл чамасында, анда аялым ушул эгиз балдарыма кош бойлуу эле.

– Хм-м. – Бөлүм башчы чалды карай берип көзү талыдыбы, же бир ирет жүзүн көрбөгөн балдарынан эми минтип картайып, тагдыр колуна түшкөн маалда милдеттүү алимент талап кылып отурган кишинин жүзүн карагысы келбедиби, айтор үстөлгө үңүлгөн кейпинде унчукту:

– Мүмкүн алар сиздин фамилияда эместир?

– Жок, менин гана фамилиямда, аялым мени канчалык жек көргөнү менен алимент алганга жеңил болот деп менин фамилиямды таштабай койгон.

Абышка ичинен шаардан шаар которуп жашап, аялын өмүр бою алимент артынан чуркатып өткөнүн эстеп алды.

– Балдарыңыздын туулган жылын, айын, числосун так айтпасаңыз, таба албайбыз. Бизде жүз миңдеген делолор бар, биз эмне ошолордун баарын бирден карап чыкмак белек, ал мүмкүн да эмес. Барыңыз, сураштырыңыз тууган-уруктардан, кошуналардан, достордон. – Бөлүм башчы абышкага карады.

Абышка оор үшкүрдү:

– Менде алардан бирөө да жок.

– Анда биз да жардам бере албайбыз. – Бөлүм башчы калем, кагазын коюп, газета окуганга өттү. Саам

тунжурай түшкөн абышка тура калып, бөлүм башчынын үстөлүн муштагылап кирди:

– Мени билесиңби, киммин? Согуштун ардагери, дың жер, оор индустрияларда иштеген эмгек маягы! Кана, таппай көрчү, жогору жакка арызданам!

Калтырап, ого бетер кызарып кеткен абышкага бөлүм башчы жай унчукту:

– Отуруңуз, сиздин ким экениңизди көрүп турам, оболу бирөөгө кыйкырганча өз милдетиңизди, адамдык парзыңызды эстеп кичине уялсаңыз боло! Ушундай жай, тынчтык күндө өз балаңыздын туулган жылын билбейсиз! – Бөлүм башчы тура калып, жалгыз колун улам чөнтөгүнө салып, кайра чыгарып, аркытерки баса баштады. – Бирдеме болсо эле согушка катышканын колко кылышат. Ал мезгилде биздин милдет ошол болгон, мына менин да бир колум Украинада калган, – бөлүм башчы шалбырап бош турган күрмөсүнүн бир жак жеңин тарткылап койду.

Унчукпай отуруп калган абышка саамдан кийин сөзгө келди:

– Менин тагдырым ушундай болгон, бирөөгө кудай бешенеден айтат экен, бирөөгө айтпайт экен, мен эле жалгыз дейсиңби? – Чалдын үнүнөн ыза да, өкүнүч да, жеңилгендик да байкалып турду. Анан шляпасын оңдоно кийинип, кимгедир наараzыланып сөгүнгөн кейипте чыгып кетти...

Ушул күнү бул жерге түш оой дагы бир абышка келди, кейпи жүдөө, кыштактан экени көрүнүп турат. Келген себеби туулган жылы паспортунда туура эмес жазылып, алтымыштан эбак ашса да пенсияга чыга албай жүргөн экен. Бөлүм башчынын ичинен эң жаман көргөнү ушундай адамдар эле, тилекке каршы мындайлар аз эмес. Алар убагында согушка барбай калыштын амалында жашын кичирейтип жаздырып алышкан, эми минтип пенсия керек болгондо уят-сы-

йытты жыйыштырып коюп, эч ким билбегенсип, болбогон шылтоону айтып жетип келишет.

– Жашыңызды эмне үчүн өзгөрттүңүз эле? – Бөлүм башчы чалды суроолуу карады.

– Паспортту кийин алгам, балдар билбей эле божомолдоп жаздырып коюшуптур. – Чал эч нерсе билмексенге салып сүйлөдү.

– Анда эмне үчүн шаарга келдиңиз, айыл кеңешине эле кайрылсаңыз болбойбу?

Чал тамагын түзөп, жотолуп, какырынымыш болуп сөзгө өттү.

– Согушка дейре шаарда тургам, согуш башталганда кыштакка туугандарга кеткем. Биздин шаардагы үйдүн чарба китебинде 1922-жылы туулган деген, паспортто болсо 1928-жыл деп жазылып жүрөт. Чоң архивге барып чарба китебин таптырсам метиркеңдин көчүрмөсү керек дейт, метирке болсо ушул жерден алынган.

– Бөлүм башчыга баары түшүнүктүү болду. Демек, анын алдында жигиттердин баарын согушка жөнөтүп жаткан маалда шаардан көз көрбөгөн алыс кыштакка, аты, фамилиясы катталбаган жакка жылт коё берген эргул, накта дезертир турду. Күчүң жетсе, азыр анын дезертир экенин далилдеп көрчү, толгон-токой себептерин айтып, сага сөз бербейт. Ал тийиштүү документти таптырып карады. Чын эле Садыбакасов Алимбай 1922-жылы төрөлгөн. Бирок бөлүм башчы керектүү маалыматты жазып бере салуунун ордуна удаа-удаа суроо катты:

– Паспортту ким тарабынан алгансыз?

– Сельсоветтен, – чал бушаймандана түштү.

– Качан?

– Согуштан кийин.

– Кайсы документтин негизинде?

– Эч кандай, балдар өзү эле алып келип беришкен.

– Паспортко чейин кайсы документ менен жүрдүңүз? Атка минер кызматтарда иштеген экенсиз?

– Метиркем бар эле. Ал жоголуп калган, кийин айылдан башка метирке жаздыргам. – Чал өз жообунан өзү чочуп кетти.

– Ошол кийин алган метиркеңизде туулган жылыңыз кайсы жыл деп көрсөтүлгөн?

Тикчийген бөлүм башчынын алдында баятан тынч отурган абышка ачуулана түштү. Анткени анын камдап келген жооптору түгөнүп, сөз таппай калган эле. Кыйкыра баштады:

– Сен эмне, суракчысыңбы? Ырас, көрдүңбү, тиешелүү кагазыңды бер, согушка барган эмессиң дегени турасыңбы? Барбасам да баргандардан көп эмгек сиңирдим өкмөткө, ачкалык менен түн уйкудан безип иштегем, ал аз келгенсип мына төрт жылдан бери пенсияга чыга албай дагы эле иштеп жүрөм. Ал-күч кетип, эми минтип оору баскан абалымда көрүнгөн кантордун эшигин сүзүп, суракчылардын алдында калдым. Берсең бер, бербесең иштеп жүрө берем. Бир күн талаада тороюп калаармын. – Чал ызаланып, жашып кетти.

Бөлүм башчы канча ойлонсо да, тиешелүү кагазды берген жок. Үшкүрүп ойго чөккөн абышка балалыгы менен жаштыгы калган бир боор шаарынын койнуна батпай, кечке маал айылына жол алды...

Бул жерге ушул күнү кечке жуук араң баскан оорулуу абышканы жетелеген жаш келин келди. Максаты – чалдын кайтыш болгон кемпиринин өлгөндүгү тууралуу кагаз алыш. Анткени чалды жетелеп келген жаш келин ага турмушка чыгып, эми ЗАГС күбөлүгүн алганы жатышыптыр. Мындайларды көп көрүп, таң калуусу эбак бүткөн бөлүм башчы баары бир келинден минтип сурады:

– Эмне үчүн абышка менен баш кошууну каалады-цыз сулуу, жаш болуп туруп?

Шыңга бойлуу келин кызарбай, кысынбай жооп узатты:

– Мен анын кошунасы элем, кемпири өлгөн соң, алгач оорулуу кишиге жардам берип жүрдүм, анан менден башка багаар-көрөөрү жок экенине толук көзүм жеткенден кийин биротоло башымды байлап алууну чечтим. Анын үстүнө мен да күйөөдөн ажыраган немемин. Балдарым бар, элге да сөз болот экенсиң...

Келинди жалындаган сүйүү азгырбаганы көрүнүп турат.

Бөлүм башчы дагы өзүнө ылайык келбеген суроону узатты:

– Чалдын үй-жайы, акчасы барбы деги бүлө бакканга, өзү араң басып, жашы да өтүп кетиптир?

– Бар эмей. – Келин ачык жооп берди. – Кассада беш миң сом акчасы, эки бөлмө турагы бар.

Бөлүм башчы келинди да, чалды да аяп кетти. Балдарынын айынан, көр тириликтин айынан үйлүү, акчалуу болом деп алжып калган чалга аял болуп ээрчитип жүргөн келинди, келин кайда жетелесе, ошол жакка баскан, бутун араң шилтеген, кемпиринен калып кор болгон, кичине топтогон акчасы менен үйүн – болгон байлыгын калган беш-алты күндүк өмүрүнө сайып койгон абышканы карап ойго басынды. Эгер келин мыйзамдуу аял болуп алып, кассадагы акчага ээ чыгып, үйгө балдары менен өзүн каттатып алган соң, бир гана абышканын ажалын күтүп калат го, же күтүүгө да чыдабай көчөгө айдайбы? Бу сулуунун буга катын болоорун бир кудай билет. Жаңы үйлөнүп жаткан эки жубайды узата карап туруп, бөлүм башчы өзү тууралуу калпыс ойлонуп алды: өзүнүн да жашы бир топко барып калды. Кемпири көп ооруйт, балдары алыста, жүрөгү опкоолжуй түштү...

Кеңседе бирге отурган жаш кызматчы кыздар чал менен келин кеткен соң бир кыткылыктап алышты, алардын үчөө тең турмуш кура элек кыздар эле.

– Өмүр бою эрсиз калсам деле минтпейт элем, – деди бири.

– Эрсиз эмес, ачка талаада калсам да буга барбайт элем, – деди экинчиси.

– А мен бирөө өлтүрөм деп жакадан алса да мындай ишке барбайт элем, – деди үчүнчүсү.

Алар дары жыттанган чал отуруп азыр эле чыгып кеткен отургучту тегиз жийиркене карашты. Бөлүм башчы да кыздардын күлкүсүн улап, минтип койду:

– Ээ, бийкечтер, акча топтош керек тура, минтип карыганда жок дегенде акчаң сактайт экен.

– Коюңузчу, – деген болушту кыздар.

Ушул күн бөлүм башчы үчүн эң оор иш күн болду. Башы ооруп, колу, буту шалдырап калды. Үйдө ооруп жаткан кемпири улам-улам эсине түшө берди, жүрөгү элеп-желеп болуп отура албай калды. Ушунча иштеген жылдарынын ичинде биринчи жолу кызматынан эрте үйгө жөнөдү.

*03. 05. 1990.*



# ПАЛЬТО

«Мектепке бекер кийим келип, аны мугалимдер окуучуларга бербей өздөрү эле бөлүп алып жатыптыр» деген сөз айыл ичине заматта тарады. Мугалимдер менен «салгылашууга» айыл ичиндеги ургаачы аттуунун баары мектепти көздөй жеңин түрө атырыла жөнөштү. Түштөн кийин мектеп алдына аялдар гана эмес, кемпир, чалдардан ойдо толуп кетти. Кана, кана деген үндөр, бирин бири түртүшмөйлөр, мектепке кирүүгө жол жок, эшикти үч, төрт мугалим кайтарып турат. Сабактар токтоп калыптыр. Окуучулар жүрөт ар кайсы жерде чурулдашып. Мектеп ичинде болсо бир класска кирип алган 10–15 мугалим гумжардамга чет элден келген эки мүшөк эски кийимдерди окуучуларга кантип бөлүштүрөөрүн билишпей, ары-бери ыргытып жатышкан. Бул жерде келген кийимдердин түзүгүрөөгү деле калбады. Адегенде мектеп директору тандап алды, андан соң эки завуч, алардан кийин мугалимдер өздөрү. Баары алып бүткөн соң калганын эшикте тургандарга эптеп-септеп бөлө албай эстери ооп жатат. Бирден бөлүп бергенге жетпейт. Эмнеси болсо да акыры кийимдерди мүшөк-пүшөгү менен сыртты көздөй ыргытмак болушту. Ортого алып өздөрү бөлүп алышсын дешти. Олбурлуу физкультура мугалими бошой түшкөн эки мүшөктү эшикке алып чыкты да жарданып тургандардын бут алдына таштап койду. Тургандар жабыла мүшөктөргө жабышышты. Алганы алып, албаганы албай, бир паска тополоң боло түшүштү. Топ жоруга ыргытылган

# «КАРАЖАЗДЫК»

Тоо арасындагы айылда ургаачы ичинде ак жүздүүсү аз эле. Тоонун муздак жели, керээли кечке тынымы жок талаа таштa өткөн тиричилик убаракерчилиги кыз-келиндердин жүзүн эрте тотуктуруп, белин майыштырып, оозундагы тишин күбүп, бат эле картайтып койчу. Бирок эл деген эл, бул айылда жүзү аппак, нурлуу, бой келбети шыңга, кашы көзү кол менен боёгондой капкара бир сулуу келин бар эле. Бу келинге көзү түшпөгөн бул чөлкөмдө эркек заты болбосо керек. Бирок келин жалгыз жашачу, эки тестиер кызы менен. Канча эркек сугун арткан менен ага үйлөнүп жашаганга келгенде даай алчу эмес. Анткени анын «каражаздык» аты бар эле. Жыйырма бешке келгенче үч курдай күйөөгө тийип, үчөөсү тең өлүп калган. Ай чырайы келинге бакыт апкелбеди. Ал бир эркектин керилген жары боло албады. Бирок сулуулугу өзүнө буюрбаган менен башкалар көрдү анын убайын. Айылга жогортон келген чоңмун дегендерге бул келин өмүр бою дасторкон жайгыч, чай сунгуч болду. Айылдын атка минерлери конок же комиссия кабарын угаар замат атын зуулдатып бу үйү да таза, өзү да сулуу келиндин үйүнө тамак-аштарын көтөрүп жетип келишчү.

Келин да буга көнгөн эле. Ар дайым ак дасторкону жуулуу, идиш аягы белен турчу. Кыздарын жалгыз баккан келиндин тиричилиги өп-чап. Мындай конок тосуудан бул атасыз үйбүлө бир топ карымжаланып алышчу. Анын айылдыктар бешенесине бадырайта жазган «каражаздык» деген атын келген коноктор кай-

дап билсин. Алардын кээлери айжамал келинге акча сунуп, белек берип, жакшы сөзүн айтып көңүлүн да көтөрүп коюп кетишчү. Сугун арткандар, аны көпкө чейин эсинен чыгара албагандары да болгон.

Ушундай, бу каражаздык келин айылдагы көптөгөн башка акжаздык келиндер аткара албаган кызматты аркалап, айылдагы атка минерлердин ажаатын ачып, өз тагдырына моюн сунуп көп жылдар өмүр өткөрдү. Багы ачылбады. Кыздары бой тартты. Эми келин өзүнүн эмес, кыздарынын тагдырын ойлой баштады. Бирөө жарым жуучу түшүп эшигимди аттаар бекен? Деген санаа келинди чырмап, уйкусун бузду. Кыздарына ай чырай эмес, бак тиледи. Бирок каражаздыктын кыздары эбак онду бүтсо да кол сураган кишиден дайын жок. Кыздарынын тагдырына биротоло кейип, айыл ичинде чындап басынган келин бир күн бул төрөлүп, өмүр бою жашаган айылынан көчүп кетүүнү чечти. Болгондо да алыс жакка. Анын «каражаздык» экенин билбеген жакка. Келин эч кимге кайда бараары тууралуу ооз ачпады. Болгону Өзбекстан тарапка энесинин туугандарын издеп жөнөдү. Бир жакынырак таякеси барын билчү, барайын деди, анан көрө жатармын деп тобокелге бел байлаган келин үйүн жакшылап кулпулап, эки кызын, кийим-кечесин алган бойдон таң эртең жолго чыкты. «Каражаздыктын» көчүп кеткени айылга бат эле тарап кетти. Келинди ачык да, көмүскө да жийиркене, жаман көз менен карагандар заматта аны жоготуп коюшту. Ага боор ооругандар да болду: «Мусапыр болуп бирөөнүн элинде кантип жүрөт?» дешип. Келин болсо азып-тозгонуна карабай бой тарткан кыздарына бак издеп, өзүнүн бешенесине жазылган кара тактын ушуларга көлөкөсү тийип калбасын деп изин суутканы көздөн кайым болгон эле.

*07. 03. 2006.*

# ЭЧКИНИ ЭЭРЧИП...

Айылдын майда жандыгы кезүү менен багылуучу. Токтожан кемпирдин үйүнө кезек сырттан окуган мугалим уулу борборго окууга кеткен учурда келип калды. Эмне кылат, бир күнчүлүк түйшүк экен, кемпир тестиер эки небере кызын ээрчитип, таягын дадил көтөрүп жөнөп калды. Алар чогулган кой, эчкилерди башкалар сыяктуу айылдын батыш жагындагы тоо тарапка айдашты. Күз мезгили күн кыска эмеспи. Малды тоого жайып, өздөрү көтөрө барган чайдөштөгү чайдан ичип, куржундагы патир нанды жегиче түш ооду. Кечке маал тоону өрдөп кеткен кой, эчкилерди топтой албай калбайлы деп чочуган кемпир эки небересине аларды ылдыйлата айдай бергиле деди. Айрыкча таштуу тоонун чокусуна чейин чыгып, караанын көрсөтпөй кеткен эчкилер кемпирдин тынчын ала баштады. Кенедей болгон эки кыз тоону көздөй чуркап кетти. Тоо түбүндө отурган кемпир эми кыздарынан чочулай баштады. Биринин карааны анча-мынча көрүнгөнсүйт, бириники такыр көрүнбөй калды. Кой, эчкилер убапчубап тоодон түшө башташты. Бир маалда тоо жаңырта кичи небересинин үнү чыкты: – Эне-ээ, – алыстан жаңырган үн жөн чыккан жок, ый менен коркунуч аралаш чыкты. Тоо түбүндө бели бекчейген кемпир кантип аскага чыгып барат. Кызы кайда экени да көрүнбөйт. Кемпирди калтырак басты, болду, болбоду аскага камалып калган. Эми кантти?! Бала да, эчки артынан кете берген окшойт. Кууп түшүрөм деген да.

Кемпир таягын таянып алып тоону көздөй ылдам жөнөдү, баятан тизесин ооруду деп кармап отурган, ашысын унутту. Жолдон улуу небереси ага кошулду, экөө үн чыккан тарапты издеп басышты. Небереси болсо күн кеч кирген сайын тез-тез тоо жаңырта «энелей», «эжелей» баштады. Кайда экени көрүнбөйт. «Эчкини ээрчиген эси жок кыз» ушинтип күбүрөнгөн кемпирдин санаасы санга бөлүндү. Кайдан ары тоону көздөй жумшады буларды. Небересинин үнү саамга угулбай калды, үн дагы бир топко чейин чыкпай калды. Кемпир менен анын улуу небереси эми чындап чочуй баштады. «Эмне болду, кулап кеттиби?» Аскада камалган кыз бул маалда кыйкыра берип чарчап, үнү да кардыгып, бетин эки алаканы менен баскан бойдон эки жагын карангандан да коркуп отуруп калган эле. Ылдый жагы жалама зоо, өөдө жагы көрүнбөйт, эки капталына өткөнгө жол жок бу кыз эмне кылаарын билбей ташка жабышып отуруп калды. Эми катуураак кыйкыргандан да коркуп атат, тоо таштын баары жаңырыктан кулап түшчүдөй. Мунун астында бараткан топ эчкиден дайын жок. Алар эбак ылдый түшүп кетишкен эле. Бир маалда башын көтөрүп асманды карады. Асманды булут чалган, шамал да катуулай баштады. Теңтуштарынын арасында кайсы оюнду ойнобосун шамдагай, коркпогон, күчтүү кыз азыр өзүн заматта бир бечара сезип, алыска, борборго окууга кеткен атасын эстеди. Муну эми бул жерден ким көтөрүп алып кетет? Түнүчүндө калып калса эмне болот? Чоң апасы менен эжеси муну тапкан күндө да бул жерден түшүрүп алып кете албайт. Кыз кыйкыра бергенден түңүлүп, ушул ойлорду ойлоп жатты.

Кыз саамдан соң оң капталына басып көрөйүн деди, бирок эки таштын кычыгына батпай койду. Үстүнө чыгайын дейт, колуна илешкен эч нерсе жок, таш жайдак. Кайра бетин басып отуруп калган кыздын көз

алдына кичинекей бөбөгү келди. Аны аябай жакшы көрчү. Ал колдорун серендетип эжеси менен ойноп жатты. Керээли кечке бир башын көтөрүп эс албаган апасы буларды курсагы ачып келет деп шашып-бушуп очокко казанын асып, күймөнүп жатса керек. Чоң энесичи, эртең менен муну эжесинен мурда биринчи ойготкон, ушул кызым, шамдагай жардам берет деп. Кыз өзүнөн болгону эки жаш улуу эжесин эстеди. Экөө үйдөгү өрүккө байланган селкинчекти талашып, кечке уруша беришчү. Мектеби, эжейи, классташтары биринен сала бири көз алдына тизилип, кыздын көмөкөйүнө жаш толуп, ушул азыр тоону жаңырта өңгүрөп ыйлап жибергиси келди.

Бул маалда добушу чыкпай калган небере кызын кантип табаарын билбей үшкүрүп отуруп калган кемпир жанындагы небересин не бар, не жок деп айылга чуркаткан эле. Чымын-куюн болуп айылга келген кыз биринчи эле жолуккан кишиге сиңдисинин аскага камалганын айтып ыйлап кирди. Үйгө жеткенче канча адамга айтканы белгисиз. Апасы ары-бери чуркап жатып эки атчан айылдашын таап, бирине өзү учкашып алып тоого заматта жетип келишти. Келди да заңкайган тоону карап алып үнүнүн баарынча кыйкырды:

– Аа-жаар!!! – Ылдыйдан чыккан бул үн бетин басып отурган кызды солк дедирди. Апасы, апасы чакырып жатат. Кыз жандана түштү:

– Аа- паа!!! – Бул үндү уккандар кыздын тоонун кайсы тарабында экенин дароо боолголошту. Эки атчан эки жактан асканы көздөй жөнөп кетти. Күүгүм тартып, ого бетер сүрдүү көрүнгөн тоону көз тешилте карыган Ажардын апасынын оюна нелер гана келбеди. Ушул тырмактай кызын үй ишине көп жумшайт эле, анан аны көп да тилдейт эле тынчың жок деп. Кыздын апасынын заматта ичи эңшерилип кетти.

Арадан көп өтпөй тоонун сол тарабына бастырган атчан жигит кызды жетелеп түшүп келатты.

Бул окуя кыздын эсинде түбөлүк калды. Бийикти көздөй таштан ташка жеңил секирген аппак эчкилер, алардын бир паста көздөн кайым болушу, кайра эле көз алдында пайда болушу кызды кийин да көп жыл эсине түшкөндө дендароо кылып жүрдү. Аскада калган бул окуя улактай так секирип ойноп жүргөн тестиер кыздын мүнөзүн да тез өзгөрткөн эле. Өлүп калуу коркунучу, өмүрдүн таттуулугу кандай экенин бала болсо да ошондо туйган кыз мурдагыдай тентек, күлкүчү, оюнкарак болбой, түнт тартып, токтолуп чоңойо түшкөн.

Ошондо аскада бүрүшүп, калчылдап турганда атчан абасы барып таш үстүнөн артылтып буга камчысын сунган. Кыз жан айласында камчыны бек кармап, ташка кантип тырмышып чыкканы эсте жок, бирок кийин колдору катуу карышып, көпкө чейин жазылбай кызды кыйнаган эле.

*26. 06. 2006.*



# ӨКСҮК

Баланы баары айтышчу: «Сен энелүү, эрке жетимсиң» дешип. Чын эле бала атасы жок болсо да тамак-аштан, кийим-кечеден кыйналбай чоңойду. Сабакты жакшы окуду. Тартиби бузулуп, энесин кыйнаган жок. Бирок сыртынан караганда кыймыл-аракети кыздардыкындай болгон, назик, созулган, түнт баланын ичинде эмне бар экенин өзүнөн башка эч ким билбейт эле. Эс тартып, аны-муну аңдай баштаган мезгилден тарта көөдөнүн тызылдаткан өксүк сезим аны ар дайым баскан кадамы сайын коштоп жүрдү. Кокус көчөдө эркектин шадылуу колун кармап, атасынан калышпай, тез-тез, кере-кере кадам коюп бараткан өзү курбал балдарды көргөндө көпкө дейре көз токтотуп карап, кадимкидей кемсинип, бою кичирейе жүдөй түшөр эле. Эстеп көрсө, бул бала бир да жолу атасы менен көчөдө кол кармашып басып көрбөптүр. Анан калса мунун атасы боюн түзөп, эркекчесинен минтип качан басканын да элестете албайт. Анын атасы качан болсо эки жагына улам алмак-салмак ооп, жыгылчудай теңселе басчу. Такыр түзөлбөдү. Муну эстегенде ар дайым ачуу ыза баланын жүрөгүн өрттөп ийет. Эмне үчүн мунун атасы элдикиндей эмес!? Мойнунан кучактап, жыттап эркелей да албады. Анткени атасынан ар дайым арактын жыты келчү. Ата жыты ага арак жыты болуп эсинде калды.

Ушундай жай турмушта булардын үйүндө атасы барда бир да тынч күн болбойт эле. Ичип келген ата-

сы менен энесинин ортосунда күн сайын жаңжал. Анан акыры айласы кеткен энеси бул согушка чекит коюуну чечти. Атасы кетти. Бирок кайда кеткени али күнчө белгисиз. Жылдар өттү. Атасынан кийин булардын үйүндө урушу жок, тынч жашоо башталганы менен, баланын ичиндеги эңшерилүү, жоктоо күн сайын күчөп жүрдү, басылбады. Бала автобус токтогон жерден кечке маал иштен үйүн көздөй шашып келаткан адамдар арасынан тамталаңдап басып келаткан мас атасын далай жолу издеди, көз талыта күттү. Мас болсо да үйгө келишин каалады. Арак жыттанса да атасынын мойнуна асылып, жыттагысы келди... Бирок атасы келген жок. Бала чоңоё берди. Үйдө апасы экөө, анан буларда бир уюу музоосу менен бар. Бала негедир өзүн ушул музоого окшото берет. Мунун да энесинен башка эч нерсеси жок. Таянганы, күткөнү энеси. Энеси да эмчегин сүткө толтуруп, ушул музоом деп адашпай, алаксыбай ар күнү кечинде үйгө энтеңдеп жетип келет. Музоонун да атасы жок. Бирок анын балачылап ичинен эзилип, кейигени байкалбайт. Энесин бир жыттап алса болду, дүйнөсү түгөл. Анткени бардык музоолордун атасы жок. А балачы, атасы бар туруп айрылды... Баарынан да өкүттүүсү теңтуштарынын аны көп теңине ала бербегени «Сен кызга окшошсуң» дешип ачык айта башташты. Бала үчүн мындан өткөн жаралуу, аялуу нерсе жок эле. Корунуп жүрүп чүнчүп кетти. Эркектей болгусу келет. Кантип? Чын эле эртели-кеч ээрчишип жүргөн энесине баскан, турганынан, сүйлөгөнүнөн өйдө окшош эле баланын. Өзү болсо атаны эңсейт...

*24. 09. 2001.*

# ЭНЕ

Райондук бейтапкананын каттоо бөлүмүндө саарлап тоо тараптагы айылдан келген кемпир бир топ отуруп калды. Качан бул жерде иштеген кыздар келе баштаганда колунда эртеден бери абайлап кармап отурган кагазды айнек тешиктен аларга сунду.

– Кызым, бу кыз силерге ооруп келип, жатып дарыланып кетиптир, оорусу эмне дарт экен балам, билип берчи?

Кемпирдин капкара болуп туурулган арык, узун колунан бүктөлгөн кагазды алып жатып ак халатчан кыз ага эч нерсе түшүнбөгөндөй бүшүркөй карады. Кагазда кыздын аты, жөнү, айылы жазылган. Кемпирге суроо узатты?

– Сиз ким болосуз, бул кызга?

– Мен бул кызды уулума кудалаганмын, сөйкөсүн салганмын, буюрса, күздө той кылабыз... Кемпир андан ары сөзүн улабай ак халатчандын оозун карап калды.

– Жакшы экен, анда эмне анын оорусун сурап жатасыз? Биз жат адамдарга дарыланып кеткендердин жөн жайын, дарты эмне экенин айта албайбыз, тартип ушундай.

– Кызым, бир нерсе кылып мага жардам берип кой, айланайын, бар мал-пулумду чачып бу кызды келин кылып алганы жатам, уулум жалгыз. Анан оорукчан келинди алып алып бекер күйүп калбайын. Өткөндө биздин айылдан бирөө доктурга жаткан экен, ошол

айтып келди мага «Сага келин болчу кыз да оорукана жатат» деп. Дарты жаман болсо, азыр кеч боло электе андан баш тарталы... уулума да түшүндүрөйүн.

– Уулуңуз аны менен сүйлөшкөнбү?

– Сүйлөшмөк тургай, сүйүшүп жүрөт. Андан бөлөктү албаймын дейт.

Ушинткен кемпир каттоочу жайда иштеген кызга бир топ жалынып жалбарды. Бирок кыз баари бир кемпир сураган маалыматты бере койбоду. Мыйзам, эрежеге шылтап туруп алды көгөрүп.

Алыс жолдон убара болуп келгенине кейип кепчип, кыжалат абалда кемпир кайра жолуна түштү. Өткөндө жанагы айылдашы да айткан эмес, кыздын эмне менен ооруп жатканын, доктурканадагы бул кыз да айтпай койду. Болду болбоду оорусу жаман дарт го, кемпирди чындап убайым басты. Анын келечек келининен күткөн үмүтү чоң эмес беле. Жалгыз уулунун башын көбөйтүп чубуртуп уулдарды, кыздарды төрөп берсе, катууну камырып, жумшакты жумуруп бу кемпирдин үйдөгү түмөн түйшүгүн колунан алса, кемпир байбиче болуп уучу узарып, картайган чакта телегейи тегиз уул, келининен үзүр көрсө... Ушул тилек менен бул аял өмүр бою жашады, өмүрү ушул тилек менен батып барат. Эми эмне кылат?

Бейтапкананын каттоо бөлүмүндө иштеген кыз аз күндө кайнене болчу кемпирдин көзүндөгү кабатырды көрүп турса да, негедир бул кемпир ага жакпады, аны жаман көрүп калды. «Эмне тыңсынат? Азыр оорубаган киши барбы?» деп.

*12. 05. 2002.*

# ДОКТУР

Айылдык доктурду жумуш ордунан таба албаган Эргеш ава түз эле анын үйүн көздөй жөнөдү. Жаз, иш маалы үйүндөдүр деди. Небересинин эти от менен жалын, эртеден бери эмчек эмбей кыйналып жатат.

Абышка жабык турган дарбазаны оболу акырын каккылады, эч ким чыга бербегенде муштуму менен катуу ура баштады. Доктур бул маалда үй артындагы жерине бала-чакасы менен тамеки көчөтүн отургузуп жаткан. Дарбазадагы дабышты уккан ал аялына катуу табыштады.

– Мени сурап келгендер болсо, айт районго кеткен деп.

Күйөөсүнүн сырын беш колдой билген келин унчукпай дарбазага жөнөдү.

– Арыба, келиним, доктур үкама келдим эле, Апастын баласы кыйналып жатат, үкөл сайбаса болчудай эмес... – Абышка келиндин бүркөө кабагына жалдырай карады.

– Үкаңиз эртең менен районго кеткен, түшкү автобус менен келип калса айтайын. – Келин абышканын жүзүнө тик бакпай жер карап сүйлөдү.

– Эмне кылсам, келээр бекен?.. Болбосо машине таап баланы районго алып жөнөш керек.

– Келиши керек, ава, – келин калп айтаарын айтып алып, бу атасындай болгон кишинин жүзүнөн айбыгып, дарбазасын кыңай жаап үйүнө кирип кеткенче шашты.

Абышка санаадан салбарып, доктурсуз үйүнө бара албай, ооруп онтоп, көзүн ачпай жаткан небереси көз алдынан кетпей, түшкү автобус келчү учу көрүнбөгөн чоң жолду айласы куруй тиктеген бойдон «шуу» үшкүрдү да арык четине отура кетти.

Ушул маалда бу көчөнү жаңырта сигнал берип селитра жүктөгөн машине келе жатты. Ачуу чыккан үндү угаар менен бу машинени эртеден бери күтүп аткан доктур ишин таштап, көчөнү көздөй атып жөнөдү. Көчөдө болсо абышка райондон келчү автобустун жолун карап, доктурду күтүп, дарбаза тушундагы арык жээгинде дагы эле кетпей отурган эле.

*04. 10. 2006.*



# «ШАМАЛ» КЕЛИН

Айылда жалгыз уулу менен жашаган дүлөй кемпир кошуна турган теңтушунун келинине көп суктанчу. Аны ичинен «шамал» келин атачу. Келин ушунчалык шайдоот кыймылдап, кайсы ишти болбосун көзду ачып жумганча бүтүрө салат. Теңтушу сөрүнүн төрүндө келини жасап берген түркүн тамактарды четинен жеп, ысык чайды буркурата ичип коюп жыргап калды. Уктаганча уктайт, анан тажаганда короосун тегерене ары-бери басат. Кийими таза, тамагы таптуу. Келини аны алаканга салып багып жатат. Уулучу, андан өтөт. Эртең менен уйкудан тураар менен энесине келет. Анын алжайын сурайт, бүгүн эмне тамак жегиси келээринен өйдө тактайт. Төшөнчү орунун, кийим-кечесин бир сыйра көздөн өткөрөт, кабак-кашын карайт. Анан очок боюнда күйпөлөктөп жүргөн аялы тарапты бир карап, атайын ага угуза энесине «бурк» этет:

– Апа, чыныңды айт, келиниң жакпаса, эртең эле башкасын алып келип коём!

Мындайда апасы уулунун чын, же тамаша сөзү экенин айырмалай албай далдырай түшөт:

– Койсоңчу, балам, мындан артык эмне, жээримди жеп, ичээримди ичип отурсам... – кемпир оңтойсуз абалда келини тарапты карап көздөрү алая түшөт. Анткени бул уулунан баарын күтсө болот. Энеси дегенде эси кетет уулунун. Бу келинге чейин экөөсүн кетирген ушул энесинин айынан. Бирин «Апама сөз кайтардың» деди, чын эле анысы тилдүү болчу. Экинчисин

«Апама түзүктөп чай бербедиң» деди. Анысы өкмөт ишинде иштегени аз келгенсип, жай кыймылдаган, илээнди эле. Эми кемпирдин кудайдан тилегени эле ушул келини төрөп-түшүп кетсе экен. Уулу ушуну менен бактылуу болсо экен. Кемпир эмне, өлөрү калды, өсөрү бар беле. Бул сандыктай оор, кара кемпир жатып алып күн сайын баласынын бактысын тилейт. Келинине жалынып жалбаргандан башка эч нерсе дебейт. Уулу болсо аялынын эмес, энесинин кабак кашын көбүрөөк карайт. Мына ушул жанда жок ынтымак эне баланын алдында келин шамалдай учуп кызмат кылат. Келин бул үйгө келген күнү эле күйөөсүнүн сырын билди. Энесин колдон келишинче сыйлап, жакшы багышы керек, антпесе багы ачылбастыгын эстүү келин түшүнгөн. Эне баланын экөөсүн тең сыйлайт келин. Бирин энесин жакшы көргөнү үчүн, бирин уулун жакшы көргөнү үчүн. Экөөнө тең жаккысы келет. Өзү да энесин жакшы көргөн уулдуу болгусу келет...

Дүлөй кемпир да издеп жүрүп, сынап жүрүп акыры шамалдай шайдоот келин таап уулун үйлөдү. Бул келин кошуна келинден да ашып түштү. Адегенде эле шымалана эркекчесинен ылай кечип, короонун көчө жактагы дубалын оңдотту. Дүлөй кемпир менен уулунун жай турмушуна бүлүк түштү. Келин күйөөсү менен кайненесин өзү менен кошуп тындырбай иштетип айласын кетирди. Үч жылда үч эркек баланы удааудаа төрөп салды. Үйдөгү бийликтин баары келиндин колуна өттү. Уулу аялы эмне десе ошону аткарат. Дүлөй кемпир алы-күчтөн тайып, кол арага жарабай калган сайын үйдө улам четке сүрүлүп отуруп, баягы кадырбаркы кетип баратты. Көп өтпөй аны эски коргондогу эски тамга бөлүп коюшту. Бул учурда жаңы коргондогу там шаңкайып бүтүп калган эле. Келини үйдөгү эч ким жетишип жасай албаган иштин баарына үлгүрчү:

килем сокчу, кийим тикчү, таар токучу, сайма сайчу анысынын баарын алып барып базарга сатчу, колхоздон жер алып уулдары менен тамеки айдачу, тамарканы гүлдөтө иштетчү, келген конокту катыра тамак жасап күтчү, деги анын күчүнө, шамдагайлыгына чек жок эле. Бирок бир гана кайненесине тамак жасап, чай-пай берип, ал жайын сурап жанында отурганга убактысы жок эле анын. Кийим кечеси кир, чачы-башы апсайган кайненесин көргөндө жүдөп кетчү. Ичинен үйдөгү бардык тазалыкты, барчылыкты ушул гана жаман жарадай жабышып, бузуп турат дечү. Колунан келсе көздөн ыраак бир жакка жеткирип салса. Анте албайт, элден уялат, эптеп багымыш болуп чыдап туруу керек. Ушинткен келин эски короого кадам басып келчү эмес. Дүлөй кемпир неберелери анда-санда алып келген тамактардан жеп коюп, эски тамында кала берди. Келип кеткен тууган уруктар да шамал келиндин таптаза, жасалгалуу үйүнөн анын майлуу тамагынан, таттуу чайынан ичип алып кете беришчү болду. Шамал келин баарын арбап, кемпир болсо сүрүлгөндөн сүрүлүп, анын бул дүйнөдө бар же жок экени да билинбей калды. Уулу да аны унутту. Ага аны бай кылып жаткан аялынын ар бир сөзү таасирдүү эле. Анын айтканын жасап жүрүп мына эл катарына кошулбадыбы, мурун ким эле, азыр ким болду. Баары мактап жатат анын аялын. Кээде энеси эске түшкөндө эски тамга бир баш багып кетет. Эски тамда тамындай эскирип, бирде ач, бирде ток болуп, качан акыркы ирет жуунганы эсинде жок кемпир кыйналып жаткан далай күндөрү, далай түндөрү: «Шамал келин тилегенче, уулума ыйман тилесемчи» деген бир гана ойду ойлоп жатты.

*10. 11. 2006.*

# АЛ ТЫН

Дарыя жээгин бойлото жайгашкан узун айылдын шалыкерлери жай бою там үстүндө укташат. Шыйпыры жок жалпак там үстү салкын, чиркейи аз, короо жаңыртып, бакылдаган бака үнүнөн оолак. Дарыянын шоокуму менен кошо келген жагымдуу шамал жаздыкка баш койгон кимди болсо да уйкуга жетелейт. Бир көчөдө катар салынган үйлөрдө бири бирине бир ата, эки ата өткөн туугандар жашачу. Буларды айылдыктар «байлар мааласи» деп коюшчу. Совет өкмөтүнө чейин бул жерде Нурмат, Нармат, Эрмат, Кошмат, Баймат деген 5 бир тууган малы коктусуна батпай, кап-кап алган күрүчү тамына тирелип байгер өмүр кечирген дешет. Анан советтиктер булардын азабын берген. Үчөөсүн кулакка тарткан, бирин жөн эле молдо экенсиң деп камаган, эң улуусу Нурмат болсо тоо таяна үйбүлөсүн алып качып кеткен. Ушинтип бул бай маала чачылып, таланып-тонолгон. Бирок атадан калган балдар, байбичелер бу мааладагы жашоону кийин кайрылып, топтолуп келип улантышкан. Кайрадан табышкан туугандар бири биринин жашоо абалы менен кабардар, айрым буюмдарын ортодо пайдаланып, жогун ортодо сатып алып, тамак-ашынан бөлүшүп дегендей бири бирине мээрбан, карамдуу эле. Эзелим дарбазасына да, каалгасына да кулпу салып көрүшкөн эмес. Бири жокто бири үйүнө көз эле. Бу көчөгө жат адам жөн жай даап басып келе алчу эмес. Байлар маалασиндеги илгерки байлык, дөөлөт чачырап турбаса

да, баари бир анын илгерки сүрү, сөөлөтү, аты көп жылдар эл ичинде сакталып жүрдү.

Эл тегиз уйкуга киргенде Кошмат байдын баласы Эрмамат кээ бир түндөрү алтындарын там үстүнө ташып чыгып, жайып алып санай берчү. Бул алтындар ага атасынан калган. Кошмат байды алып кетишкенде анын бар мал мүлкүн чычкак улагынан өйдө сүйрөп ортонун малына кошуп салышкан. Бирок малканадагы шалыпая астына катылган алтындарды байкабай калышкан. Ошол ошол болду, Кошмат байдын аялы көзү өткөнчө алтынын коруу убарасында жашаган. Анын алтыны барын эч ким билчү эмес. Баари бир уурдатып ийбейин деп чочуган аял үйүнөн бир кадам алыс чыга алчу эмес. Той-топур, жамандык-жакшылыкка баруу дегенди да унуткан эле. Бул аял өзүнүн калган 15 жылдык өмүрүн алтын коруу менен өткөргөн. Балким алтын корубаса бу аял көп жашайт беле, ким билет элүүдөн ашып ашпай кете берген. Совет өкмөтүнүн байларды кодулоосу басаңдап калгандан кийин деле бул аял кимдир бирөөлөрдөн чочуп жүрдү. Түнкүсүн ити үрсө да, же бир калпыс кичине шыбырт чыкса да чочуп, уйкусунан бүлүнүп, таң атырчу. Кокус үйүнө тууган туушкандары келип калса да алтын катылган бөлмөсүнө аларды жалгыз калтырып чыга албай калат эле. Баарынан да аял алтын кайтаргандан бери элчилеп жайкысын жан чыдатпаган ысыкта жүзүн шамалга тосуп там үстүнө чыгып, жыргап уктабай калган. Ал тердеп, тумчукса да, чиркейге таланса да, түн бою ысыктан уктай албай чыкса да алтын катылган бөлмөдө жатчу. Алтын салынган эски сандыкты ушинтип өлөр өлгүнчө коруду да, өлөөрүнө жакын уулунун колуна тапшырып, оо дүйнө кете берген. Эми уулу Эрмаматка өттү алтын коруу. Ал алтынды энесинен да көп мезгил кайтарды. Алтын кай-

таруу убарасы бу эркекти да бат картайтты. Алтындарын акырын ары-бери пулдагысы келет, көзү кыйбайт. Кыздарына, келинине аз-аздан беримиш болгон. Абышка куракка жеткенде алтындарынын толук көлөмүн аныктай албай, оюнда алтынын четинен уурдатып жаткандай убайым чеккен абышка аны улам там башына алып чыгып эсептей берчү. Эсептеп алып, кайра эле бирөө жарым алып азайтып койдубу деп кайра эле дагы эсептей берчү. Алтындарын кармалап, санаган сайын абышка демденип, күчтөнүп, эки бети албырып, буттары ыкчам басып, пакене бою бийик боло түшчү. Эрмамат чал алтын санаган түндөрү жанаша короодогу там үстүндө жаткан Нурмат байдын байбичеси менен үч кызына алтындардын айга чагылышкан нурлары чагылган сымал жалт-жулт этип көздөрүн көзөп, уйкусун качырчу.

– Абаңар алтынын дагы санап жатат. Санаганда эмне, же анысын жей албаса, же пул кыла албаса, алтыны курусун, – деп күбүрөнгөн Күмүш кемпир кыздарын уктагыла, алаксыбай, эртең жасаар жумуш көп, – деген менен өзү бир кезде чалынын көмүп коюп, кийин таба албай калган алтындарын эстей берчү. Алтынын жоготкондон кийин байы тез эле өлүп калган. Илгеркидей заман болсо булар жоготкон алтынга нелерди гана сатып алса болот эле. Күмүш кемпир өзүнүн жесир калган тартыш турмушунда жоголгон алтындарын айласыз эске түшүрчү. Жыйнаган алтындары буларга дөөлөт болбой, каскак болду.

Каткан алтынын таба албай коюп, ошонун кайгысына баткан чалы бат эле өлүп, атасынын артынан алтын издөөнү уланткан уулу кырсыкка кабылды. Азыр кошуна тамдан чагылып жаткан алтын нурлар кемпирдин как жүрөгүн тилип өткөнсүп, аны алсыратып, бүткөн боюн оорутуп жиберди. Жуурканына ба-

шын катты. Ошол түнү Эрмамат чал түн бою алтын санадыбы, же анысын жайып алып уктап калганбы, ай батканча алтын нурлар жаркылдап чыкты. Түн бою Нурмат байдын кемпири менен үч кызынын уйкусу бузулду.

Көп өтпөй Эрмамат чал алтындарын уурдатып жиберди деген сөз тымызын тарады. «Ууруну таап бер» деп чал арызданып милийсага да баралбады. Барсам өзүмдү камап коёбу деп чочуду. Алтынын алдырган чал үйүндө өз дарты өз ичинде бук түшүп жатып калды. Бир түндөн соң эки колу калчылдап, токтобой, тизеси катып бүгүлбөй, баса албай калды. Алтыны бар учурда куштай жеңил учуп, басып жүргөн чал заматта майыпка да, карыпка да айланды. Анын алтыны барын саналуу гана адамдар билчү. Бирок там үстүндө айга чагылышкан алтындын нурлары чагылган сымал айылды каптаарын алтын санап алаксыган чал байкоос алган эмес эле.

*03. 01. 2005.*



# ТРАКТОРЧУ КЕЛИНДЕР

Адатынча ат үстүндө камчысын капшыра кармаган раис аял түн катып тракторчу келиндер түнөгөн талаадагы чатыр кепеге шашып келатты. Кечээ эле бу бейбак катындарга кароолчу койбоду беле түнкүсүн кайтарганга. Эзелим камчы салдырбаган астындагы жоргосу да улам карышкыр коргонсүп жолката үркүп раисти бей-жай кылды...

Азим кароолчу аты эле болбосо, басып келген бир жанга айбаат көрсөтө албаган, оң жак колу да, буту да чолок, согуштан майып болуп келгенине жыл айлана элек жарым жан эркек эле. Керээли кечке атырылта трактор айдап, бу учу-кыйыры жок талаанын ал учунан бир учуна бири бирин караганга убактысы чакталуу келиндердин баарынын күйөөлөрү согушта. Ичсе ашка, ойносо оюнга тойбогон, денесинен жаштык, мастыктын илеби чатыраган, биринен бири өткөн сулуу, бойлуу, кылыктуу келиндер түнкүсүн денесинин талыкшый түшкөнүнө карабастан, тар кепенин ичинде, жерге төшөлгөн чөп үстүндө жатып алып, балыктай туйлаган денелери чөп-чардын сайгылаганын тоотуп койбой, үн созо ай талааны жаңыртып ырдап коё беришчү. Алардын ырын түнкү шамал анча алыс эмес айылга оңой эле жеткирчү. Ыр чыккан тарапка кулак төшөгөндөр көбөйлү. Келиндер ыры кимдидир жоктогондой, сагынгандай, чакыргандай муңдуу.

Келиндерге напси агытып, түн катып келгендердин алгачкысы айылдагы алты саны аман жалгыз эркек –

эсепчи Эргазы болду. Ал кашаң эшегин минип алып, ай жарыгында карааны элес-булак көрүнгөн чатыр кепени оңой эле таап алды. Оңбогон келиндер жин чырак да жагып коюшпаптыр. Кепе ичи көөдөй караңгы экен. Эргазы айылдан шыр чыкканы менен кепенин оозуна келгенде анын кире бериш жабуусун ача албай бир топ апкааарый түштү. Бу катар жаткан 10 келиндин ичинде мунун өзү жактырганы бар. Кепе оозуна тосулган таардын жыртыгы талаанын жайдак шамалына ары-бери делпектеп турду. Жол бою өзүн эр сезген Эргазы ушул жаман таардын жыртыгын көтөргөнгө колу жетпей, колу жетсе, күчү жетпей бир топ коомайланды. Ичкериден келиндердин үзүл-кесил ыры, күлкүсү, каткырыгы, шыбыры угулуп жатты. Эгер азыр издеп келгенин чакыра албаса, анда анын Эргазы аты өчпөйбү. Аңгыча анын баятан тынч турган эшеги кыңшылап барып, айкырып жиберди. Кепе ичиндеги күрү-күү дымый түштү. Келиндер кимдир бирөө жарымдын келгенин туюшту. Баары демин ичине катып калган эле. Эргазынын эми айласы калбады, ал көзүн жумду да тосмону ача:

– Санамбү, чык эшикке, мен Эргазымын, – дегенге араң жарады. Кепе ичиндеги тынчтык дагы бузулду. Келиндер эми Санамбүнүн эшикке чыгаар чыкпасын талкуулап жатышты. Бир даары ушунча келген соң чык дешти, бир даары айылга эртең эле уят болосуң, же бу сени аялдыкка алмак беле, андан көрө абийириң менен эриңди күт дешти. Санамбүнүн сулуу иреңи албырып, сүйүнүчпү, же күйүнүчпү белгисиз сезим дене боюн орт болуп каптап, бу Эргазынын келиши аны же кубантканын, же кейиткенин билбей дендароо абалга кабылды. Кирдей түшкөн жоолугунун сыртына чыккан чачтарын туурулган салаалары менен тарап, жоолугун оңдоп да жиберди.

Келин ушу азыр жаздын жагымдуу шамалы кош-тогон айлуу түндү айылдагы эркектердин эң алды бол-гон киши менен өткөргүсү келгенин ичинен каалап кет-ти, бу көп келиндердин оозунан түшпөгөн Эргазы му-нун ысмын айтып, түн катып издеп келип, чакырып сыртта турса, кантип чыкпай коёт. Бирок Санамбү чыга алган жок. Жаткан жеринен өйдө болду, бирок катар жаткан ушунча келиндин көзүнчө көкүрөгү сый-мыкка толуп турса да, бир кадам эшикти көздөй коё албады. Ал жүрөгүнүн каалоосун уят-намысы, эртең-ки күнү менен басып турду. «Айылдагы шагыраган ке-линдердин эч кимиси мага жок дей албайт» деп эрдем-синген Эргазы турду эшикте шагы сынып. Кепенин жыртык жабуусу өйдө көтөрүлгөн жок. Ал каалаган айдай сулуу Санамбүсү келдинби деп бурала басып чыккан жок. Кепе ичиндеги ыр, күрү-күү, күбүр-шы-быргa айланды. Эргазы эшегинен түшүп, аны кепенин казыгына таңа байлады да, жакын келип жыртык жабууну дагы бир ирет көтөрө үн катты:

– Санамбү дейм, барсыңбы?!

Бул жолу өз атын экинчи жолу уккан келин бүрүшө түштү. Жанында жаткан Жамалканды кучактап, ким-дендир коркчондой, башын жамынып жаткан чапаны-на катты.

– Чыкпайсыңбы, маалкатпай, келээри келбеси бел-гисиз болгон эринди эңсебей. Келиндердин ичинен жаак-туусу Айсара улага тараптан буйура сүйлөдү. Санамбү андан бетер Жамалкан курбусуна ыктады. Айсаранын бакылдап жатканы Эргазыга даана угулду. Күтүп-күтүп, бир маалда ындыны биротоло өчкөн Эргазы-нын кулагына ичкериде бак-бак сүйлөгөн Айсаранын үнү дагы жаңырды:

– Жалгыз бастырып келген баатырдыгын мунун, биз бул жерде 10 келинбиз, «Санамбү-ү дейт, биз ба-

арыбыз эле Санамбүдөйбүз, көрсөк чогуу көрөбүз, өлсөк чогуу өлөбүз»...

Эргазы эшегин акырын казыктан бошотту да, айылына жол алды. Келиндердин бүгүнкү түнкү ыры ошону менен бүттү окшойт, айлананы көөдөй караңгылык менен кошо жымжырттык каптады. Жымжырттыгы курусун, бу Эргазы эшеги менен келип келиндер көкүрөгүн козгоп, ичин уйгу-туйгуга салып койду. Он келин он жерде он ташпиши менен алпурушуп, бул түн алардын уйкусун бузду, тынчтыгына бүлүк салды. Таң үрүл-барал атаары менен тракторундо отуруп калчу келиндер эртеси чала уйку болуп кеч турушту.

Эртеси айылдын эң сулуу, эң мыкты делген келиндери жаткан кепеге Эргазы эсепчинин барганы тууралуу кеп эл ичине шамалдай тарап кетти. Анын барганын эшегинен башка эч ким көргөндөй болгон эмес, кимдин оозунан кеп чыкканы белгисиз. «Кечээ өзүн кыйын эсептеген Эргазы барыптыр, эми айылдагы чолок-чулактан өйдө, чал, боз балдарга чейин барбайт деп ким кепил болот?». Ушинтип убайымга түшкөн келиндердин кайын энелери Канымбү раистин каарынан коркушса да, ызаланган тейде барып анын этегине жармашышты. Коруй албаса, эмнеге талаага чыгарып иштетет, талаага түнөтөт. Байкуш келиндерди каргап-шилеп тилдеп, атып районго жиберип, окутуп ата-бабасы кылбаган тракторго мингизди бу раис катын. Ага да макул болушкан эле. Эми минтип алардын биротоло абийирин төкмөй болду.

Раиске болсо баарынан да жер убагында айдалып, эгин убагында себилиш керек. Келиндердин абийирин ал эстеп да отурбады. Кантсе да бу кайын энелердин которүлүшүн басыш үчүн Азим майыпты кепе кайтаргыч кылып койгон эле.

Эми мунусу бүгүн келиптир көгала таяк жеп, өлбөй аз жерден калганын айтып. Бу өлөсө болуп, боюн араң сүйрөп басып келген кароол сөрөйдү ачууга алдырган Раис катын да аз келгенсип камчысы менен баштан ылдый бир чаап алды:

– Нашүт гөр, десе, келгенине сураганын «ме» деп берип, доошуңду чыгарбай отура бербейсиңби, кайсы алыңа каршылык көрсөтөсүн, ошолор сени өлтүрүп кой-со сооп болмок.

Эми мунун таяк жегенин тракторчу келиндердин кайын энелери билип калса дагы чыр башталат. Раис түн катып кепе тарапка өзү жөнөгөн эле. Тээ алыстан эле муңдуу жаңырган ырдын кайрыктары бу атчан аял-га даана угула баштады.

– Озондобой отко түшкүрлөр, ырдашпай жатса өлөбү! – Ичинен ызырынган раис бу «курту кайнаган» келиндердин сазайын бермекке шашып келатты...



# МОМУШ АЗИЛКЕЧ

Согуш аяктаганына бир жылдай болуп калган. Фронтко кеткендер арасынан дайыны билинбей, кечигип жаткан Момуш коңур күздүн күндөрүнүн биринде кечке жуук айылына туз артынып кирип келди. Айылда туз тартыш эле. Учурашканы келген эл, журту анын үйүн басып эле калды. Бирөөсү аке деп, бирөөсү таяке деп, дагы бири дос деп айтор туз сурагандардын ичинен бир да жат киши жок. Алар ага миң ыраазылыгын айтып, алкап, батасын берип жатышты. Ошончо алыс жолдон мындай оор жүктү азап менен көтөрүп келгенин унутуп, өзүнө өзү ыраазы болгон Момуштун ак көңүлү кармап, жайдары. Айрыкча бул күнү келгендерге уучтап туз салып берип жаткан келинчеги Санамбүнүн оттой жанган бактылуу көздөрүнө карап, көзү тойбой, ичи элжиреп, сагынычы ашып-ташып турду.

Түлөө аяктап, эл тарап, апкелген тузунун да теңинен көбү түгөнгөндө түн кирип калган эле. Момуш тышка чыгып, бир сыйра короо тамын тегерене басып, үйүнө киргенде келинчеги идиш-аягын жыйнап, бөлмөсүн шыпырып, төшөгүн салып жатыптыр. Анын ыкчам кыймылы чырактын бүлбүл жарыгында дубалга түшкөн узун көлөкөсүнөн даана көрүнүп жатты. Төшөгүн салган соң Санамбү башынан жоолугун алды да узун чачын тарап, караңгыда араң көрүнсө да төрдөгү илинген кичинекей күзгүгө келди. Бети-башын каранып жатты... Бул маалда сырттан кирген Момуш чечинип жаткандын ордуна төшөк четине отурду да катуу үшкүрүп жиберди. Күзгүдөн бурула берген Санамбү чочуп кетти:

– Момуш, эмне болду?! Бир жериң ооруп жатабы? – Узун, коюу чачы далысына жайылган, ич көйнөкчөн Санамбү күйөөсүн кучактап калды.

Момуш келинчегинин бети-башынан аймалап өөп, бирок көзүнүн жашын андан жашырбай, ыйламсырай үн катты:

– Санамбү, мен согуштан майып болуп кайттым...– Кантип? Кайсы жериң? Эмне болуп? – Санамбү удаа-удаа суроо катып күйөөсүнүн колу-бутун, денесин сыйпалап кирди.

– Бул жерим, – Момуш шымын чечип ак чүпүрөк менен таңылуу турган жан жерин көрсөттү, – ок жулуп кетти...- Момуштун ого бетер үнү дирилдеп чыкты. Тартыла таңылган алааны ойо тиктеген Санамбүнү саамга нес басты. Бир маалда күйөөсүнүн кучагынан булкуна чыккан ал салынуу турган төшөккө боюн таштап өксөп ыйлап кирди.

Анан башын көтөрүп Момушты карады, ал болсо муну сооротунун ордуна күнөөлүүдөй баягы отурган тейде төшөк четинде бүкчүйүп калыптыр. Келин эми ичиндеги бук-арманын төгө баштады:

– Эргазы эсепчи канча артымдан чуркады эле, бир жолу да макул болбопмун, Абыш кайнагам алып эле алайын десе андан жаа бою качыпмын, Тукеш чолоктун аскерге жөнөгөн уулу бадеркесин көтөрүп канча келди, бир чыгып койбопмун, же атыр, самынын алсамчы ал боз баланын... Мен алыста күйөөм кан кечип жүрөт, мени сагынып жүрөт, ал келет, биз бала-чакалуу болуп узак жашайбыз депмин, дебей калайын, кашайган турбаймынбы, же эрден жок, же башкасынан болуп, мен сени жакшы көрчүмүн, ушул күндү, ушул түндү, ушул сааты канча жылдар эңсеп күтпөдүм беле, эми эмне кылам, кудайдын бул эмне жазасы, бирөөгө этегимди ачкан жок элем...

Келинчегинин сай-сөөктү сыздаткан сөздөрүнө, ыйына туруштук бере албай, бир маалда Момуш ордунан шак турду да каткырып күлүп жиберди. Анын күлкүсү бөлмөнү эле эмес, короону жарып, көчөгө угулду. Ал төшөктө туйлап, боздоп жаткан келинчегине жакын келип таңылган жерин чечип жиберди:

– Санамбү мен тамашалап койдум, мен эч кандай майып эмесмин, мен жөн эле сени...

Санамбүнү эми дагы саамга нес басты. Ал таңуусу чечилген жерди дагы ойо карады да күйөөсүнүн мурдатан эле ушундай азилкеч, тамашачыл экенин эстеди. Анын бу кыялын унутуп калыптыр. Көрсө, бул да күйөөсүнүн көп тамашасынын бири экен. Ошончо жыл бөлөк жакта, согуш кечип жүрсө да баягы бир сөздү жөн сүйлөбөгөн, уурту күлкүдөн арылбаган пейили калбаган тура. Муну неге ойлободу. Келин күйөөсүнө кошулуп күлө албай, же аны бу тамашасы үчүн уруша албай кыжаалат болуп туруп калды.

– Кечирип кой, Санамбү жаным, жубайым, сенин актыгыңа ишендим, сенин чынчыл, түз экениң билчүмүн, шондой болсо да бир тамашалап коёюн дебедимби...

Ыйы тып басылган Санамбү күйөөсүнө болгон узак жылдан берки сагынычын да, азыркы тамашасы үчүн таарынычын да билдире албай, чырак жарыгында төшөктүн так ортосунда отурган тейде тескери карап чачын өрүп жатты, ичинен азыр эле оозунан чыгып кеткен сөздөрү үчүн өзүн өзү жектеп жатты. Төшөк үстүнө тизелей отуруп калган Момуш болсо келинчегине жакындай албай, айласы кетип, азыркы эле тамашасы үчүн өзүн жаман көрүп турду.

Момуштун тамашасы көп эле. Анын көбү унутулду. Бирок согуштан келген биринчи түндөгү анын тамашасы эрди-катындын эси-көөнүнөн чыккыс болду.

# КАЧКЫН

Согуш башталгандан берки үчүнчү кыш Көл кылаасындагы бул айыл үчүн өзгөчө оор болду. Кыш узарып, жаз кечигип, элдин анча-мынча тапкан-тутканы түгөнүп, мукурап калды. Ачкачылык ажал болуп, эл ичинде өлүм-житим көбөйдү. Эл эшигинде мал эмес, үрүп чыгаар ит да калбады. Ач курсагына сөөктөн өткөн суук кошул-ташыл болуп, ичиндеги кайнаган жаалы бетине түктүйө чыгып Кожомберди качкын түн жамынып тоо тараптан айылына кирип келди. Калың түшкөн кар анын матыра баскан жыртык өтүгүнүн изин даана калтырып жатты. Качкын мындан демейдегидей чочуган жок. Анын азыр болгон бардык оюу эптеп бирдеме таап, курсагын тойгузуу эле. Айыл тынч, эл жаткан маал, бир гана айылдын чет жагындагы өз үйүнөн эки үй бери турган Токтожан кемпирдин очогунан болор болбос түтүн чыккансыйт, түтүн менен кошо буудай нандын жагымдуу жыты ачка Кожомбердинин мурдун алыстан эле өрдөдү. Өзүнөн өзү кантип Токтожан кемпирдин үйүнүн жанына келип калганын билбейт. Нан жыты ачка качкынды эки кадам арыда турган өз үйүнө бура бастырбай, ал саамга туруп калды. Үйүнө барса да кайдагы нан, кайдагы тамак, аялы колундагы наристеси менен адатынча ыйлап-сыктап отурса керек. Токтожан кемпир деле буга «ме» деп жалгыз токочун жөн бере салбастыр. Кожомберди ушул маалда башына келген ойдон өзү чочуп кетти. Бирок «бу кемпир ашаарын ашады, жашаарын жашады» де-

ген оюу аны жеңип баратты. Ал ичинен ушул сөздү бир канча кайталап алды да, кемпирдин эшигин катуу ачып шыр кирип барды. Токтожан кемпир жашы бир топко барып калса да тың эле. Жай, күз бою тырмалаңдап машак терип кыштык аштыгын камдап алган, ишенээр уулу согушта. Өз камын ушинтип өзү жеген кемпир күн сайын кичине токочун өзүнө ылайыктап бышырып, кемегесинин отун өчүрбөй күн кечирип келет.

Эшикти шарактата ачып Кожомберди качкын кирип келгенде ал очок башында күйпөлөктөп, токочун адатынча эл уйкуга киргенде бышырып жаткан. Качкын аталып, издөөдө жүргөн кошунасын көрүп чочуп кетти:

– Кожошсуңбу!? Сен кайдан! Кел отур! – демиш болгон кемпир очогунда жаңы бышып калган токочун калкалап, колунан аташкүрөгү түшүп кетти. Саламга келбеген Кожомберди таар четине көчүк басымыш болуп, үй ичине тегерете карап алганга үлгүрдү. Төрдөгү төшөнчү жыйылган сандык анын көзүнө урунду. Кулпулануу турган сандыкта кемпирдин аштыгы баарын сезди.

Караңгыда канталаган көзү менен тил, оозу жок, аны таң калычтуу караган кошунасынан кемпир эми чындап корко баштады. Ал очок боюндагы ташкүрөгүн кайра колуна алып, ага тап берип, кууп чыкмак болду. Бечара үлгүрбөй калды. Кожомберди томуктай арык кемпирди тоголото бир тепти да, ташкүрөк менен көк желкесине күчүнүн баарынча чапты. Ким билет, ушинтсем бат өлөт дедиби эстен танып жатып калган кемпирдин ыштанын шыпырып туруп, жан жерине ташкүрөктүн учтуу жагын батышынча сайды. Кемпирдин бырыш баскан кекиртеги дирт-дирт этип бир заматта дем албай калды. Анын жан таслим болгонуна көзү жеткен Кожомберди качкын чокто какта-

лып турган ысык токочтун тенин сындырып оозуна тыкты, теңин койнуна катты. Анан сандыкты сындыра ачып, анын ичиндеги эски калтадагы данды мойнуна артып үйдөн чыгып кетти.

Чачтары саксайып, эки буту эки жакты карап, этеги ачылып, өз канына өзү малынып жаткан кемпирди биринчи болуп Жамалкан көрдү. Ал күн сайын таң эртең келип кемпирдин очогунан чок сурап кетчү. Үйдөн атып чыккан ал оозу кургап, аптыгып калса да бар күчү менен көчөнү жаңыртып кыйкырып жатты:

– Токтожан апаны өлтүрүп кетти! Өлтүрүп кетти! – Бирок кыштын күнү эшик-терезелерин бекем жаап алган кошуналары муну оңой менен уга коюшпады. Ал колундагы чок кыпчыткычы менен туш келген кошуналарынын терезелерин каккылай баштады. Кожомберди качкындын терезесин да каккылап өттү. Түн бою уктабай Кожомберди апкелген данды сокуга жанчып, камыр жууруп калама бышырып, аны күйөөсүнүн баштыгына салып берип узаткан келин эми гана баласын эмизген тейде көзү уйкуга илинген эле. Жамалкандын ачуу үнү көчөнү каптап келатты. Муну уккан Кожомбердинин аялын тизеден ылдый калтырак басты. Кантип? Кечээги бир баштык дан үчүн кемпирди өлтүрүп койдубу? Күйөөсү буудайды кайдан апкелгенин айткан эмес. Ордунан ыргып турган келин баласынын ыйлаганын да сезбей шаша-буша кийине сыртка чыкты. Көчөдө чогулган кошуналары менен кошо Токтожан апанын үйүнө жөнөдү. Кемпирдин кандай мыкаачылык менен өлтүрүлгөндүгүн келин көп менен чогуу көрдү. Жакасын кармап, келме келтирген катын-калачтар өлүккө жакындай албай саамга туруп калышты. Бул Кожомбердинин колунан келгенине ынанган келин көп ичинде тура албай аткан октой үйүнө жетти, жетти да уулун ороп-чулгап, кийим-кечесин чогул-